Сатыбай КАРАТАЕВ

# ТАРЫХЫ ТАМШАНТКАН ИЗДЕР

ЭКИНЧИ КИТЕП



Сатыбай КАРАТАЕВ

*Таш-Көмүр шаарынын*
*70 жылдык*
*салтанатына карата*

# ТАРЫХЫ ТАМШАНТКАН ИЗДЕР

**(ЭКИНЧИ КИТЕП)**

О/З Таш-Көмүр
6124 инв

Бишкек, 2013

**Сатыбай Каратаев**

«Тарыхы тамшанткан издер» — Б.: Нур-Ас, 2013. — 224 б.

Аталган китеп Таш-Көмүр шаарынын ар он жылда жаңыртылып чыгарыла турган энциклопедиялык китепке айланып калаары шексиз, анткени шаардын юбилейлик маарекелерин белгилөөдө китептин тарыхый мааниси чоң экендиги көрүнүп турат.

Бул китепке акыркы он жыл аралыгындагы жаңы ачылган мекеме, ишканалар жана мурда калган ишканалар тууралуу маалыматтар камтылган.

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

*Сөзү: Ж.Садыков, Ш.Кулуевдики,*
*Музыкасы : Н.Давлесов, К. Молдобасановдуку.*

Ак мөңгүлүү аска,зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*

Алгалай бер кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип.
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма:*

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиресин эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата-салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма:*

## Таш-Көмүр шаарынын ураан ыры

*Сөзү: С.Каратаев, Б.Арстанкулов, О.Соурбаевдики*

Эчен кылым кол тийбеген ысык жер,
Эмгек менен шаар болду улуу төр.
Электр бар көмүр кени кремний,
Таң калтырат бүт дүйнөнү биздин эл.

*Кайырма:*

Алгала замандаштар мезгил менен,
Алдыда жаңылыктар биз издеген.
Ийгилик иштерибиз арбын болуп,
Элибиз сыймыктансын биз менен.

Тоолору бар туш тарабы чеп коргон,
Толкуйт Наарын мээнет менен ГЭС болгон.
Дүйнө эли көңүл бөлүп отурат,
Таш-Көмүрүм урмат-сыйга жык толгон.

*Кайырма:*

Бакыт толгон шаарым кени кенен,
Ырыскысы эч убакта кемибеген.
Түркүн улут ынтымагын жаратып,
Жашайбыз биз — элим үчүн, элим менен!

*Кайырма:*

*(Шаардын ураан ыры эл депутаттарынын шаардык
Кеңешинин 1998-жылдын 30-январындагы
XVIII сессиясында бекитилген)*

# ӨТКӨНГӨ УРМАТ, КЕЛЕЧЕККЕ БАГЫТ

**Таш-Көмүр шаарынын мэри Б.Б. Миңбаевдин
Таш-Көмүр шаарынын 70 жылдыгын
майрамдоого карата шаардыктарга
КАЙРЫЛУУСУ**

Урматтуу шаарыбыздын тургундары! Биздин алдыбызда белгилүү даталардын бири Таш-Комүр шаарынын 70 жылдык салтанатын тосуп алуу милдети турат.

Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгү элибиздин эркин жашоосуна өзүнүн чоң өбөлгөсүн түзүп, мамлекеттүүлүгүздүн дүйнөлүк маниде таанылышына, башка элдеринин жана өлколөрүнүн саясий, экономикалык, маданий турмушу менен кеңири таанышууга жол ача алды. Мунун озү БУУнун, ЮНЕСКОнун жана дүйнө өлкөлөрүнүн Кыргыз Республикасынын өз алдынча эркин мамлекет катары тең ата таанылышы себеп болуп отурат.

Айрыкча быйылкы жылда ШКУ (ШОС) Саммитинин Кыргыз Республикасында болуп өтүшү элибиздин экономикалык, маданий жактан өнүккөн, өз тагдырыбызды өзүбүз чече алган мамлекет экендигинин дагы бир көрүнүшү катары кароого болот.

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмаз Шаршенович Атамбаев белгилегендей быйыл «Иштерман» жылында шаарыбызда да бир топ алга жылуулардын бар экендигине токтолбой кетүүгө болбос.

Шаарыбызда өнөр жай өндүрүшүнүн алга жылуусу башталды. Алсак акыркы эки жыл аралыгында шаарда көмүр өндүрүү дээрлик 3 эсеге өстү, ал эми элди маданияттуу тейлөө тармактары улам кеңейип, жеке ишкерлер тарабынан кичи маркеттер, ресторандар, дүкөндөр жана башка соода борборлору ачылып, элдин жашоо шарты бир топ жакшыра баштады.

Шаарды аталар түптөштү, эми биз ошол түптөлгөн шаардын беделине доо кетирбей андан ары өнүктүрүү үчүн акыйкат башкарууну колго алуу менен биринчи кезекте шаардагы

жумушсуздукту жоюп, ишке жарамдуу ар бир атуулду жумуш менен камсыз кылуунун аракетин көрүшүбүз керек.

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан белгилеген Кыргыз Республикасынын 2017-жылга чейинки өнүгүүсүнүн жол картасынын (стратегиясынын) алкагында иш жүргүзүү зарыл.

Шаардын 70 жылдыгын майрамдап жатып, шаар тарыхы туралуу азыноолак сөз козгосок туура болчудай.

Таш-Көмүр шаарчасы 1936-жылдын 29-майында «Нарын» руднигинин кеңешмесиндеги долбоордо кабыл алынган.

Анда 764820 метр куб бир жана эки кабаттуу турак үйлөрдү, коомдук тейлөө үйлөрүн: бир оорукана, 4 бакча, 5 бала бакча, 3 мектеп, бир клуб, бир мончо, 3 кир жуучу жай, бир шаарча кеңешинин кеңсеси, бир өрт өчүрүү депосу, 3 ашкана, бир нaабайкана, 2 дүкөн, бир дыйкан үйүн куру каралган.

1935-жылы 29-октябрда Кыргыз ССР Борбордук Аткаруу Комитетинин Указына ылайык «Нарын» кен башкармалыгынын жумушчу шаарчасынын алкагында Таш-Көмүр району түзүлдү.

Таш-Көмүр райондун борбору катары 1942-жылдын 11-ноябрына чейин сакталып, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Жаңы-Жол району аталып, борбору Чоң-Ак-Жол, башкача айтканда азыркы Жаңы-Жол айылына көчүрүлөт.

Ушул эле Указ менен Таш-Көмүр жумушчу шаарчасы Таш-Көмүр районунан бөлүнүп, областтык баш ийүүдөгү шаарча болуп түзүлгөн.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1943-жылдын 15-апрелиндеги Указынын негизинде Жалал-Абад областынын Жаңы-Жол районундагы Таш-Көмүр жумушчу шаарчасы мурдагы аты сакталуу менен областтык баш ийиүүдөгү шаар болуп түзүлдү, ошого ылайык шаардык Аткаруу комитети жана шаардык Кеңеш түзүлгөн. Шааpаткомунда жалпы бөлүм, өздүк стол, пландоо комиссиясынын инспектору, маданий массалык иштер боюнча инспектор жана архитектор болгон.

Шаардын калкы 1948-жылы 7108 адамды түзгөн. 1965-1968-жылдары 7268 чарчы метр турак жай пайдаланууга берилген.

1969-жылы шаар калкы 20378 адамга жетип, оорукана комплекстери, поликлиника, 7 ден соолук, 2 фельдшердик-акушердик, 2 тез жардам, санэпидемиологиялык станциясы, дарыканалар ишке берилген.

Таш-Көмүр Кен башкармалыгы, нан заводу, турмуш-тиричилик комбинаты, басмакана, кыш заводу, дубал материалдарын жасоочу завод иштеп турган.

Кубаттуулугу 7 миң тоннага жеткен тамеки ферментөөчү завод, 3 орто жана бир сегиз жылдык мектеп, профтех окуу жайы, маданият сарайы, пионерлер үйү, «Салтанат» кинотеатры, китепкана, «Знамя Труда» көп тираждуу гезитинин имараттары ишке берилген.

1960-жылы тейлөө үйү, ар түрдүү кызмат көрсөтүүчү 37 тейлөө чекити түзүлгөн.

1979-жылы калктын саны 15756 адам болгон. Ал эми 2003-жылы шаар калкы 24300 адамды түзгөн.

Жети он жылдыкта шаар социализм курган шаарчадан, демократиялык доордон жаңы жетишкендиктердин, даңктуу келечектин дооруна бара жатат.

Шаардын 70 жылдык даңктуу тарыхы жөнүндө сөз болгондо мурдакы, азыркы муундар жөнүндө сөз кылбай кетүүгө болбос. Алар дайыма шаардыктардын көкүрөгүндө сакталат. Алсак, А.Нурматов, К.Болонбаев, В.Рукавишников, А.Кривопалов, М.Коңурбаев, П.Шейин, И.Задорожный, Е.Вайнруб, Л.Михеев, К.Муканбетов, Н.Коновалов, Л.Лепешко, К.Мусуралиев, Ж.Тентимишев, Е.Бубарь, К.Городецкая, Е.Конопелько, А.Нефедова, П.Старченко жана башкалар.

Шахтанын жылдыздары — Н.М.Стасевич, Э.Батыркулов, Акматов, Е.Я.Буянов, И.Н.Семиглазов, М.Х.Рафиков, М.Ф.Чернов, К.Урустанбеков, Ж.Игамбаев, Ж.Сасыкеев, Ч.Ташбеков, А.Янышев алгач шахтер болуп келип шаарды түптөгөндөр болсо, андан кийинки улуу муундар Социалисттик Эмгектин Баатыры К.Чыныбаев, ССР Жогорку Советинин 3 жолку депутаты М.Темирбаев, азыркы кезде жаштарга өрнөк болорлук эмгек сиңиришкен, ГЭСтердин курулушунда үзөңгүлөш иштешкен Кыргыз Эл Баатырлары А.Кабаев, Ж.Арыков сыймыгыбыз.

Шаардын 70 жылдыгын белгилеп жатып, анын тарыхына токтолуу ыйык парзыбыз.

Урматтуу, таш-көмүрлүктөр, агаин-туугандар, коноктор жана чакырылгандар! Шаардын 70 жылдык салтанаты менен өнүгүүсү Кыргызстандыктардын жана кыргыз калкынын терең кубанычы болуу менен алардын жүрөгүнөн орун алсын!

Биз ар дайым Ала-Тоо, Ата Мекенибиз үчүн кызмат кылып, Кыргыз Республикасынын ичинде экендигибизди эч качан унутпайбыз жана шаар калкы Эгемен Кыргызстандын өнүгүүсү үчүн кам көрө тургандыгына терең ишенимимди билдиремин!

***Майрамыңыздар менен!***

## КИРИШ СӨЗ

Айланасы тоолор менен куурчалган, дал ортосун бөлө жарып суу аккан, эчен кылым бут баспаган, из жатпаган ысык жер, эмгек менен шаар болот деп ким ойлоптур. Кезегинде кум, таш, анда санда камгак, чогойно баскан ээн талаанын көркке келээри адамзат жашоосуна ыйгарылганын, ыроолонгонун шаардын түптөлүүсү далилдеп турат.

Ээн талаанын кум эшилген бир таман борпоң топурактуу жолу менен анда-санда атчан, жөөлөр жол жүрүп Үч-Коргон тарапка өтүүчү кезинде «ажал талаа» аталган бул жерди карышкырлар менен каракчылар гана мекендешкен. Базар учарга өткөн анчамынча атчан-жөөлөр дал ушул ажалдуу талаада бирде карышкырга жем болушса, бирде каракчыга кабылып, тапканынан айрылып турган. Айыл мындай турсун, жылт эткен чырак, «шырт» эткен адам жашаган эмес. Алыскы чет жакаларда гана бирин экин кепелерде коңшу аймактардан келип мал баккандар турушчу.

Шаар тарыхы айтып тургандай таш көмүр кенинин чыгышына байланыштуу «Кен чыккан жердин топурагы алтын» дегендей, ошол алтын топурактуу таланы алтын колдуу адамдар көркке келтирип, канчалаган маңдай тер, эмгек күчү менен атагы алыска тараган шаарга айландырышты.

Борбор Азия чөлкөмүдөгү көмүр кенин изилдөөнүн агачкы этабы 1908-1914-жылдары башталган. Россиянын падышачылыгы мезгилинде аскердик чалгындоо менен катар геологиялык чалгындоо иштери да жүргүзүлгөн. Окумуштуу изилдөөчүлөр И.В.Мушкетов, Романовский, Иванов, Федченко, кийинчерээк Обручев, Багданович жана башкалар Орто Азияда тоо-кен өнөр жайынын мүмкүнчүлүктөрүн айтып чыгышты.

Көмүр катмарларынын бар экендигине кызыгышкан капиталисттер Петров, Бакланов, Ветражинский жана «Кызыл-Кыя» акционердик коому аймактын түндүк, түштүк бөлүктөрүн көзөмөлгө алышса, Белгиялык акционердик коом жана каптиалист Трифанов Сары-Камыш чөлкөмүн көзөмөлдөгөн.

1916-жылы Нарын дарысынын сол жээгинде «Капитальная» деп аталган штольня курулган, а 1917-жылы англиялык инженерлер темир жол курулушунун долбоорун турмушка ашырууга аракет жасашып, акча каражатынын жокутугунан, жумушчу күчүнүн жетишсиздигинен мунун баары ишке ашкан эмес.

«Трифанов шахтасынын» «№17 жана №18 казуулары ушул кезге чейин сакталып калган. Аталган шахталар 1-1,5 метр кеңдикте казылып, каражыгач түркүктөрү менен бекитилген. Иш жүргөн жерден жыйырма метр аралыкта ылайдан согулган жеркепелер жумушчулар жашоочу жай болгон. Ээлик кылуучулар жумушчуларды Үч-Коргон, Наманган тараптан жалдап келишкен.

Жумушчулардын тобу 15-30 адамдан турган. Эң чоң жумушчу санына (39 адам) капиталист Бакланов ээ болгон. Тамак-аш азыктары жана шаймандар төөлөргө жана эшектерге жүктөлүп келинген.

Шахтачылар ар бир жеркепеде адамдар 20-30дан жашашкандыктан, ысыктын күндөрүндө өз дөмдерине өздөрү кыйналышса да аргасыз ылай шыбактардын үстүндө укташкан. Чаң, кир, түтүн, караңгы жайда күрсүлдөп жөтөлүп, кургак учук менен ооругандар көп болгон. Ал эми, шахта ичинде кырсыктуу окуялар көнүмүшкө айланган.

Казылган көмүрлөр төөлөргө жүктөлүп, шахтачылардын кыйналып тапкан эмгеги капиталисттердин жана чет элдик акционердик коомдордун алтын булагы болуп агылып турган.

1918-жылы 16-мартта Түркстан Эл комиссарлар Советинин декретинин негизинде жылуулук берүүчү жана тоо-кен өнөр жайын улутташтыруу жүргөн. Акционердик жана шериктештик коомдоруна тиешелүү көмүр казуу ишканалары республикалык менчикке айландырылды.

1918-жылдын сентябрында шахтачылар «Тоо-кен жумушчулар» кесиптик кошунуна биригишип, көмүр казуу боюнча артелдерди түзүштү. Бирок, ушул жылы ызы-чуу түшкөн атышуулар, аттардын дүбүрттөрү өрөөн тынчтыгын бузду.

Таш-Көмүргө Аман-Палвандын куралчан тобу келип, көмүр казган жерлер, жеркепелер, башка нерселер бүтүндөй өрттөлүп, адамдар кыргынга учураган, айрымдар Үч-Коргон,

Наманган тарапка качып кириشти. Колуна курал алууга жөндөмдүүлөр Арстаналы Осмонбеков жетектеген Кара-Кыргыз атчандар дивизионуна кошулушту.

Таш-Көмүр 1924-жылга чейин Аман-Палван жана Рахманкулдун басмачылар тобуна каршы күрөшүү боюнча атчандар отрядынын согуштук борбору болгон.

1924-жылдын жайында көмүрчүлөрдүн алгачкы артелдери пайда болуп, мезгилдүү көмүр казуу иштерин жүргүзүшкөн.

1927-жылдан баштап пландуу геологиялык изилдөөлөр башталган. Геология комитетинин тапшырмасы менен геологдор И.И.Герасимов, В.М.Огнев тарабынан жер кыртышын геологиялык сүрөткө түшүрүү жүргүзүлгөн.

1930-1931-жыдары геолог Н.В.Иванов тарабынан кошумча геологиялык сүрөткө алуу жүргүзүлүп, «Ортоазиякөмүр» трести «Капитальная» экплуатациялык штольнясын курууну баштады. Таш-Көмүрдүн курулушу биринчи беш жылдык планга киргизилип, иш зор колдоого алынган.

1933-жылы «Капитальный» шахтасын куруу башталып, Нарын дарясына асма көпүрө салына баштаган. Көпүрөнүн узундугу 50 метр, туурасы 5 метр. Ошол эле жылы Үч-Коргон—Таш-Көмүр темир жолунун (33 чакырым) курулушу башталган.

Алгач жалгыз бой адамдарга бастырмалар, ал эми үй-бүлөлүүлөр үчүн барак тибиндеги үйлөр курула баштаган. Адамдар аба ырайынын катаал шарттарына, жумуштун оордугуна жана турмуштун кыйынчылыгына чыдап, алдыдагы жакшы күндөрдөн үмүттөнүшкөн. Ошол кезде алардан ким болуп иштейсиң деп сурагандарга: оңою ким болуп иштебегендигибизди сурагыла деп жооп беришкен.

Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин Указынын негизинде 1935-жылдын 29-октябрында жаңыдан Таш-Көмүр району түзүлүп, райондун борбору болуп Нарын руднигинин жумушчу шаарчасыТаш-Көмүр аталып калды.

1935-жылы темир жолдун курулушу бүткөрүлүп, пайдаланууга берилген болсо, ошол эле жылы 2000 адамга ылайыкташтырылган 14 барак үй, коомдук уюмдардын имараттары — оорукана, поликлиника, клуб ишке киргизилген жана Таш-Көмүр

райондун броборуна айланды. Нарындын эки жээгин туташтырган жакшы асма көпүрө бүткөрүлдү.

Курулуш өтө тез темп менен өнүгүп, турмуш-тиричилик комбинатынын административдик имараты, жардыруучу заттар (шахтада керектелүүчү) сакталуучу кампа, устакана, аткана жана механикалык цехтин имараттары курулган.

«Капитальный» шахтасынын кире бериши акталып, жумушка жөнөгөн жана жумушта кайткан шахтачыларды духовой оркестр менен узатып, тосуп алышкан. Шахтанын жумушу абдан оор, жалаң кол күчү менен болгондуктан, алардын эмгеги эл тарабынан жогору бааланган. Шахтачылардын үй-бүлөлөрү аларды согушка жөнөткөндөй узатып, кайтканда жеңиш менен келди деп тосуп алышчу.

Иш нөөмөттөрүнүн башталышы оор коңгуроону кагуу аркылуу билдирилчү. Таш-Көмүрдүн коңгуроосунун (гудок) үнү башка бир дагы кенчилердикине окшошчу эмес.

Мектеп ишке берилгенден тартып Жалал-Абад, Фрунзе, Москва, Ленинграддан шахтачылардын балдарын окутуу үчүн мугалимдер келишкен. Бул өз кезегинде шаарда кеңири билим алууга шарт түзүлгөн.

Мугалимдер мектепте сабак өтүү менен бирге ийримдерди түзүшүп, шахтачылардын көңүлдүү эс алуулары үчүн бир актылуу пьесаларады тартуулашкан. Шаардагы ийрим тарабынан коюлган алгачкы пьесалар «Гроза», «Бесприданница» жана башкалар.

Духовой оркестрдин чоңдор жана кичинекейлер тайпалары уюштурулуп, концерттер тартууланып турулган, аскердик-патриоттук иштер жүргүзүлүп, жаштар аскердик машыгууларга тез-тез тартылып турган.

Райборбордо эс алуу багын көрктөндүрүү колго алынып көчөт отургузуу, арык казуу иштери жүргүзүлүп, футбол талаасы жандуу ишке ашырыла баштаган. Шаарчанын көркү чыгып. эки кабаттуу үйдүн курулушу бүткөрүлдү, бирок тоо түбүндөгү жер кепелер али көп эле.

Шаарчанын ортосунда (азркы маданият сарайынын ордунда) базар, андан алыс эмес жерде ашкана, төмөнүрөөк жакта мончо курулган. Наабайкана (азыркы «Кыргызстан» АК банкы-

нын ордунда ), өрт өчүрүү ишканасы, андан жүз метр ылдыйраакта ат сарай жана анча чоң эмес гараж болгон.

1937-жылы шаардык басмакана түзүлүп, «Көмүр үчүн» деген алгачкы гезит кыргыз тилинде жарык көргөн, кийин ал «За уголь» деген ат менен орус тилинде жарык көрө баштаган.

1939-жылы шаарчанын аймагы кеңейип, дарактар өсүп, парк көркүнө чыга баштады. Мектептер, орукана, поликлиниканын алды шаңдуу боло баштады. Улам жеке үй куруучулардын саны арбып, шахтачылар менчик үйлөргө ээ болушту. «Түштүк» жана «Түндүк» шахталарынын курулушу аяктап, «Түндүк» шахтасынын айланасында да бир канча барак үйлөр, стандарттуу жана эки кабат имараттар, клуб, дүкөндөр курулду. Шахтада иштөө үчүн көп күч керектелгендиктен, ар бир жумушчуну үй менен камсыздоо, социалдык, маданий обьектилерди куруу колго алынып, тынымсыз аракеттер көрүлгөн. Алардын социалдык шартын оңдомоюнча ишти алдыга жылдырууга мүмкүн эмес эле.

1939-жылы февралда республиканын эмгекчилери тарабынан үчүнчү беш жылдыктын тапшырмаларын көзөмөдөө жактырылып, анда көмүр өнөр жайын өнүктүрүүгө жана кесиптик кадрларды камсыздоого чоң көңүл бурулган. Таш-Көмүр шахтачылары да көмүр казууну эки эсеге жакын көбөйтүүнү алдыга максат кылып коюшкан. Эң башкысы «Капитальный» шахтасында көмүр өндүрүүнү көбөйтүү жана «Түндүк» шахтасын мөөнөтүнөн мурда пайдаланууга берүү милдетин аткарууну көздөшкөн. Ошол жылдары безгек оорусу күч алып тургандыктан «Безгек стационары» уюштурулуп, безгек оорулуулар дарылануудан өтүшкөн.

Шаарчада сууну бочкаларда ташышкан, кийинчерээк суу түтүктөрү тартылган, бирок андагы суу киргилт болгондуктан 3-4 саат бочкаларга алып тундурушкан. Суусун кандыруу үчүн ар бир үйгө нандан жасалган квас таркатылып турулган. Маданий борбор катары клуб эсептелген. Анда кинокартиналар көрсөтүлүп, духовой оркестр же патефон коюлуп бийлер уюштурулган, өздүк көркөм чыгармачылыгынын концерттери тартууланып, Москва, Днепропетровск жана башка шаарлардан артисттер келишкен.

**Согуш жылдарында.** 1941-жылдын 22-июнунда башталган согуш алааматы башка түшкөн эң оор жылдардын башталышы таш-көмүрлүк шахтачылардын да кайгысына айланды. Оорчулук башка келгенде белди бек бууп, кайрат байлоо гана өз жеңишин берерин түшүнүп, шахтачылар жана шаарчанын эли душманга кыжыдануу менен карашкан. Мурдагыдан да күч-кайрат, аркет үрөп көмүр өндүрүшүн жогорулатууга бет алышты.

Аскер комиссариатынын анча чоң эмес коргонуна биринчи кезекте окуучу жаштар келишти. Ал кезде мектеп 9 жылдык болгон. Кызыл Аскердин катарына 9 бала ыктыярдуу кабыл алуу өтүнүчү менен кайрылышкан. Аскерге алгач машина айдоочуларды узатышкан. Узатууга жашоочулар баары келишип, райкомдун катчысы Волков катышып, жалындуу сөз сүйлөп, аскерге жөнөтүлүүчүлөрдүн демине дем кошкон.

Мектептин имараты - аскерге чакыруу пункту, күн-түн тынымсыз иш жүрүп, патефондо «Провоженье» ырдалып турду, темиржол бекетинде аскерге жөнөтүү үчүн вагондор жабдылган. Таш-Көмүр ошол учурда аскерге жөнөтүү пункту болгондуктан Жаңы-Жол, Токтогул, Ала-Бука, Чаткал райондорунан аскерге чакырылгандар да ушул жерден жөнөтүлгөн. Согуштун алгачкы эле күндөрүндө канчалаган шахтачылар согушка кеткендигине (25 пайыз) карабай, 1941-жылы 1940-жылга салыштырганда 8 миң тонна көмүр ашык жөнөтүлгөн. Эр азаматтардын оруна иштөөгө аялдар, жаш кыздар, карыялар келишти. «Капитальный» шахтасында иштешкен Лукьянова, Давыдова нөөмөт тапшырмасын 250-300 пайызга аткарышты. Ал эми алардын жолун жолдоп №3 участкасында Шандер, Соколова, Лычагина, Боровикова, Оркина тапшырмаларын үч эсеге чейин аткарышты.

Люкка жүктөө адистигине башкаларды үйрөтүү менен Лукьянова, Фекина, Быковская, Мартыненко электрослесарь кесибин кыска мөөнөттө өздөштүрүштү.

1942-жылы 1941-жылга салыштырганды 22 миң тонна көп көмүр казылды. Айыл, кыштактардан жумушчулардын агымы келе баштады, алар шахтага көмүр өндүрүүгө келишсе, шатачылар түшүм жыйноого жадамга барышты. Ушул жылы Жаңы-

Жол районунан 42,5 центнер эт, 48 центнер дан, 5 центнер май, 20 центнер картошка жана башка азык-түлүктөр шахтачыларга жөнөтүлдү.

Шаардын башкаруу структурасы менен катар маданий, социалдык тейлөө тармактары кеңейип, өндүрүш улам өнүгүп жатты. Мисалы. 1917-жылы 103 миң тонна көмүр өндүрүлсө,1941-жылы 111,0 миң тонна, 1942-жылы 133,0 миң тонна, 1943-жылы 125,1 миң тоннаны түзгөн. Ал эми 1944-жылы 136,8 миң тонна көмүр казылган. 1945-жылы шаардык Кен башкармалыгында жумушчулардын саны пландагыдан 9,8 пайызга төмөн болгон, 1948-жылы гана жумушчулардын саны толукталган. Бирок, жыгач материалдары жетишсиз эле, ошентсе да эмгек өндүрүмдүүлүгү айына 12,3 тоннага өскөн.

Шаарда шахтанын көмүр өндүрүшү менен катар башка социалдык, маданий, тейлөө жана өнөр жай обьектилери пайда болду. Темир жол бекети, автобекет, билим брүү бөлүмү, сода мекемеси, Кен башкармалыгы, санитардык эпидемиологиялык станция, оорукана. ВГСЧ, жумушчу жаштарды даяроочу кечки мектеп, архив, нан заводу, дан даярдоо конторасы, нотариус, дарыкана, жүк түшүрүп-жүктөө башкармалыгы, байланыш кеңсеси, финансы бөлүмү, прокуратура, ички иштер бөлүмү, дене тарбия жана спорт комитети, жергилктүү радио байланыш, шаардык басмакана, өрткө каршы күрөшүү командасы, Кен башкамалыгынын алдындагы автобаза, шаардык өнөр жай комбинаты, мамлекеттик ветстанция, аскер комиссариаты, мамлекеттик банк, сактык кассасы. «За уголь» шаардык гезитинин редакциясы жана башка мекеме, ишканалар иштеп шаардын аймагы улам кеңейди.

Ал кезде социализмди өнүктүрүү доору күч алгандыктан коммунисттик партиянын шааркому жергиликтүү бийликтин бийик бутагы катары эсептелген. 1943-жылы компартиянын шааркомунун биринчи катчысы болуп С.А.Аникин иштеген, жаштар комитетин Л.И.Хотенов жетектеген.

Таш-Көмүр шаардык Аткаруу Комитетинде 1943-1946-жылдары Темиров төрагалык кылган.

## Таш-Көмүр шаарынын географиялык түзүлүшү

Таш-Көмүр шаары Жалал-Абад областындагы шаар, 1943-жылы 15-апрелде негизделген. Карамагына Шамалды-Сай, Кызыл-Жар шаарчалары жана Теңдик айылы кирет. Борбору Таш-Көмүр шаары Нарын дарыясынын оң жээгинде, Бишкек-Жалал-Абад автомобиль жолунун боюнда, областтын борборунан 129 чакырым түндүк-батыш тарапта. Республиканын борборунан 450 чакырым.

Түндүк-батыш тарабы Аксы району, түндүк-чыгыш тарабы Ноокен району менен чектешет. Жалпы аянты 48,3 чарчы километр, деңиз деңгээлинен 585 метр бийиктикте. Климаттык шарты мээлүүн континенттик. Январдын орточо температурасы — 10-12 °С. Шамалдын ылдамдыгы секундасына 6-8 метр, июль айынын орточо температурасы Ɵ27,5°С. Жылдык жаан чачын 403мм.

Көп улуттуу калк жашайт. 2002-жылдагы эл каттоо боюнча шаар калкынын жалпы саны (шаарчалар менен) 41599, мунун ичинен: кыргыздар 84пайыз, орустар 3пайыз, өзбектер — 8пайыз, украиндер — 0,2пайыз, татарлар — 2пайыз, казактар — 0,1пайыз, башка улуттар — 2,7пайыз. Калктын жыштыгы 1 чарчы метр жерге 1,2 адам. Аялдар — 54пайыз, эркектер — 46пайыз.

Дыйканчылыкка жарактуу айдоо жери 897 гектар. Жайыты 706 гектар, өсүмдүктөрдөн анар, мисте, инжир, бадам, өрүк, жүзүм, шабдаалы, алма, башка бадал өсүмдүктөр өсөт. Жаныбарлардан карышкыр, түлкү, кирпи, тыйынчычкан, кашкулак, чөө, суур, суусар, андатр кескелдирик, ташбака, жылан жана башкалар, канаттуулар : бүркүт, куш, өрдөк, кекилик, кыргоол, таранчы, карга, сагызган жана башкалар бар.

Айланасын тоолор курчаган, ар түрдүү түстөгү тоо тектеринен жана кызыл аскалар, тарыхый үңкүрлөр бар. Шаар аймагында көмүр бассейинин болушу, кенди иштетүү, шаардын негизделүүсүн пайда кылган.

Шаардагы өндүрүштүк өнөр жайлардан «Таш-Көмүр», «Кристалл» мамлекеттик акционердик коомдору, «Сарыалтын», «Күч», «Аргымак», «Суусамыр», «Жеразык», «Айылкөмөк»,



*С. Каратаев - китептин автору*



*Таш-Көмүр шаарынын мэри Миңбаев Б. Б.*



*И.А.Масабиров*
*Биринчи вице-мэр*



*А.М.Темирбаева*
*Вице-мэр*



*А.Ж.Батырбеков*
*Аппарат жетекчи*



*Н.Т.Меңдалиев*
*Мэриянын "Өнөр жай*
*жана инвестиция тартуу*
*бөлүмүнүн башчысы*



***М.А.Кожогелдиев***
***Уюштуруу бөлүмүнүн***
***башкы адиси***



***Н.Боронбаев***
***Шаардык мэриянын Жалпы***
***секторунун башчысы***



***Э.С.Тажимырзаев***
***Мэриянын "экономикалык***
***өнүгүү жана инвестиция тар-***
***туу секторунун башчысы***



***М.К.Дооронкулов***
***Мэриянын инвестиция***
***боюнча жетектөөчү адиси***



***М.Н.Медетбеков***
***Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы, Жарандык коргонуу башчысынын орун басары, лейтенант***



***Б.А.Асранкулова***
***Башкы эсепчи***



***Т.Э.Эркинов***
***Курулуш, турак-жай жана коммуналдык чарба боюнча башкы адис***



***Г.Ы.Анашева***
***Социалдык тармактар б-ча жетектөөчү адиси***



***А.М.Жусубалиева***
***Мэриянын катчысы***



***Б.Ташкулов***
***Чарба башчысы***



***Б.Ахмедова***
***Жетектөөчү адис***



***Ч.У.Урматаалиев***
***Жалпы бөлүмүнүн адиси***



***Шаардык депутаттар Кеңешинин төрагасы М.С.Кулдышев***



***М.А.Сариев Аппарат жетекчи***



***А.Ж.Эргешбаева Башкы адис***



***Б.Ы.Дуйшебаева Жетектөөчү адис***



**А.А.Карабаев**
***Биринчи категориядагы адис***



***Ж.К.Кубатбекова***
***катчы***

**Шаарда алдым-жуттумдукка, алдамчылыкка, көз боемочулукка каршы күрөш күчөп, мамлекеттик-партиялык көзөмөл комитети иштеген.**

**Бул комитетте:**

1964-1969-жылга чейин Болдышев Альберт Петрович,

1969-1975-жылга чейин Кадыршаев Карабек,

1975-1981-жылга чейин Малеев Дурусбек,

1981-1990-жылга чейин Токтосунов Турусбек,

1990-1991-жылдары Кошалиев Анаш комитеттин төрагасы болушкан.

1993-жылдан 2013-жылга чейин шаардык мамлектетик администрация башчысынын орун басары, биринчи орун басары, вице-мэри болуп, «Бетеге кетет- бел калат, бектер кетет — эл калат» - дегендей, шаарда канча акимдер алмашса да он жылдан ашык убакыт бою Ы. Т. Ызабеков бир орунда үзүрлүү иштеген.

***Таш-көмүр шаардык мэриясынын жана шаардык депутаттар Кеңешинин дареги:***

***Таш-Көмүр шары, Ш. Сыдыков көчөсү, 9.***



***Темирбаев Ашырбек Мойдунович***
***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппарат***
***Жетекчисинин Биринчи орун басары***















«Ален», «Буудан», «Үмүт» акционердик коомдору, курулуп жаткан ГЭСтердин ишканасы, «Бакай-Майрам», «Тегене», «Суусамыр», жоопкерчилиги чектелген коомдору, гидросталь-конструкциялоо заводу, республикалык психоневрологиялык оорукана, үй-бүлөлүк медицина борбору, шаардык жана участкалык ооруканалар, билим берүү бөлүмү, маданият сарайы, телестанция, кинотеатр, ДОЦ, китепкана жана башка мекеме, ишканалар иштеген.

2002-2003-окуу жылында 12 орто, бир башталгыч мектеп, 4 бала бакча, бир кесиптик лицей, 2 жогорку окуу жайдын факултети жана филиалы иштеген.

Азыркы учурда 13 орто мектеп, бир башталгыч мектеп, 11 бала бакча, эки ЖОЖ, бир аймактык колледж жана бир нече өнөр жай ишканалары, курулуш мекмелери, социалдык тейлөө тармагы, маданий мекемелер, банктар жана башка мекеме, ишканалар иштеп жатат.

## Шаардын башкаруу системасы

1943-жылы шаар уюшулганда Таш-Көмүр шаардык башкаруу системасы катары компартиянын шаардык комитети жана Эл депутаттарынын шаардык Кеңеши болуп анын аткаруу комитети уюштурулган. Бул система Кыргыз Республикасы эгемендүү болгондон кийин 1991-жылы бийлик шаардык Кеңеш аркылуу жүргүзүлгөн.

1992-жылы жергиликтүү мамлекеттик администрация институту киргизилип, шаар башчысы администрация башчысы-аким болуп дайындалган. Өкүлчүлүктүү бийлик катары шаардык Кеңеш кала берди.

2001-жылы жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу системасы киргизилип, аткаруу бийлигинин башында мэрия уюштурулган.

Төмөндө 1943-жылдан берки шаардын биринчи жетекчилеринин жана өкүлчүлүк башчыларынын тизмесин беребиз:

# АРХИВНАЯ СПРАВКА

## История города Таш-Кумыр

Проект рабочего поселка Таш-Кумыр был принят на техническом совещании на руднике Нарын 29 мая 1936 г. Он был запланирован для нужд угольной промышленности.

Проектом предусматривалось строительство одно и двухэтажных жилых зданий общей кубатурой 764820 м и здания общественного сектора представлены : больница – 1, ясли – 4, детсады – 5, школы – 3, кино-клуб – 1, баня – 1, прачечная – 3, поссовет – 1, пождепо – 1, столовые – 3, хлебопекарни – 1, магазин – 2, дом колхозника – 1.

На основании Указа ЦИК Кирг. ССР от 29 октября 1935 г. был образован новый Таш-Кумырский район с центром в рабочем поселке рудника «Нарын» в Таш-Кумыре.

Население Таш-Кумырского района в 1939 г. составляло 16319 чел. Как районный центр рабочий поселок Таш-Кумыр просуществовал да 16 ноября 1942 г. Указом Президиума Верховного Совета Кирг. ССР Таш-Кумырский район был переименован в Джангс Джольский и центр района из пос. Таш-Кумыр был перенесен в с. Чон-Акджол, которое было переименовано в с. Джанги-Джол.

Протокол № 45 п. 23. Этим же Указом рабочий поселок Таш-Кумыр был выделен из состава Таш-Кумырского района и отнесен к категории рабочих поселков областного подчинения.

На основании Указа Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 15 апреля 1943 г. Рабочий поселок Таш-Кумыр Джанги-Джольского района Джалал-Абадской области преобразован в город областного подчинения, сохранив за ним прежнее наименование. (Протокол №47, п. 16.) Соответственно существующий поссовет был преобразован в горсовет и был образован горисполком.

При Таш-Кумырском горисполкоме имелись отделы,: общий отдел, личный стол, инспектор плановой комиссии, инспектор по культурно-массовой работе, архитектор.

Задачи и функции исполкома Таш-Кумырского горсовета:

- соблюдение социалистической законности,

- доведение каждого жителя города и поселка Постановления и претворения их в жизнь,

- контроль за выполнением данного решения (постоянно действующие комиссии при горисполкоме),

- координация работы отделов горисполкома, поселковых Советов городских организации, учреждений и предприятий.

Население города в 1948 г. составляло 7108 чел.

В течение 1965-68 гг. было введено в эксплуатацию 7268 кв. м. жилой площади

Население г. Таш-Кумыр на 01.01.1969 г. составляло 20378 чел.

За 1966-70 гг. введен в эксплуатацию больничный комплекс, работала поликлиника, 7 здравпунктов, 2 фельдшерско-акушерских пункта, скорой помощи, 2 санэпидемстанции, аптеки.

Функционировало объекты:

1. Рудоуправление Таш-Кумыр – объем выпускаемой продукции 891 тыс. тонн.
2. Хлебозавод – суточной мощностью 37 тонн х/булоч. Изделий в год.
3. Быткомбинат.
4. Гортипография.
5. Кирпичный завод.
6. Завод по изготовлению стеновых материалов.

Введен в эксплуатацию табачно-ферментационный завод, мощностью 7 тыс. тонн табака в год. Работали 3 средних и 1 восьмилетняя школа, профтехучилище, Дворец культуры, Дом пионеров, кинотеатр «Салтанат», городская библиотека, основанная в 1949 году, типография, основанная в 1937 г., выпускающая многотиражную газету «Знамя Труда». В 1960 г. создан Дом быта, оказывающий различные услуги населению, объединяющий 37 бытовых точек.

В 1979 году по данным переписи населения в г. Таш-Кумыр проживало 15756 чел.

В 2003 году население города составляет 24300 чел.

Основание: Ф. 323, документальные материалы Таш-Кумырского ГК партии за 1939-1991 годы.

## Таш-Көмүр шаарынын биринчи жетекчилери

| №<br>п/п | Жылдары | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Кызматы |
|---|---|---|---|
| 1 | 1938-ж. | Абдразаков (аты көрсөтүлбөгөн) | Партиянын райкомунун I катчысы |
| 2 | 1939-1940-жж. | Кулешов Петр Иванович | Партиянын райкомунун I катчысы |
| 3 | 1941-1947-жж. | Аникин Семен Алексеевич | Партиянын райкомунун I катчысы |
| 4 | 1948-1949-жж. | Кузьмин Михаил Андреевич | Партиянын райкомунун I катчысы |
| 5 | 1950-1951-жж. | Маматжанов Курбан (аты көрсөтүлбөгөн) | Партиянын райкомунун I катчысы |
| 6 | 1952-1955-жж. | Барышев Григорий Данилович | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 7 | 1956-1959-жж. | Юлдашев Казыбек | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 8 | 1960-1961-жж. | Цой Леонид Пенгирович | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 9 | 1962-ж. | Исмаилов Тешебай | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 10 | 1963-1965-жж. | Алиев Шамиль Артыкбаевич | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 11 | 1966-1967-жж. | Падерин Владимир Александрович | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 12 | 1968-1969-жж. | Абдрахманов Мырзали | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 13 | 1970-ж. | Масалиев Абсамат | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 14 | 1971-1975-жж. | Аташев Курманбек | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 15 | 1976-1984-жж. | Ибраев Маркил | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 16 | 1985-1989-жж. | Мамыров Абдуманап | Партиянын шааркомунун I катчысы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 17 | 1990-1991-жж. | Казаков Владимир Иванович | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 18 | 1991-ж. | Темирбаев Аширбек Мойдунович | Партиянын шааркомунун I катчысы |
| 19 | 1990-1992-жж. | Рыскулбеков Сонунбек Рыскулбекович | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 20 | 1992-1994-жж. | Рыскулбеков Сонунбек Рыскулбекович | Шаардык мамлекеттик администрация башчысы |
| 21 | 1994-1995-жж. | Сыдыков Шераалы Матенович | Шаардык мамлекеттик администрация башчысы |
| 22 | 1996-1999-жж. | Масиров Кошбай | Шаардык мамлекеттик администрация башчысы |
| 23 | 1999-ж. | Масаитов Исмаилов Исакович | Шаардык мамлекеттик администрация башчысы |
| 24 | 1999-2002-жж. | Жакыпбаев Маматназар Абдыкалыкович | Шаардык мамлекеттик администрация башчысы |
| 25 | 2002- 2004-жж. | Жакыпбаев Маматназар Абдыкалыкович | Шаардын мэри |
| 26 | 2004-2008-жж. | Чойбеков Шамшарбек Чойбекович | Шаардын мэри |
| 27 | 2008-2010-жж. | Мамасалиев Дүйшоналы Мамасалиевич | Шаардын мэри |
| 28 | 2010-2012-жж. | Кулдышев Мамидалы Сагимбекович | Шаардын мэри |
| 29 | 2012-ж. Ушул кезге чейин | Миңбаев Бекболот Бекназарович | Шаардын мэри |

## Таш-Көмүр шаарынын мэри
## Миңбаев Бекболот Бекназарович

1975-жылы 20-мартта Ош облусунун Таш-Көмүр шаарында шахтачынын үй бүлөсүндө туулган. Үй-бүлөлүү, үч уул, бир кыздын атасы. 1982-1990-жылы Таш-Көмүр шаарындагы Тоголок Молдо атындагы №3 орто мектебин бүтүргөн. 1990-1993-жылдары Шамалды-Сайдагы №108 КТОЖдо айдоочу, электрик кесибин бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун 1993-жылдан ушул эле ишканада механик,

1999-2005-жылдары "Курулуш" АКсында директордун орун басары.

2006-2007-жылдары РФда эмгектенип келди. 2007-2009-жылдары "AUS MOTORS" LTD ишканасында аткаруучу директор кызматында иштеген. 2009-жылдан тарта "Кумай" ачык акционердик коомунда аткаруучу директор болуп иштеди. 2004-2010-жылдары Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун тарых факультетин аяктаган. 2010-жылдан КР ЖК депутатынын жардамчысы, "Таш-Комүр" коомунун төрагасы, ал эми жергиликтүү кеңештерге шайлоолорго чейин "Мекен үчүн" коомунун төрагасы болуп иштеген. Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин 26 чакырылышынын депутаты болуп шайланды.

Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин 26 чакырылышынын ушул жылдын 28-январындагы кезексиз экинчи сессиясынын токтому менен Миңбаев Бекболот Бекназарович Таш-Көмүр шаарынын мэри болуп шайланды.

**Сыйлыктары:**

2011-жылдын 4-апрелиндеги "Апрель элдик революциясынын баатыры"

2011-жылдын 17-октябрында Кыргыз Республикасынын Президенттик Администрациясынын жетекчиси Э. Каптагаевден алкыш.

Кыргыз Республикасынын Адилет министрлиги тарабынан "Кызматташтык үчүн" медалы менен. Чүй областтык ички иштер башкармалыгы тарабынан "Кужүрмон" медалы менен сыйланган.

**Таш-Көмүр шаардык Советинин Аткаруу комитетинин Кеңешинин төрагалары**

| № п/п | Жылдары | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Кызматы |
|---|---|---|---|
| 1 | 1943-ж. | Щербина | Шаар Кеңешинин төрайымы |
| 2 | 1944-1946-жж. | Темиров Калыбек | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 3 | 1947-1949-жж. | Ломов М. | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 4 | 1950-1953-жж. | Коджебеков Амантай | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 5 | 1953-1955-жж. | Ирсалиев Мейман | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 6 | 1956-1959-жж. | Ружин Андрей Трофимович | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 7 | 1960-1961-жж. | Назаренко Н.Н. | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 8 | 1962-ж. | Алиев Шамил Артыкбаевич | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 9 | 1963-1964-жж. | Уметалиева Баркүл | Шаар Кеңешинин төрайымы |
| 10 | 1965-1968-жж. | Чернова Екатерина Антоновна | Шаар Кеңешинин төрайымы |
| 11 | 1969-1973-жж. | Кошевая В. | Шаар Кеңешинин төрайымы |
| 12 | 1974-1975-жж. | Султанбаева Клара Улукмановна | Шаар Кеңешинин төрайымы |
| 13 | 1976-1983-жж. | Ткачик Галина Алексеевна | Шаар Кеңешинин төрайымы |
| 14 | 1984-1988-жж. | Дроздова Нелли Григорьевна | Шаар Кеңешинин төрайымы |
| 15 | 1989-1990-жж. | Казаков Владимир Иванович | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 16 | 1990-1991-жж. | Рыскулбеков Сонунбек Рыскулбекович | Шаар Кеңешинин төрагасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 17 | 1991-1997-жж. | Турусбек Токтосунович | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 18 | 1997-2000-жж. | Касымалиев Байыш | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 19 | 2000-2004-ж.ж | Токтосунов Максим | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 2О | 2004-2007-жж | Кубатбеков Жалгашбай Момуналиевич | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 21 | 2007-2008-ж.ж | Токтосунов Максим Токтосунович | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 22 | 2008-2012-ж.ж | Чаргынов Анаралы Туралыевич | Шаар Кеңешинин төрагасы |
| 23 | 2012-жылдан ушул кезге чейин | Кулдышев Мамидалы Сагимбеквич | Шаар Кеңешинин төрагасы |

## Таш-Көмүр шаардык депутаттар кеңешинин төрагасы Кулдышев Мамидалы Сагинбекович

Кулдышев Мамидалы Сагинбекович 1958-жылдын 25-сентябрында Таш-Көмүр шаарында туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны. Билими жогорку, инженер куруучу, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин "Өнөр жай жана граждандык курулуш" адистигин бүтүргөн.

Эмгек жолун: 1976-жылдан 1977-жылдын 10-июлуна чейин Кызыл-Кыядагы окуу жайдын Таш-Көмүр шаарындагы №7 филиалында окуучу. 1977-1979-жылдары Советтик Аскерде кызмат өтөгөн. 1979-жылдын 17-сентябрынан 1980-жылдын 14-июлуна чейин "Таш-Көмүр" шахта башкармалыгында экинчи баскычтагы электрослесарь. 1980-жылдын 29-октябрынан 1981-жылдын 30-ноябрына чейин Таш-Көмүр шаарынын Күрп-Сай ГЭСинде үчүнчү жана төртүнчү баскычтагы электрослесарь.

1982-жылдын 19-апрелинен 1989-жылдын 26-мартына чейин Таш-Көмүр шаарында "Ошстрой" трестинин 370-ПМКсында, кийинки аталышы "Таш-Кумырстрой" трестинде звеновой, комсомолдук жаштар бригадасынын бригадири. 1989-жылдын 26-мартында СССР Эл депутаттыгына шайланып, СССР Жогорку Советинин мүчөсү.

1989-1991-жылдын 7-ноябрына чейин Москва шаарында СССР Жогорку Советинин туруктуу негизде иштөөчү комитет жана комиссияларында иштеп, СССР Жогорку Советинин архитектура жана курулуш иштери боюнча комитетинин мүчөсү.

1992-1993-жылдын 14-апрелине чейин Таш-Көмүр шаарында "Таш-Кумырстрой" трестинде башкаруучунун материалдык техникалык камсыздоо иштери боюнча орун басары.

1993-1996-жылдын 6-мартына чейин Таш-Көмүр шаарында "Таш-Кумырстрой" тресті "Курулуш" холдинг компаниясы болуп түзүлүп, коммерция маселелери боюнча вице-президент.

1996-жылдын 6-мартынан 2010-жылга чейин Таш-Көмүр шаарында "Күч" ААКынын башкармалыгынын торагасы.

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-апрелиндеги №1 жана 2010-жылдын 19-майындагы №39 Декретине ылайык Кулдышев Мамидалы Сагимбекович Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарынын мэринин милдетин аткаруучу, мэри болуп дайындалды.

2012-жылы жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоодо Таш-Көмүр шаардык Кеңешине депутат болуп, шаардык депутаттар Кеңешинин төрагалыгына болуп шайланып ушул кезге чейин иштеп келе жатат.

**Коомдук иштери:** Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин 1999,1999-2000-жылдардагы депутаты. Жалал-Абад облаcтык Кеңешинин 2000-2004-жылдагы депутаты. Учурда Таш-Көмүр шаардык Кңешинин депутаты, "Шахтер" футболдук клубунун президенти.

**Чет өлкөдө болушу.** 1991-жылы май айларында Италияда жумушчу сапарда. 2006-жылы июнь айында Германияда жумушчу сапарында. 2008-жылы июнь айында Австрияда жумушчу сапарында.

**Сыйлыктары:** 1987-жылы "Ошстрой" трестинин Ардак грамотасы, 1988-жылы ВЛКСМ Борбордук Комитетинин Ардак белгиси. 2001-жылы Таш-Көмүр шаарынын "Ардактуу атуулу" наамы, 2001-жылы Кыргыз Республикасынын. Өкмөтүнүн алдындагы Архитектура жана курулуш мамлекеттик комиссия-

сынын Ардак грамотасы, 2002-жылы Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, 2003-жылы КР Финансы министрлигинин алдындагы кирешелер боюнча комитеттин алкышы. 2004- жылы КР Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы, 2005-жылы Таш-Көмүр шаарында "Жылдын Адамы-2005" наамы, 2007-жылы Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү, эки баланын атасы. Тил билүүсү: кыргыз, орус тилдери жана сөздүк менен англисче.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин аппаратынын сапаттык курамы**

| № | Аты жөнү | Туулган жылы | улуту | Билими, адисти | Кайсы жылдан бери иштейт |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кулдышев Мамидалы Сагимбекович | 29.091958 | кыргыз | жогорку | Шаардык Кеңештин торагасы-28.12.2012ж. |
| 2 | Сариев Маматжан Алижанович | 14.051960 | кыргыз | жогорку | Жооптуу катчы-аппарат жетекчиси 11.03.2013ж. |
| 3 | Эргешбаева Айнаш Жайлообаевна | 18.111970 | кыргыз | жогорку | Башкы адис-04.08.1993ж |
| 4 | Дуйшебаева Бактыгюль Ызабековна | 14.05.1981 | кыргыз | жогорку | Жетектоочу адис-02.09.2008ж. |
| 5 | Карабаев Асылбек Аскарович | 11.08.1977 | кыргыз | жогорку | 1 катег.адис 13.07.2012ж. |
| 6 | Куватбекова Жыпаргүл Куватбековна | 14.12.1990 | кыргыз | бүтпогон жогорку | Катчы-оператор 01.02.2013ж. |
| 7 | Аширбаев Болгонбек Тажимурзаевич | 04.08.1967 | кыргыз | орто | Айдоочу 01.02.2013ж. |
| 8 | Якупова Нурила | 1967 | кыргыз | орто | Тейлоочү кызматкер 2013ж. |

## Социалдык мобилизациялоо жана эл аралык колдоолор

Шаарда социалдык мобилизациялоо жана эл аралык колдоолор жаатында бир топ аракеттер колго алынып келе жатат. Биринчи кезекте жумушсуздук үчүн болгон күрөш күч алып, калктын калың катмарында социалдык абалды оңдоо боюнча демилгелер, коомдук уюмдар, фонддор менен иштешүү, алака түзүүлөр жакшырып жатат. Алсак көчөлөрдү, суу түтүкчөлөрдү, мектептерди, ооруканаларды оңдоодо иштиктүү аракеттер калктын демилгеси менен жүзөгө ашырылып келди.

Мисалы, элдин демилгеси менен ашар ыкмасында шаарга өз агымы менн келүүчү 2 чакырымга жакын суу түтүкчөсү жаткырылып, шаардын «Түндүк», Баетов атындагы коомдук комитеттеринин калкы ичүүчү суу менен толук касыз болушту.

Ошондой эле 2001-жылы да бир топ олуттуу маселелер демилгелдер аркылуу аткарылды. Күзөмбаев атындагы № 7-мектебинин, борбордук оорукананын терапия бөлүмүнүн, Т.Үмөталиев атындагы №6-орто мектептин чатырларын жабуу боюнча түзүлгөн долбоорлор АБР тарабынан жактырылып, №7-мектепке 1728,3 миң, №6-мектепке 119,3 миң, ооруканага 350,16 миң сом каражат бөлүнүп оңдоо иштери жүргүзүлсө, шаардын «Аксы» кичирайонунун тургундарынын демилгеси менен ПРООНдун колдоосу аркылуу 54,0 миң сомго ашар ыкмасы менен жаңы автожол салынды. Аталган жол кичирайон тургундарынын жол каттамынын маселесин чечүүгө чоң көмөк берди.

2002-жылы элдик демилгелер, коомдук уюмдар, эл аралык фонддор менен иштешүүнүн натыйжасында «Аксы» кичирайонунда суу түтүкчөлөрү оңдолуп, суу менен камсыз болду, «Аксы-Келдиш» кичирайонуна электр жарыгын камсыздоо калыбына келтирилди, шаардын экологиялык абалын жакшыртуу, жакыр шартта жашаган калк катмарынын социалдык тиричилигин жакшыртуу, окмөттүк эмес уюмдарды өнүктүрүү, майып балдарды колдоону өнүктүрүү, компьютердик техникалар менен жабдуу, бала бакчалар аркылуу кайрымдуулук жардамдарды берүү, «Майып балдарды колдоо жана өнүктүрүүнү

бекемдөө» уюмдарынын иштерине шаардык демилгечилер менен ПРООН, ИСАР, Каунтерпарт Консорциум, АБР, ЛАЙФ, Урбан Институт Бишкек, Фонд «Сорос-Кыргызстан», МерсиКо, НЕД инвестициялык институттары тарабынан 2002-жылы 10144,08 миң сомдук ар түрдүү долбоорлор ишке киргизилди.

Ал эми 2003-жылы №12 орто мектебинин жамаатынын жана ата энелеринин демилгеси менен кышка карата жылуулоо иштери МерсиКо тарабынан колдоого алынып бүткөрүлсө, 2 бала бакчанын, балдардын билим борборунун, №4-гимназия мектебинин, «Салтанат» кинотеатрынын, үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун, Шамалды-Сай участкалык оорукансынын имараттары, №9-мектеп жана башка имараттарды реабилитациялоо долбоорлору АБР, МерсиКо, ФСК эл аралык уюмдарынын колдоосу аркылуу жакшырды. №1-мектептин спорт залынын жана шаардык маданият сарайынын ремонттору ЮСАИД фондунун каржылоосу менен САИП программасына ылайык жүргүзүлдү. Жалпысынан 51483,46 миң сомдук жардамдар көрсөтүлүп, иштиктүү аракеттер колго алынды.

Ушундай эле, бош турган имараттарды пайдалуу иштерге тартуу максатында көп жылдар бою пайдаланылбаган профилакторийди шаардык билим берүү бөлүмүнүн балансына өткөрүп, гимназия класстары үчүн имарат ажыратылды.

Бош калган мурдагы бала бакча ДОЦко өткөрүлүп берилди. Шаардагы өрт өчүрүү депосу МЧСтин балансына өткөрүлүп учурда оңдотулуп МЧСтин аскердик бөлүгү жайгаштырылды. Шамалды-Сайдагы №108 лицейдин имараты чек ара заставасына, бала бакча аскердик чек ара бөлүгүнө өткөрүлүп, талаптагыдай ремонттолуп эл үчүн кызмат көрсөтүлдү.

Шамалды-Сайда элдик ашар ыкмасы менен салынган жол шаарчага кирүүчү жолдун узундугун дээрлик 5-6 чакырымга кыскартты.

**Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин 26-чакырылышынын депутаттарынын сапаттык курамы 2012-жыл**

| № | Партиялуулугу | Манд. саны | Депутат-тардын ФАА | Туулган жылы, айы | Улуту | Билими, адистиги | Иштеген жери, ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | КСДП | 6 | **Эрназаров Эсенбай Токторбаевич** | 07.08.1957 | кыргыз | Жогорку, КММИ-1980-ж. Дарыгер-хирург | Таш-Көмүр аймактык оорукана дарыгери |
| 2 | | | **Камчыбеков Акылбек Арстанович** | 05.05.1959 | кыргыз | Жогорку, ФПИ-1980-ж. Инженер-куруучу | ПС ГЭС башкы директору |
| 3 | | | **Карапашова Назира Шермаматовна** | 28.04.1975 | кыргыз | Жогорку, КМУУ-1998-ж. химия мугалими | №2-орто мектептин мугалими |
| 4 | | | **Сансызбаев Сулайман Самакович** | 07.11.1957 | кыргыз | Жогорку, ФПИ-1980-ж. Инженер-куруучу | ДЭП-38 ишканасынын жетекчиси |
| 5 | | | **Кыдыршаев Мелис Карабекович** | 28.06.1967 | кыргыз | Жогорку ФПИнин К-Көл факульт. 1996 ЖАМУ ТТФ инжнер-электрик | Таш-Көмүр ГЭСтин башчысы |
| 6 | | | **Асранова Турдукан Арстановна** | 28.06.1967 | кыргыз | Жогорку КМУ 1993 математика мугалими | №12-орто мектеп директору |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Ата Мекен | 5 | **Абдрахманова Эркайым Шаршеевна** | 30.08.1960 | кыргыз | орто | Жеке ишкер |
| 8 | | | **Тасмабеков Медетбек Атамбекович** | 01.01.1982 | кыргыз | Жогорку | Жеке ишкер |
| 9 | | | **Ирсалиева Алима Коконовна** | 30.05.1963 | кыргыз | Жогорку мугалим | №2орто мектепте тарых мугалими |
| 10 | | | **Ташиев Мирлан Самарбекович** | 10.07.1980 | кыргыз | Жогорку КГУСТА «Жол кыймы-лын сактоо» адиси | «Кыргыз-ЭлитСтрой» ЖЧКнын башкы директору |
| 11 | | | **Кылыев Маданбек Соурбекович** | 20.11.1963 | кыргыз | Жогорку | ААК «Аракет» башкы инженер |
| 12 | Ата Журт | 5 | **Бектемиров Келсинбек Базаркулович** | 22.05.1980 | кыргыз | Жогорку | Убактылуу иштебейт |
| 13 | | | **Конкобаев Таалайбек Тажиматович** | 17.06.1968 | кыргыз | Жогорку | Убактылуу иштебейт |
| 14 | | | **Кадралиева Джамилия Мырзатаевна** | 17.02.1965 | кыргыз | орто | Жеке ишкер |
| 15 | | | **Абдымомунов Уланбек Омуралиевич** | 19.06.1983 | кыргыз | Жогорку | врач |
| 16 | | | **Бекмырзаев Акылбек Былжыевич** | 29.03.1955 | кыргыз | Жогорку | ААК «Аракет» Төрага |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 17 | Өнүгүү | 5 | **Уманалиев Мырзараим Осконович** | 16.01.1959 | кыргыз | Жогорку | Кызыл-Жар РЭС электро-монтер |
| 18 | | | **Азимкулов Уланбек Мамырбекович** | 17.06.1979 | кыргыз | Жогорку | «Юг строй» ЖЧКнын башкы директору |
| 19 | | | **Токоева Канчайым Канатбековна** | 25.05.1965 | кыргыз | Жогорку | Балдар искусство мектеби - директор |
| 20 | | | **Отунчиев Тапайнур Акматжанович** | 09.06.1980 | кыргыз | Бүт. жогорку | Убактылуу иштебейт |
| 21 | | | **Мансуров Нуралы Анаралиевич** | 17.03.1984 | кыргыз | Жогорку | Теңдик айыл башчы |
| 22 | Замандаш | 4 | **Кулуев Эмильбек Молдобекович** | 12.08.1961 | кыргыз | Атайын орто | «Суу Чарба» директору |
| 23 | | | **Бабатаев Сманжан Самарбекович** | 20.04.1961 | кыргыз | Бүт. жогорку | Убактылуу иштебейт |
| 24 | | | **Эргешбаева Айнура Жайлообаевна** | 03.05.1966 | кыргыз | Атайын орто | Аймактык ооруканада башкы мед. айым |
| 25 | | | **Джангиров Жылдызбек Асанбекович** | 11.07.1971 | кыргыз | Жогорку | Жеке ишкер |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 26 | ККП | 3 | **Сооронбаев Манасбек Раишбекович** | 23.05.1957 | кыргыз | Жогорку | ЖАМУ ТИПИ директору |
| 27 | | | **Кулдышев Мамидали Сагимбекович** | 15.04.1958 | кыргыз | Жогорку | Таш-Көмүр шаардык Кеңешин торагасы |
| 28 | | | **Урусова Рахима Кучуковна** | 10.10.1955 | кыргыз | Жогорку | ҮДБнун директору |
| 29 | Бүтүн Кыргызстан | 3 | **Ниязалиев Алмазбек Карыпбекович** | 10.03.1975 | кыргыз | Жогорку | Жеке ишкер |
| 30 | | | **Шайдуллаев Расулбек Сагиналиевич** | 23.05.1971 | кыргыз | Жогорку | «Эскадо» ЖЧК нын түштүк регионунун директору |
| 31 | | | **Мураталиева Салияхан Момунбековна** | 15.04.1965 | кыргыз | Жогорку | Ш-Сай «Үмүт бала бакчасынын башчысы» |

**Шааргa инвесторлор жана инвестиция керек**

Таш-Көмүр шаардык мэриянын алдында инвестиция тартуу боюнча бөлүм 1999-жылы түзүлгөн.

2000-жылы шаарга 15274 миң сом инвестиция тартылган.

Мунун ичинен:

-Банктык — 7801 миң сом.

-КСФК — 1900 миң сом.

-«Финка-Кыргызстан» 26290 сом.

-ПРООН — 2103,0 миң сом

-«Тамара — Кредит» - КС- 411,0 миң сом ж.б.

2001-жылы инвестициялардын агымы көбөйүп аны натыйжалуу пайдалануу аркылуу шаарда 3 жаңы кредиттик союздар — «Төлөгөн Ата мурасы», «Алымбек», «РНМ» түзүлдү.

-Банктар аркылуу 13245,0 миң;

-КСФК — 700,0 миң;

-КС- 3798,0 миң;

-ПРООН -592,0 миң сом, бардыгы 15956, миң сом инвестиция алынып келинди.

«Кристалл» МАКы Малайзиянын «Мимос» фирмасы аркылуу 35113,0 миң сом түз инвестиция келтирди.

Ооруканалардын, мектептердин ж.б социалдык обьектилердин ремонттору үчүн дагы башка өндүрүштүк, өндүрүштүк эмес обьектилердин керектөөлөрү үчүн жалпысынан 53404 миң сом инвестициялык каражат жумшалды.

2001-жылы жеке ишкерлердин саны көбөйдү, башкача айтканда күбөлүк менен 336 адам, патенттик негизде 4612 адам иштеген жана калкка акылуу кызмат көрсөтүү 2000-жылга салыштырганда 110 пайызга аткарылган.

2003-жылдын 9 айында келген инвестициялардын көлөмү 16920 миң сом, мунун ичинен:

-өнөр жайына — 300,0 миң сом,

-айыл чарбасына - 5690,0миң сом.ю

-социалдык тармакка — 3663,0 миң сом,

-жана башка тармактарга — 7267,0 миң сом берилди.

Инвестиция тартуу бөлүмүндө 2001-2003-жылдары Ким Галина Геннадьевна, 2003-жылдан тарта Вакуленко Сергей Сергеевич инвестиция тартуу боюнча жетектөөчү адис болуп иштеп келишкен.

## Таш-Көмүр шаарынын 2010-2013-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрү.

Таш-Көмүр шаарындагы негизги экономикалык түзүлүшүнүн өндүрүш тармактарындагы акыркы үч жылдагы көрсөткүчтөрү боюнча кыскача маалымат.

| № | Өндүрүш тармагы | Өлчөө бирдиги | 2010-ж | 2011-ж | 2012-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Электр энергия чыгаруу | млн.кв. саат | 3392,8 | 4015,0 | 4132,8 |
| 2 | Көмүр өндүрүү | тн | 32154,5 | 53235,5 | 92869,2 |
| 3 | Эт өндүрүү | тн | 537 | 588 | 600 |
| 4 | Сүт өндүрүү | тн | 3329 | 3550 | 3650 |
| 5 | Жумуртка өндүрүү | миң даана | 654 | 761 | 980 |

Жалпы эл чарба тармагында нарк эсебинде 2010-жылдын жыйынтыгында 1 млрд. 940 млн. 547 миң 600 сомдук продукция өндүрүлсө, 2011-жылдын жыйынтыгында 2 млрд. 286 млн. 271 миң 800 сомдук, ал эми 2012-жылдын жыйынтыгында 1 млрд 883 млн 678 миң 200 сомдук продукция чыгарылган. Таблицада көрсотүлгөндөй 2012-жылы өндүрүш көлөмү мурунку жылдарга салыштырмалуу ашыгы менен аткарылып нарк баасында аткарылбай калган. Себеби 2012-жылдагы өндүрүлгөн электр энергиясынын сатуу баасынын арзан болушунда.

**Өнөр жай тармагы боюнча:**

Шаар боюнча 11 көмүр өндүрүүчү ишкана катталган. Алар “Таш-Көмүр” ААК, “ЮКК” ЖАК, “Тегене” . “Суусамыр” , “Зампоросата”, “Ак-Марал АРК”, “Антрацит-КОАЛ”, “Асыл-Кен”, “Чын-Асыл”, “Соода үйү”, “ШСУ” ЖЧК ишканалары.

2012-жылдын жыйынтыгында көмүр ондүрүүнүн колому 92 869 тн болсо 2013-жылдын 8 айында 90 084 тн көмүр өндүрүлдү. Шаарда көмүр өндүрүү тармагын мындан ары да жогорулатуу үчүн иш аракеттер корүлүп жатат. Бул үчүн көмүрдүн запасы жетиштүү, болжол менен 50 млн тн ашык.

Өнөр жай тармагында токтоп турган ишканалардан «Авиньен» кыргыз-казак биргелешкен жоопкерчилиги чектелген коомуна 2011-жылы 22 га, кийин 15 га, бардыгы болуп 37 га жер ажыратылып берилип заводдун курулушу башталган.

Бул курулушка чет өлкөлүк 75,3 млн долларлык же 3463,8 млн сомдук инвестиция тартылып, ишкананын өндүрүш кубаттуулугу жылына 50 миң тонна (ферросликоалюминий) продукция чыгарууга эсептелинип, 1000 жумушчу орун түзүлмөк.

Бирок 2011-жылдын апрель-июнь айларында берилген жерлерди тегиздөө, бекемдөөчү дубалдарын куруу иштери жүргүзүлүп 653 миң 276 долларлык же 30 млн 703 миң 972 сомдук жумуштар аткарылган.

Мындан сырткары 2 млн 400 миң долларлык же 112 млн 800 миң сомдук заводдун жабдыктары келип, мурунку “Кристалл” заводунда сакталып турат. Заводдун курулушу 2011-жылдын июль айынан бери акча каражатынын жоктугунан токтоп турат.

Азыркы күндө заводдун курулушун бүткөрүп ишке киргизүү үчүн инвестиция тартуу боюнча Түштүк Кореялык “ПОСКО” фирмасы менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат.

Ал эми көп жылдан бери токтоп турган “Кристалл” заводу КР Өкмөтү тарабынан 4 млн 200 миң долларга бааланып, Германиялык “Шмитд” тобуна караштуу “РИЧЧИ КЕЙДЖИ” компаниясына сатыкка коюлган.

Бирок 2013-жылдын 12-апрелинде заводдун кредиторлорунун жыйыны болуп, 4 млн 600 миң долларга сатылуусун, кредиторлорго төлонүүчү карызды 10 күндүк банк жумуш күнүндө



О/З
Таш-Көмүр
шаардык
6224

төлөп берүүсүн талап кылышып, эгерде койгон талаптар аткарылбаса 29-апрелде заводдун өзүндө кайрадан кредиторлор чогулуп бул маселени кайрадан карап чыгып өздөрү иштетүүнү колго аларын билдиришкен.

2013-жылдын 29-апрелинде кредиторлор кайрадан чогулуп жогорудагы көрсөтүлгөн компанияга коюлган талаптар аткарылбагандыгына байланыштуу, кайрадан текшерүү комиссиясын түзүшүп бул заводду КР Өкмөтү менен бирдикте өздөрү иштетүү боюнча инвесторлорду издеп иш чараларды көрүшүүдө.

Ал эми таштарды кайра иштетүүчү “Керритранс” ЖЧКсы 2010-жылдан бери акча каражаттын жоктугунан токтоп турат. Азыркы күндө ишке киргизүү боюнча бул ишкананын жетекчилиги тарабынан Казак инвесторлору менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Эгерде ишке кирсе 30 жумушчу орун түзүлөт.

Таш-Комур шаары мурунку союз мезгилинде өнүккөн өнөр жайлуу шаар болуп эсептелинген. Азыркы мезгилде да өнүгүүгө стратегиялык келечеги бар шаар. Ал үчүн жогоруда көрсөтүлгөн эки заводду ишке киргизүү боюнча инвесторлорду табуу жана көмүр өндүрүү тармагын өнүктүрүү үчүн иш алып барылууда.

Шаарга караштуу Шамлды-Сай шаарчасында жайгашкан “КГСК” ишканасы 2011-жылдан бери токтоп турган. Азыркы мезгилде жаңы ГЭС тердин курулушу башталганына байланыштуу кайрадан ишке киргизилип, 15 жумушчу орун түзүлдү.

Бул шаарчада жайгашкан таш плиталарын чыгаруучу «Гранит юг» жоопкерчилиги чектелген коомунда кошумча жаңы цех ачылып 5 жаңы жумушчу орун түзүлүп өндүрүш көлөмүн жогорулатуу боюнча иш алынып барылууда.

Шаарда жана Шамалды-Сай шаарча аймактарында орто жана чакан ишкердикти өнүктүрүү боюнча иш чаралар көрүлүүдө. Бул багытта 2012-2013 жылдар аралыгында 3 жыгачтан, 1 темирден эмерек жасоочу кичи ишканалар (цехтер) ишке киргизилип, анда 12 жаңы жумушчу орун түзүлдү.

**Айыл чарба тармагы:**

Шаарда айыл чарбасына жарактуу 854 га шарттуу сугаттык насостук станциялар аркылуу суугарылуучу жер бар, анын 651 га үлүш, 203 га жер КБФ жери.

Бул жерлерге негизинен пахта, дандык жүгөрү, жашылча, бахча өсүмдүкторү эгилет. Сугат суу беш насостук станциялар (Ак-Шар, Чүйүт-Сай, Гараж, Кудук-Сай, Ийри-Булуң) аркылуу чыгарылат.

Айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүүнүн стратегиялык багыты, майда дыйкан чабаларды бириктирип, ири кооперативдерди түзүү жана техсервистерди уюштуруу болуп саналат. Бул боюнча дыйкандар арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатат жана жакынкы жылдарда ишке ашыруу боюнча аракеттер көрүлүүдө.

Айыл чарбасынын орчундуу бөлүгүн мал чарбасы ээлейт. Мал чарбасынан алынган продукциялардын көлөмүнүн жылдан жылга стабилдүү өсүшү бул шаар жана шаарга караштуу Шамалды-Сай, Кызыл-Жар аймактык башкармалыктарындагы калктын мал чарбачылыгын өстүрүүгө көңүл бөлгондөрүнүн жыйынтыгы болуп эсептелет. Мал каттоонун жыйынтыгында 2012-жылы шаардын аймагында 4560 баш бодо мал, 39 638 баш жандык мал катталса, 2013-жылы 4628 бодо мал, 40 023 баш жандык мал катталган.

Кыргыз Республикасынын **мамлекеттик салык кызматынын Таш-Көмүр шаары боюнча башкармалыгы** 2012-жыл ичинде мамлекеттик салыктар менен төлөмдөрдү өз убагында бюджеттин киреше бөлүмүнө өндүрүүнүн үстүндө уюштуруу жана көзөмөл иштерин жүргүзүп, төмөндөгүдөй ийгиликтерге жетишти.

2012-жылдын жыйынтыгында белгиленип берилген тапшырма салык жана салык эмес төлөмдөрүнө 63 686,9 миң сом болсо, жалпы мамлекеттик казынага өндүрүлгөнү 66 275,6 миң сом болуп, берилген тапшырма 104,1 пайызга аткарылды же 2 588,7 миң сомго тапшырмадан ашыкча салык жана салык эмес түрлөрү жыйналды. Бул көрсөткүч 2011-жылдын ушул

мезгилине салыштырмалуу 10 млн. 633 миң 300 сомго көп болуп, 119,1 пайызга өсүү темпи камсыз болду.

Мунун ичинен Республикалык бюджеттен белгиленген тапшырма 30 700,6 миң сом болсо, аткарылганы 33 283,0 миң сом же 108,4 пайызды түзүп, 2 582,4 миң сомго ашыкча түшкөн жана 2011-жыл ичине салыштырмалуу 2 млн. 21 миң 100 сомго ашыкча топтолгон.

Ошондой эле жергиликтүү бюджеттен белгиленген тапшырма 32986,3 миң сом болсо, аткарылганы 32 992,6 миң сом, башкача айтканда 100,0 пайызды түзүп, берилген тапшырма 6,3 миң сомго ашыкча топтолгон жана 2011-жылдын жылдык аткарууга салыштырмалуу жергиликтүү бюджетке 8 млн. 612 миң 200 сомго көп түшкон.

Шаар боюнча жалпы **тышкы инвестициянын көлөмү 2011-жылдын жыйынтыгында 80 млн. сом болсо, 2012-жылдын жыйынтыгы менен 125 млн. 500 миң сомдук** - "Авиньен" кыргыз-казак биргелешкен ЖЧКнын курулушуна керектелүүчү 125млн 500 миң сомго 2012-жылдын 2-кварталында заводдун тетиктери алынган.

Ал эми ички инвестициянын көлөмү **2011-жылы 325 млн 936 миң сом болсо**, 2012-жылдын жыйынтыгында 549 млн. 560 миң сомго жетти. Анын ичинен капиталдык салым - 70,3 млн. сом, банктардын кредити 386 млн. 460 миң сом, мекеме-ишканалардыкы 92.80 млн. сомду түзүп, алардын ичинен өнөр жайга 120.7 млн сом, айыл чарба, кайра иштетүүгө-179.71 млн. сом. Соода-сатыкка-100.0 млн. сом, курулушка-95,1 млн. сом багытталды. Бул корсөткүчтөр элибиздин жылдан-жылга банктар менен тыгыз байланышта иш алып барып жатышкандыгын далилдейт.

Үстүбүздөгү жылы Таш-Көмүр шаарына 70 жыл толуп, маарекесин белгилөо учуруна байланыштуу баардык уюштуруу иштери кызуу жүрүп жаткан убак. Аталган мааракеге карата шаардын кире беришине атайын жасалган арканын салтанаттуу ачылышы пландаштырылып жатат.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 321-беренесине жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө» Кыргыз

Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмотүнүн 2013-жылдын 2-августундагы №318-б буйругу менен шаардын аймагындагы ГЭСтердин өндүргөн электр-энергиясын сатуудан алынуучу салыгы **(НСП)** аймактардагы салык кызматына төлөөсү так көрсөтүлгөндүктөн Таш-Көмүр шаарынын көптөгөн жылдардан бери чечилбей келген эң бир койгойлуу маселеси үстүбүздөгү жылы чечилгендигин баса белгилеп кеткибиз келет.

Ошондой эле 2013-жылы билим берүү тармагындагы эң бир жетишкендик катары шаардык №4 Токтогул атындагы орто мектебинин чатырчасын жабуу үчүн 3млн. 200 миң сом жана шаардык балдар өспүрүмдөр спорт мектебин капиталдык ремонттон өткөрүүгө 3млн. 900 миң сомдук долбоорлор түрткү берүүчү грантка өткорүлдү. **Жалпы суммасы 7 млн. сомдун тегерегинде болгон жогорудагы эки долбоорду турмушка ашырууда жергиликтүү бюджеттен 1 млн. 357 миң 700 сом өлчөмүндө акча каражаты өздүк салым катары каржыланып жатат.** Мындан сырткары АРИС аркылуу «Кичи шаарларды онүктүрүү» программасынын алкагында шаардын аймагынан №9 мектептин ашканасына эмеректерди алып берүүгө 162 миң, Кызыл-Жар шаарчасындагы «Теремок» балдар-бакчасынын чатырын жабууга 1,5 млн. сомдук долбоорлор өтүп, бул боюнча өткөзүлгөн тендердин жеңүүчүлөрү аныкталып турмушка ашырылды.

## “Кызыл-Алма ” аймактык башкармалыгы

Жалал-Абад областына караштуу Таш-Көмүр шаарында 1997-жылдын 19-ноябрында шаардык Кеңешинин 18-сессиясында каралып, шаарда “Түндүк”, “Тынчтык”, Баетов, Чыныбаев, Мендигулов атындагы, “Кызыл-Алма” аймактык коомдук өзүн-өзү башкаруу комитеттери түзүлгөн.

2008-жылы декабрь айында кайрадан каралып, шаардык Кеңештин чечиминин негизинде коомдук комитеттер, аймактык башкармалык болуп оңдолгон.

1997-жылыалгачкылардан болуп, коомдук комитеттин



*К.Мурзаева - катчы*

төрагасы Шералиев Жоробек, катчы Аргымбаева Айнура иштешкен. Ал эми 1999-жылдан 2011-жылга чейин аймактык башкармалыкка төрага болуп Мамат Алижанович Сариев иштеп келген. Катчы Аргымбаева Айнура Чотоновна.

"Кызыл-Алма" аймактык башкармалыгында 2000 ашуун калк жашайт. 1 орто мектеп, 1 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 1 бала бакча жайгашкан. Аймакта калктын 30-40 пайызы мал чарбачылык, дыйканчылык менен алектенишет, 11 көп кабаттуу үй, 16 каттедж, Шың-Сай, Кызыл-Алма айылдары, Б. Анарбаев атындагы кочо жайгашкан.

Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери Анарбаев Бакирдин ысымы 18.06.2003ж. 82-токомдун негизинде көчөгө берилген. Ал 1919-жылы туулагн, 1941-жылы 22 жашында мекенди коргоо үчүн согушка барган. 1996-жылы кайтыш болгон. 2009-жылы Таш-Көмүр шаарына караштуу аймактык башкармалыктар аралык өткөрүлгөн "Ыр кесе -2009" кароо сынагына активдүү катышкандыгы, ошондой эле маданиятты жана үрп адаттарыбызды көтөрүүгө кошкон салымы үчүн, "Кызыл-Алма" аймактык башкармалыгы баш байгеге ээ болгон. Аймактык башкармалык негизинен эл менен иштешип, шаардык мэрия, шаардык Кеңеш менен элди байланыштырып турат.

Айлана чөйрөнү тазалоо, жашылдандыруу боюнча жарыяланган 3 айлыктын жыйынтыгында ар жылы аймакта "Үлгүлүү үй" деген номинацияларга бир нече үйлөр жеңүүчүлөрдөн болуп келет.

1997-жылдан 2011-жылга чейин А. Аргымбаева үзүрлүү эмгеги үчүн, шаардык мэриянын сыйлыктары менен 2006-2008-жылдары сыйланган. 2008-жылы шайлоолого активдүү катышып, өзүн ишин так, туура аткаргандыгы үчүн Борбордук шайлоо

комиссиясынын, 2009-жылы Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматкерлеринин кесиптик майрамына карата шаардын социалдык экономикасын көтөрүүгө кошкон салымы үчүн Ардак грамоталарга ээ болгон.

Азыркы учурда аймактык башкармалыкта төрага болуп Курманалиев Дайырбек Аманалыевич, катчы Мурзаева Каирхан Тургунбаевна иштеп келүүдө.

**“Түндүк” аймактык башкармалыгы**

1997-жылы ноябрь айында “Северный” коомдук комитети негизделген. 2008-жылы декабрь айында шаардык Кеңештин 15-чи отурумунда “Түндүк” аймактык башкармалыгы деп токтом кабыл алынган.

1. Чыныбеков Мамыт — төрага 1997-2003жж.
   Медетова Гульнара — катчы 1997-2003жж.
2. Жунусов Курманбек — төрага 2003-2005жж.
   Медетова Гульнара — катчы 2003-2005жж.
3. Өмүралиев Курманалы — төрага 2005-2006жж.
   Медетова Гульнара - катчы 2005-2006жж.
4. Бабатаев Өмүржан - төрага 2006-2007жж.
   Медетова Гульнара - катчы 2006-2007жж
5. Медетова Гульнара - төрайым -2007жж
   Эгизалиева Назира — катчы -2007ж.
6. Бабатаев Өмүржан - торага 2007-2009жж
   Эгизалиева Назира — катчы -2007-2009жж.
7. Беккулиев Султан — төрага — 2010-2012жж.
   Эгизалиева Назира — катчы -2010-2012жж.
8. Керимкулов Уметалы — төрага — 2012-2013жж.
   Джанузакова Анжелика — катчы — 2012-2013жж.

“Түндүк” аймагы 14 көчөдөн турат, аймактагы жашоочулардан жалпы саны 3640 адам.

Аймактагы мекеме-ишканалар: “Юнайтед Кол Компани” ЖАК, “Тегене” ЖЧК, ШСУ, №3”Тоголок Молдо” атындагы орто мектеп, №5 “В.И. Ленин”атындагы орто мектеп, №2, №5 почта бөлүмдөрү, “Минутка”, “Наристе” бала бакчалары, “Түндүк” клубу, китепкана, №3 Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу бар.

**Чернобыль апаатынын катышуучулары**

1. Караев Толкунбек
2. Кулматов Кулжабай

**Афган согушунун катышуучулары**

1. Өмүралиев Курманалы
2. Момунов Таалай
3. Абдыкадыров Жунус
4. Боталиев Уранбек
5. Жанузаков Аманбай
6. Садыров Мамай

**Персоналдык пенсионерлер**

1. Кабаев Акбаралы Саринжиевич — Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры
2. Тойчубаев Чоймонкул — "Ленин комсомолу" сыйлыгынын лауреаты

**Андан башка жогорку сыйлыктарга ээ болгон аймактын атуулдары:**

Ирсалиев Мейман, Умбеталиев Акмат Аскарович, Баймурзаев Жаныбек, Джанузаков Сыябай, Кадыршаев Карабек, Белеков Сагынбек Самарбекович, Шералиев Болотказы, Бабатаев Өмүржан жана башкаларды атоого болот.

## Меңдигулов атындагы аймактык башкармалык

Кыргыз Республикасынын 31-36 беренелеринин негизинде Таш-Көмүр шаарында 1997-жылдын 19-ноябрында шаардык Кеңештин 17-сессиясында каралып, шаарда аймактык комдук өзүн-өзү башкаруу комитеттери түзүлгөн.

Меңдигулов атындагы коомдук комитет түзүлгөндон баштап Маматкадыров Калдар 2006-жылга чейин төрага, катчы Сарбагышова Улара иштеген. 2006-жылдан баштап төрага Режанов Асанбай төрага, жооптуу катчысы Н.Эгизалиева 2008-жылга чейин иштешти.

Чыныбаев коомдук комитетинде биринчилерден болуп төрага Бакиев Ташмамат, катчы Жапарова Айнура иштеген.

2008-жылдын декабрь айында кайрадан шаардык Кеңештин чечиминин негизинде коомдук комитеттер жоюлуп аймактык башкармалык болуп түзүлдү.



Меңдигулов атындагы аймактык башкармалыгында төрайымдыкка Субанова Аида, катчылыкка Койчуманова Аида дайындалган. 2009-жылы Кабыланов Нурадин төрага болуп иштеп турду.

2009-жылы аймактык башкармалыктардын арасында "Ыр кесе -2009" кароо сынагына активдүү катышкандыгы, ошондой эле маданиятты жана үрп адаттарыбызды көтөрүүгө кошкон салымы үчүн, Меңдигулов атындагы аймактык башкармалыгы 3-орунга ээ болгон.

2010-жылы Субанова Аида кайрадан жумуш одуна келип, Кабыланов Нурадин "Тынчтык" аймактык башкармалыгына торага болуп дайындалган.

Бардыгы болуп 16 көчө бар, жер там — 882, көп кабаттуу үйлөр — 28, эки мектеп, бир бала бакча, лицей — 1, колледж, ТИПИ, оорукана, поликлиника, төрөт үйү, ГСВ, ДОЦ, базар, 3 кредиттик союз жайгашкан.

Аймактык башкармалыгы негизинен эл менен тыгыз байланышта иштешет. Эл жана шаардык мэрия, шаардык Кеңеш менен элди байланыштырып турат. Ар жылы аймактан үлгүлүү үй, үлгүлүү көчө, мыкты мекеме деген номинациялар боюнча бир нече үйлөр, көчөлөр жана мекемелер жеңүүчүлөрдөн болуп келет.

Аймактык башкармалыгы аймактагы ар кандай жолугушуу, шайлоо, референдумдарга жашоочуларды тактап, чогултуп берет.

## “Тынчтык ” аймактык башкармалыгы



***Н.Кабыланов-төрага***

Жалал-Абад областына караштуу Таш-Көмүр шаарында 1997-жылдын 19-ноябрында шаардык Кеңешинин 18-сессиясында каралып, “Тынчтык” коомдук комитети түзүлгөн.

2008-жылы декабрь айында кайрадан каралып, шаардык Кеңештин чечиминин негизинде коомдук комитеттер, аймактык башкармалык болуп түзүлгөн. Баетов атындагыжана Тынчтык комитеттери биригип “Тынчтык” аймактык башкармалык болуп түзүлгөн. Төрайымы Ч.Шерикбаева, катчысы А.Койчуманова болушкан.

2009-жылдан бери “Тынчтык” аймактык башкармалыгына башчы болуп Кабыланов Нурадин иштеп келе жатат. Азыркы учурда катчы А.Койчуманова. “Тынчтык” аймактык башкармалыгында бардыгы болуп — 24 көчө бар. Калктын саны 9300. Аймакта мэрия, депутаттар Кеңеши жана башка жалпы 47 мекеме ишканалар, 3 орто мектеп, 1 спорттук мектеп жайгашкан. Башкармалык негизинен эл менен иштешип, эл менен мэриянын шаардык Кеңештин ортосунда көпүрө болуп келет. 2009-жылы айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү боюнча жарыяланган 3 айлыктын жыйынтыгында Жалал-Абад областы боюнча 1-даражадагы диплом менен сыйланган. 2012-жылы айлана чөйрөнү тазалоо, жашылдандыруу боюнча жарыяланган 3 айлыктын жыйынтыгында Таш-Көмүр шаары боюнча жеңүүчү деп табылып шаардын Ардак грамотасы менен сыйланган.

2013-жылы айлана-чөйрөнү тазалоо, жашылдандыруу боюнча жарыяланган 3 айлыктын жыйынтыгында Жалал-Абад областы боюнча жеңүүчү деп табылып Кыргыз Өкмөтүнүн Жалал-Абад областынын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак

грамотасы менен сыйланган. Ар жылы аймактан үлгүлүү үй, үлгүлүү көчө, мыкты мекеме, ишканалар жеңүүчүлөрдон болуп келет. Аймактын жашоочулары шаардагы болуп өткөн ар кандай жолугушууларга, шайлоо, референдумдарга активдүү катышып шаардын башка аймактарына үлгү болуп келет.

## Кызыл-Жар шаарчасы

Таш-Көмүр шаарынын карамагындагы шаарча. Жалпы аянты 0,7 миң чарчы км. Калкынын саны 2003-жылга чейин 4050 адам болгон. Шаардын борборунан 29 км аралыкта, деңиз деңгээлинен 1000 метр бийиктикте. Калктын санынын 96 пайызы кыргыз, 2 пайызы өзбек, калганы татар жана азербайжан улутундагылар. Шаарчада иш менен камсыз кылуучу өнөр жай өндүрүштүк ишканалар жок. 1962-жылы 780 орунга ылайыкташтырылган психоневрологиялык оорукана ачылган, учурда 663 медициналык кызматкер иштейт. 700 орундук мектеп, 2 дарыкана, АТС, 2 бала бакча, клуб, китепкана, ветеринардык пункт, суу ишканасы, участкалык электр тармагы, базар, 2 тегирмен иштеп турган.

Кызыл-Жар шаарча Кеңешинде 13 депутат, Аялдар кеңеши, аксакалдар кеңеши, жаштар уюму, аксакалдар соту болгон.

1949-жылга чейин жергебизде жатакчылардын, жеке дыйкандардын айылы болгон. Ошол эле жылы кен чалгындоо иштери башталып, шахтанын алгачкы ташы коюлган. 1952-жылы шаарчабыз Кызыл-Жар 12 деген официалдуу статус алган. Уран кенин казуу он жыл бою жүргүзүлгөн жана шаарчабыздын дүркүрөп өнүгүшү ошол мезгилге туура келген. 1961-жылы Аксуу айылынан 1 жыл ичинде суу тартылып келинип, мектеп, клуб, амбулаториянын курулушу башталган.

1961-жылы кен казуу токтотулуп, анын базасында ООПБ, азыркы РПБ (Республикалык Психиатриялык Оорукана) ишке кирген.

**Учурда иштеп жаткан социалдык маданий объекттер:**

Почта, телеком, ГСВ-6, мектеп, клуб, суу чарба кызматы, мечит, базар, соода, тамак-аш түйүндөрү, байланыш кызматы,

балдар бакчасы, ТВ, уюлдук ретранстляторлору, компьютердик кызмат борбору, спорт комплекс, 1 тегирмен, столярдык жана тигүү цехтери иштейт.

Аралыктар: Аэропортко чейин — 40, областтык борборго, же Жалал-Абадка — 150 чакырым. Таш-Көмүр шаарына чейин 22 чакырым. Жалпы аянты 252га, калкы 2820 адам, кожолук 565.

Шаарча башкармалыгын жетектеген жетекчилердин тизмеси:

| | |
|---|---|
| **1. Черкасов В. И** | **1952-1956-ж.** |
| **2. Момунов А.** | **1956-1960-ж.** |
| **3. Шабданов А.** | **1960-1969-ж.** |
| **4. Атакулов Н.** | **1969-1973-ж.** |
| **5. Рыскулбеков С.** | **1974-1977-ж.** |
| **6. Сыргабаев Э.** | **1977-1978-Ж.** |
| **8.Шадыканов Т.** | **1978-1982-ж.** |
| **9. Досматов А.** | **1983-1986-ж.** |
| **10. Шералиев Ж.** | **1986-1988-ж.** |
| **11. Умарбеков К.** | **1988-1992-ж.** |
| **12. Эсенов К.** | **1993-1996-1999-ж.** |
| **13. Шабданов Э.** | **2000-2005-ж.** |
| **14. Багышбеков Ж.** | **2005-2006-ж.** |
| **15. Бабатаев С.** | **2006-2008-ж.** |
| **16. Молдобаев К.** | **2009-2012-ж.** |
| **17. Эсенов К. А.** | **01.08.2012-02.04.2013ж.** |
| **18. Жылтырбеков Ж.К.** | **02.04.2013-жылдан бери.** |

## Шамалды-Сай шаарчасы

Шамалды-Сай шаарчасы 1956-жылы Үч-Коргон ГЭСинин курулушу менен негизделген. Административдик бөлүнүшү боюнча Таш-Көмүр шаарына карайт. Шаардан 20 чакырым алыстыкта, Нарын дарыясынын оң жээгинен орун алган. Калктын саны 13250 адам (Теңдик айылы менен) жалпы аянты 250га. Шаарчада 5 өнөр жай ишканасы, бир кесиптик окуу жайы, 4

медициналык мекеме, 5 агартуу мекемеси иштейт. Коомдук жана саясий уюмдардан: аялдардын 1, кесиптик кошундардын 33 ардагерлердин 1 уюму бар. Финансы экономикалык жактан пайдалуу ишкана катары «КГСК», «НГЭС», «Жеразык», АК жана Шамалды-Сай ГЭСи эсептелет. Электр энергиясы, металлконструкциялары, темирбетон, жыгач буюмдары, кислород, асфальтбетон жана башка керектөөчү товарлар аталган ишканалардан чыгарылган.

Шамалды-Сай шаарчасынын төрагалары: В.П.Сергеев, Н.Т.Атакулов, Н.Н.Наркулов, В.С.Доробина, М.Т.Токтосунов, К.М.Дуспаев, А.Т.Чаргынов, Т.Э.Эркинов, учурда Садырбеков Данияр Акылович иштеп келе жатат.

## Таш-Көмүр шаарынын мэриясына караштуу Шамалды-Сай шаарчасынын аймактык башкармалыгы

1996-жылы Таш-Көмүр шаарынын мамлекеттик бийлигинин 17.05.1996-жылдагы №13 токтому менен Шамалды-Сай шаарчасында Шамалды-Сай шаарчалык Кеңеши түзүлгөн.

1998-жылдын 25-августунда Шамалды-Сай Айыл Өкмөтү аталып Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттодон өткөн жана Жободо көрсөтүлгөн иштерди жүргүзүп келген.

2009-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 94-беренесине, "Республикалык жана областтык маанидеги шаарлардын аймактарында жайгашкан администрациялык аймактыкбирдиктердижоюужөнүндөгү"КыргызРеспубликасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 10-сентябрындагы №566 токтомунун негизинде Шамалды-Сай Айыл Өкмөтү жоюлуп Таш-Көмүр шаарынын мэриясына караштуу Шамалды-Сай шаарчасынын аймактык башкармалыгы түзүлгөн жана Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өттү.

Шамалды-Сай шаарчасынын аймактык башкармалыгына 5 айыл — Теңдик, Кудук-Сай, Кызыл-Алма, Кашкулак-Сай, Чүйүт-Сай айылдары жана Шамалды-Сай шаарчасы карайт. Азыркы



мезгилде 13675 (01.04.2013-жылга) калк жашайт. Калктын

40пайыз - соода тырмагында

30пайыз - өнөр жай тармагында

30пайыз - айыл чарба тармагында алектенет.

Шаарча аймагында 4 орто мекте, 1 башталгыч класстар мектеби, 2 бала бакча, 1 музыкалык мектеп, 1 маданият үйү, 1 ФАП, 1 Жалпы дарыгерлер борбору, 2 китепкана бар.

Өнөр жай боюнча 7ишкана, Таш-Көмүр шаарынын 7 мекеме, ишканаларынын бөлүмдөрү, 11 банктын филиалдары жайгашкан. 6 соода бобору, 3 дүң соода дүкөнү, 28 чакан соода түйүндөр. 8 коомдук тамактануучу жайлар элди тейлешет.

2013-жылга шаарчада 20 тургун жумуш менен камсыз болушту:

"Гранит Юг" ЖЧКсы — 9 жумуш орун

Курулуш материалдар соода түйүнү — 3 орун

ИСИТОнун Таш-Көмүр регионалдук борбору — 8 жумушчу орун менен камсыз кылышты.

2013-жылга Шамалды-Сай шаарчасынын аймактык башкармалыгынын 12 аппарат кызматкер элдин социалдык маселелерин чечип, эмгектенип келет.

Башчы — Садырбеков Данияр Акылович

Башкы адис — Айдарбекова Саадакан Күчүкбаевна

Жетектөөчү адистер: Кулешов Болотбек Жоробекович, Орункулов Анаралы Жумакулович, Айыл башчылар: Мырзаматов Нургазы Орозбаевич, Кожомкулов Аман Кубаталиевич, Маматалиев Кошалы, Мансуров Шермамат Исманбекович, Жумашев Тагайбек Абдакырович, башкы эсепчи Мураталиева Калыскан Токоновна, кызматкерлер Мырзакулова Элмира Сатыбалдиевна, Эшенкулова Алтын Озоновна жана 3 кенже кызматкер эмгектенишет.

## Теңдик айылынын жаралуу тарыхы

Теңдик айылы Фергана өрөөнүнүн түндүк дарбазасынын оозундагы Нарын дарыясын бойлоп, Таш-Көмүр шаарынын оң жак тарабына  туташ жайгашкан 14 чакырымга созулган, түштүк тарабы Шамалды-Сай шаарчасы менен, түштүк-чыгыш тарабы Ноокен районунун Достук айыл өкмөтү менен чектешкен айыл. Чыгыш тарабы Майлуусуу тоолорунун этегинде адырлар менен курчалган. Деңиз деңгээлинен 561 м бийиктикте турат. Жалпы жер аянты 897 га, эл отурукташкан аянты 47га. Айыл Кызыл-Алма, Коштерек, Чүйүтсай, Кашкулаксай, Кудуксай кичи айылдарынан турат. Калкынын жалпы саны 3552 адам. Суугат жерлери 100пайыз насостор менен сугарылат. Негизги чарбачылык пахта, жашылча, жемиш. Элдин көмөкчү чарбасында кой, эчки, жылкы, кара мал, тоок багылат. Теңдик айылын темир жол жана Ош-Бишкек автомагистралы ортосунан кесип өтөт. Бүгүнкү үндө жарактуу жерлер үлүшкө бөлүнүп берилген. Фонддук жерлер ижарага пайдаланылат.

Айылда 1 орто мектеп, 1 ФАП, сода борбору, 1 бала бакча бар. Айылда жетекчилик кылган Базыл-Ата коомдук комитети иштейт. Элдин жашоосу социалдык абалы орто.

Эми Теңдик айылынын жаралуу тарыхына кайрылсак.

Айыл Совет Өкмөтү бийликке келгенден кийин 1925-жылдын октябрь айларында элди коллективдештирүү мезгилинде Шыңсай, Кызыл-Алма, Коштерек, Чүйүтсай, Кашкулаксай, Кудуксай айылдары бириктилип Кызыл — Алмаш айылдык Кеңеши түзүлгөн. Айылдык Кеңештин карамагында «Аракет», Кызыл-Алма» колхоздору уюштурулган. «Кызыл-Алмаш» деген сөздүн мааниси бийлик кызылдарга өттү, кызылга алмашты деген ошол убактагы уюштуруучу жетекчинин сөзү менен аталып калган: «Кызыл-Алмаш» айылдык Кеңеши ошол кездеги Массы, азыркы Ноокен районуна караган. 1930-жылдардан кичи чарбаларды ирилештирүү башталганда эки колхоз бириктирилип «Аракет» колхозу болуп түзүлгөн. Ошондо эки колхоздо болгону 17 га жери болуп, суу болбогондуктан кайракы буудай эгилген, 12 ден 20га чейин майда жандык, 1 төө, 2 өгүз, 4

жылкысы болгон дешет карыялар. Ири чарбаларды уюштуруу менен тоо арасындагы айылдарды көчүрүп отурукташтыруу болуп, азыркы адыр тараптарында жер үйлөр пайда болгон. Эл биргелешип иштөөгө үйрөнө баштаган. Ошол мезгилдин тили менен айтканда эмгектен тапкан нерсенин баары бир казанга түшүп, бир казандан бөлүштүрүлгөн. Сабатсыздыкты жоюу башталган. Билим алууга дилгир, мурдатан араб тамгасында сабаты бар адамдарды топтоп, кыска мөөнөттүү курстарга жиберишип, элди билимге тартуу зор аракеттер менен башталаган. Ошол убакта Шың-Сай, Кош-Терек, Чүйүт-Сай, айылдарында балдарды топтоп боз үйлөрдө окутуу башталган. Айылдын алгачкы мугалимдери болуп Атантаев Төлөн, арабча сабаты бар Кайып уулу Молдокубат, Усманов Т., Карапашов Ташимбет көп эмгек сиңиришкен. Айылда алгачкы активдер пайда боло баштаган. Алгачкы «Кызыл-Алмаш» айыл Кеңешинин төрагалары болуп Анаркулов Кебекбай, Карабалаев Абдылда, Калмамбетов Өмүрбектер, катчы орун басарлары болуп Койчуманов Эсенгелди, Миңбаев Сүйөркул, Кубатов Мамыт, Кайымов Кожондор иштешкен.

«Аракет» колхозунда биринчи башкарма болуп Карапашов Ташимбет шайланган. 1939-жылы айыл Кеңештин ирилештирүүдө «Кызыл-Алмаш» Кеңеши Бүргөндү айыл Кеңешине кошулган. 1935-жылы Таш-Көмүргө чейин темир жол салынып, көмүрчүлөр кыштагы пайда болгон. Темир жол, таш жол курулушунда айылдан алгачкы жумушчулар тобу пайда болгон. Шахтада, жолдо иштөөдө Жуманбаев Боронбай, Орозов Султанбай, Чыналиев Калбай, Койчуманов Чете сыяктуу жумушчулар айылда биринчилерден болуп иштешкен. Ошол темир жол жумушунда 40-50 жылдан ашык иштешкен Истамкулов Сатимбай, Мусаев Анарбай, Мырзакулов Мамат, Мамырбаев Жунустар азыркы күндө эс алуудагы эмгек ардагерлери.

1939-жылы Таш-көмүр шахтасы Көк-Жаңгак Кен башкармасына карап турган «Аракет» колхозунун жери толук бойдон шахтага көмөкчү чарба жүргүзүү үчүн өткөрүлүп берилген. «Таш-Көмүр» көмөкчү чарбасы пайда болгон. Алгачкы

жылда 7 га жерге насос менен суу берилип, шахтерлор үчүн жашылчы, жемиш өстүрүлгөн. 1942-жылдан «Таш-Көмүр көмөкчү чарбасыынын жер аянттары кеңейтилип, Шыңсай-1, Шыңсай-2, Кудуксай «Жыйырманчы» участкалары түзүлгөн. «Жыйырмачы» участкасы деп аталышы Үч-Коргон — Таш-Көмүр жолунун 20 километринде жайгашкандыктан аталып калган. Чарбада жашылча өстүрүү, мал чарбасын өнүктүрүү күч алган. «Таш-Көмүр» көмөкчү чарбасы 1960-жылдан савхоз болуп, совхоздор Министрлигине карап калган. 1962-жылдан Жаңы-Жол районунун «КызылЖар» совхозунун №4 бөлүү, 1972-жылдын февраль айынан кайра «Таш-Көмүр» совхозу болуп, «Ынтымак» совхозу экөө бир чарба болгон. Достук айылы Кеңеши түзүлгөн. Кызыл-Туу, Достук, Теңдик айылдары түзүлүп, «Жыйырманчы» аталышы Теңдик айылы болуп аталып калган. Чарба 1973-78-жылдарда пахта, жашылча өстүрүү боюнча республикада алдыңкы орунда болуп, экономикалык, социалдык, жактан кыйла өскөн. Ошондой ири ийгиликтерди жаратууда Батыркулов Додон, Рахманов Акбар Эмгек Кызыл-Туу орденине, алдыңкы жумушчулар Байтороев Апсамат, Калбаева Касиет, Байманов Жолдоштор медалдар менен сыйланеышкан. Механизаторлор Сүйөров Айталы, Мамашов Турсунбай, Дуспаев Маман, Калиев Жумакан, Убайдыллаев таштан убагында чарбанын алгачкы диндарын бузушкан. Ал эми пахта, жаңылчы остүрүүдо бригадирлер Карапашов Турсумамат, Мавлянов Мырза, Шералиев Молдобектер жогорку түшүм өстүрүшүп, баалуу сыйлыктарга жетишкен.

Ошол убакта жалаң жаштардан турган жумушчу топтору түзүлгөн. Ошондой кыздардан түзүлгөн «Ак кептер» ыздар бриаласын Асранова Салия жетектеп, учурунда Эл кыздары наамына арзыган. ВЛКСМ БКнын грамотасын алууга татыктуу болушкан. Ал эми Качыбеков Райымббек, Мансуров Абдыллабек, Уметалиев Маматалы, Өскөнбаев Жээналы, Шоруков Акбаралы бригадаларында мол түшүм камсыз кылышып, бир нече жолу эмгек ийгиликтери, чарбага кошкон салымдары үчүн Ош облустук, райондук мелдештердин жеңүүчүсү аталышкан. Ал убакта Теңдик айылы Эмгек Кызыл Туу ордендүү

Рахманов Акбар, эмгектеги артыкчылыгы медалдарынын ээлери механизаторлор курстан Досалиев, Акматжан Баялиев, Ырсмамат Сатыкуловдор меен сыймыктанган убак эле.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1984-жылдын 10-декабрындагы № 632 токтому менен «Таш-Көмүр» совхозу Таш-Көмүр шаарына караган совхоз болуп мурдагы №3-болүмү өзүнчө совхоз болду. Шаар карамагына өткөрүү масаты шаарда курулуп жаткан жарым өткөргүч заводун жашылча, жемиш, эт, сүт менен камсыз кылуу эле. Чарба Таш-Көмүр шаарына караган жылдарда көп ийгиликтерге жетишип, көп үйлөр, социалдык обьектилер, балдар бакчасы, эки алты квартиралуу этаждуу үй, жаңы мал сарайы, күчтүү насостук станциялар курулду.

Бардык мүмкүнчүлүгү менен жашылча сактоочу эки кампа бүткөрүлдү. Бирок союздун таркашы менен, эгемендүүлүктүн башталышына кыйла кыйынчылыктар баштан өттү.

Жер реформасы жүрүзүлүп, өз менчигине ээ болду. Бүгүнкү базар мамилесин үйрөнүп жаңыча жашоого өттү. Теңдик айылы бүгүнкү күндө да шаар менен байланышта, шаарды жашылча, жемиш, эт, сүт менен камсыз кылат. Айылда ондон ашык айыл чарба кооперативи, жеке менчик чарбалар бар. Суу маселеси гана көйгөйлүү болбосо элдин келечекке, жашоого болгон үмүт, тилеги зор.

Айылдын жаралуу тарыхына сарасеп салсак, ошол айылдын кечеги, бүгүнкү, эртеңки сыймыгы боло турган инсандар бар. Алар Миңбаев Сүйүнбай, Орозов сатар, токтоназаров Токтомат, Боронбаев Жээнбек, Байтиков Ташболот, Алыбаев Тагай убагында 40-50 жылдап айылына эмгек эткен. Ата Мекен согушуна катышкан эл, жерин коргоп келип, өз жеринде эмгек эткен карыялар төшү орден, медалга толгон Султанов Жакып, Бусурманов Өсүмбай, Сарыбаев Бусурманкул, Жаманкулов Жунусалы, Кадыров Жантөро, Каратве Токторбай, Жунусалиев Мамытбек. Эмгек ардагерлери Өмүралиев Атамырза, Буланов Аспек, Жумашов Өскөнбай, Мансуров Момбек, Асыранов Тагай.

«Таш-Көмүр» совхозунун директорлору болгондор Карапашов Шермамат, Шералиев Жоробек, Чыналиев Орозбек.

Теңдик айылынан биринчи Кыргыз Эл депутаты — Уметалиев Маматали.

Экинчи Эл депутаты болгон Анаркулов Тургунбай айыл куту. Жараткан Нарын дарыясынын суусу буйруп, эл журт ынтымакта болуп, айыл турмушу тарых барактарында өчпөс болуп катталып жатат.

**«Таш-Көмүр» ачык типтеги акционердик коому**

Шахтанын башкармасынын жетекчилери: Тренин, Нурматов Абдырахман Кулматович, Булатбаев Жангелдин Булатбаевич, Шейнтан Юрий Генрихович, Ким Николай Моисеевич. «Северная» шахта башкармасынын жетекчилери: Вайнруб Ефим Захарович, Шейн Петр Петрович, Бобылев Василий, Горбай Петр Иванович, Ельник Лев Самайлович, Мамасейитов Садырбек Молдодосович, Калдыбаев Расул Тайтокурович, Арзыбаев Сулайман, Батырканов Абдраим Сатыбалдиевич, Алымбеков Жылдыз Сүйүнбаевич.

1960-1970-жылдара «Северная» шахтасы механизация-автоматташтырууга өтүп, техникалык комплекстер өз үзүрүн бере баштады.

1974-1975-жылдары бир эле лавадан И. А. Медведевдин бригадасы 500 миң тонна көмүр өндүргөн. Мындай чоң жетишкендиктерди камсыз кылууда шахтачы-комбайнер Болтоказы Шералиев, Ташматов Асанбай, участканын жетекчиси Мамырбеков Жээнкул, шамал берүү участкасынын жетекчиси Чыныбеков Мамыт, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттары Умбеталиев Акмат, Доулов Соурбек, алгачкы механизаторлор Жапаров Жакшымамбет, Чондуев Жусупбек, Тойчубаев Чоймонкул, Мендигулов Жолдошбек, Баймурзаев Жаныбек, жаштар бригадасынын бригадири Суранчиев Орозбай эмгектенишсе, анда мурда кол күчү менен иштегендер Мойдунов Шарабулла, Сандыкеев Жусубалы, Алымкулов Жакыпбек, Орозалиев Токтаалы.

«Капитальная» шахтасында үзүрлүү эмгектенип, мамлекеттик сыйлыктарга, орден, медалдарга ээ болгондор Плотников

Борис, Boобеков Абдыкадыр, Иштуганов Рашид, Борков Петр, шахтанын участкасынын жетекчиси Коңурбаев Маша, жумушчулар Жалалов Анвар, Сатыбеков Касымбек, Байдоолотов Торгой, Локешка Василий, Жанузаков Сыябай, Жанузаков Токон, Айтбаев Алымбай жана башкалар.

Шахта башкармалыгында көмүр казуунун туу чокусу катары 1985-жыл эсептелет. Анда 1536 миң тонна көмүр казылган.

Айрыкча көмүр казууда эрдик эмгектерди жаратышкан Социалисттик Эмгектин Баатыры Кудайберген Чыныбаевдин, СССР Жогорку Советинин 3 жолку депутаты Темирбаев Мойдундун баатырдык эмгек жолунун издерин шаар түбөлүк унутпайт.

## ДЭП -38 ишканасынын кыскача тарыхы

ДЭП -38 ишканасы 1994-жылы түзүлгөн. Төмөндөгү маанидеги автожолдор карайт:

-Эл аралык маанидеги — Бишкек-Ош автожолу 427-488- чакырымы — узундугу 61 чакырым.

-Мамлекеттик маанидеги жол — 28 чакырым.

Таш-Көмүр — Кызыл-Жар -12 (126-154)

-Жергиликтүү маанидеги жолдордун узундугу 30 чакырым б.а. Майлуу-Суу- Ак-Суу-Жаңы-Талап.

Мекеменин жетекчиси Бекиев Сүйүмбай 1994-1996-жылдары болгон

Андан кийин 1996-жылдан баштап 2006-жылга чейин Атамбеков Эмилбек Панарбекович жетектеген

Ошол учурда Кербендеги ДЭП -12ден ДЭП 38ге төмөндөгү автожолдор өткөрүлүп берилген:

1. Таш-Көмүр-Кербен — Ала-Бука 54 чакырым-мамлекеттик мааниде
2. Кичи-Ак-Жол-Пионерлагерь — жргиликтүү мааниде 16 чакырым
3. Райкомол-Кечүү-жергиликтүү мааниде 8 чакырым.

2006-жылдан ушул мезгилге чейин ДЭП-38 ишканасын Сансызбаев Сулайман Самакович жетектеп келе жатат.



2011-жылдан бери Шамалды-Сай шаарчасындагы узундугу 430м жол кошулган — жергиликтүү мааниде.

Азыркы мезгилде Эл аралык мааниде жолдун узундугу 61чакырым. Бишкек-Ош автожолунун 427-488-чакырымы.

Мамлекеттик мааниде жолдун узундугу 82 чакырым. (б.а Таш-Көмүр — Кызыл-Жар-28 чакырым; Таш-Көмүр — Кербен-Ала-Бука-54 чакырым.)

Жергиликтүү мааниде жолдун узундугу — 58,4 чакырым, Майлуу-Суу- Ак-Суу-Жаңы-Талап -30чакырым, Кичи-Ак-Жол-Пионерлагерь 16 чакырым, Райкомол-Кечүү- 8 чакырым, Жаңы-Жол-Молкалды-4чакырым, Шамалды-Сай — 14 чакырым.

**ДЭП ишканасында төмөндөгү техникалар иштейт.**

Автогрейдер — 2даана, автопогрузчик — 2 даана, бульдозер 3даана, атайын кызмат аткаруучу машиналар — 2 даана, экскаватор — 1 даана, трактор — 1 даана жана ЮМЗ -6 экскаватор 1 даана.

2006-жылдан ушул күнгө чейин олуттуу жасалган жумуштар:

- 2006-жылы Таш-Көмүр — Кызыл-Жар -12 автожолундагы 153,8 чакырымындагы көпүрөнү капиталдык ремонттон өткөрүштү. Райкомол-Кечүү автожолундагы жыгачтан жасалган 4(төрт) көпүрөнүн конструкциясы алмаштырылып, чоңойтулган.

-2007-2008-жылдары Майлуу-Суу-Ак-Суу-Жаңы-Талап автожолунда, Кичи-Ак-Жол—Пионерлагерь автожолундагы көпүрөлөрдү капиталдык ремонт жасап, чоңойтулган.

- 2009-жылы Таш-Көмүр—Кызыл-Жар-12 автожолунда 7 чакырымга жаңы асфальт төшөлгөн. 2010-жылы Бишкек-Ош, Таш-Көмүр-Кызыл-Жар-12, Майлуу-Суу—Жаңы-Талап автожолдорунун бөлүктөрүндө жолдун жээктерин бекемдөө жумуштары аткарылган.

- 2011-жылы Таш-Көмүр — Кербен -Ала-Бука автожолунда өлчөмү 2*2 м, узундугу 12 метр болгон 2 темир бетон куурлары курулган.

- 2012-жылы Таш-Көмүр – Кербен– Ала-Бука автожолунун 27-28-чакырымында жолдун жээктери оңдолду.

Шамалды-Сай шаарчасындагы узундугу — 430 метр жолго жаңыдан асфальт төшөлдү.

- 2013-жылы Бишкек — Ош автожолунун 456,8 чакырымындагы өлчөмү 3*2,5 метр болгон узундугу -20 метр темир-бетон куур курулду.

Ишкананын жетекчиси Сынсызбаев Сулайман Самакович 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган жана автогрейдерист Жусупбаев Таалай Кыргыз Өкмөтүнүн Ардак грамотасы менен сыйланган.

### ДЭП-38 ишканасынын жетекчиси

**Сансызбаев Сулайман Самакович** 1957- Таш-Көмүр шаарында туулган, билими жогорку, Фрунзедеги политехникалык институтун 1980-жылы бүтүргөн, кесиби–инженер-куруучу.



Эмгек жолун Таш-Көмүр шаарындагы «Шахтостройуправления» ишканасында мастер болуп иштөө менен баштаган, кийин аталган башкармалыктын жетекчиси болуп 2006-жылга чейин иштеген.

2006-жылдан баштап ДЭП-38 ишканасын жетектеп келет. Үй-бүлөлүү, төрт баланын атасы.

**Сыйлыктары**: өзү жетектеген ишкананы шаарда ар жыл сайын социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болуп, алдыңкы ишканалардын катарына кошкон, ишканага берилген план милдеттемелерди ашыгы менен аткарып, көмүр казып алуу жолдорун жеңилдетүү үчүн, көп рационализатордук сунуштарды жасап, 1982-жылы «Биракан ЛПХнын» ардак грамотасы менен сыйланган. 1994-жылы көмүр өнөр жайынын өнүгүшүнө чоң салым кошкондугу үчүн республикалык көмүр өнөр жайынын профсоюздар комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

2001-2005-2009-2010-жылдары үзүрлүү эмгеги үчүн шаардык мэриянын жана шаардык депутаттар Кеңешинин Ардак грамотасы менен, «Жылдын Адамы - 2005» диплому менен сыйланган. 2007-жылы областын экономикасынын өнүгүшүнө салым кошкону үчүн «Алкыш» жарыяланган.

2011-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча жолчулардын республикалык «Таза жол» гезити тарабынан «Жылдын мыкты ЖПИ (ДЭП) жетекчиси» деп табылган.

## КУРУЛУШ МАШИНАЛАРЫНЫН ЖАНА МЕХАНИЗМДЕРИНИН БАШКАРМАЛЫГЫ (ТУСМ) (Управление строительных машин и механизмов)

1983-жылы Таш-Көмүр шаарында Таш-Көмүрстрой трестине караштуу мекеме болуп түзүлгөн. Таш-Көмүр жарым өткөргүч заводунун курулушуна толугу менен катышкан андан башка Кызыл-Алма кичирайонунун жашоочуларынын батирин, №11 мектепти, бала бакчаны, жатакананы жана поликлиниканы курууга катышкан. Ошондой эле «Куруучулар» кичи районундагы батирлери, жатакананын курулуштары УСМсиз курулган эмес, анткени имараттын котловандарын УСМ даярдаган жана имараттарды курууга жүк көтөрүүчү кран, автокран жана башка экскваторлор менен камсыздап турган. 1992-жылы ТУСМ «Аракет» ачык акционердик кому (ААК) болуп түзүлгөн.

Шаарда оз агымы менен келүүчү суу түтүкчөсүн тартууда, шаардын түндүгүнон шаардын борборуна чейин «Аракет» ААКтын краны жана экскватору иштеген. Кызыл-Жар аймактык башкармалыгындагы оз агымы менен келүүчү 8 чакырым суу түтүкчөсүн тарткан. Шаардын көчөлөрүн жарыктандыруу иштерин жүргүзүү колго алынган. Шаардын таштандыларын чыгарууда техникалык жактан колдоо көрсотүлгөн.

### Курулуш машиналарынын жана механизмдеринин башкармалыгынын жетекчиси

**Бекмырзаев Акылбек Былжиевич 1955-жылы туулган. Билими жогорку- Фрунзедеги политехникалык инсиституттун курулуш инженери адистигин бүтүргөн.**

Эмгек жолу:

1972-1974-жылдарда Жаңы-Жол (Азыркы Аксы)районунун Кош-Дөбө айылында курулушта иштеген.

1974-1979-жылдары ФПИде студент,

1079-1983-жылдары Таш-Көмүр шаарындагы №8 ПМКда мастер,

1983-1988-жылдары Таш-Көмүр шаарындагы жарым өткөргүч материалдар заводунун комсомолдук эпкиндүү курулушунун Республикалык штабынын жетекчиси,



1988-1992-жылдары Таш-Көмүр шаарындагы жарым өткөргүч материалдар заводунун Кочкор-Ата ПМКсында прораб,

1992-1994-жылдары Жарым өткөргүч материалдар заводунун «Бозбу» АКнын Башкармалыгынын төрагасынын орун басары,

1994-жылдан ушул кезге чейин «Аракет» АКнын торагасы.

Мамлекттик жана расмий тилдерде эркин сүйлөйт.

### «Тегене» жоопкерчилиги чектелген коому»

«Тегене» жоопкерчилиги чектелген коому 1995-жылы 1-ноябрда «Таш-Көмүр» шахта башкармасынан өз алдынча бөлүнүп чыккан. Коом Жалал-Абад областынын Аксы районунун аймагындагы «Тегене» Таш-Көмүр кенин ачык түрдө казууну жүзөгө ашырат. Жылдык көмүр казуу кубаттуулугу 25 миң тонна болгон. Жумуш обьектиси шаардан 25 чакырым алыстыкта.

Ишкана тарабынан «ДСШ», «ДР» маркасындагы көмүр казылып, Токтогул ГЭС каскадына, Ош жана Жалал-Абад областынын ишканаларына жөнөтүлөт. «ДР» маркасындагы көмүр Соцфонд, Соцкоргоо башкармалыгынын, аскердик бөлүктөрдүн керектөөлөрүнө жөнөтүлөт.

«Тегене» ЖЧКнын карамагында 2003-жылдын 1-октябрына карата 7 «БелАЗ», 6 «МАЗ», 2 «КамАЗ», 8 «КрАЗ», 1 «Урал»-«ИЗАС», 2 «ЭКГ-5А» экскаватору, 3 Бульдозер жана керектүү жабдуулар, механикалык мастерской техникалардын капиталдык жана кезектеги ремонт үчүн колдонулат.

«Тегене» ЖЧКда 60 адам эмгектенет, бул 1995-жылга салыштырмалуу 3 эсеге көп. Айлык акы орточо 13000 сом.

Улуу тоо мастери Тюпко Н. А. 51 жылдан бери эмгектенип, бир нече жолу Көмүр өнөр жай Министрлигинин Ардак грамоталарына ээ болгон. 2003-жылы шаардын «Ардактуу атуулу» наамы ыйгарылган.



Экскаватор-машинисти Ж.С.Сатыкулов тышкы соода жана өнөр жай Министрлигинин грамотасы менен сыйланган.

Бульдозерист Сексенбаев А.К Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Ал эми «Тегене» ЖЧКнын жетекчиси А.М.Султанов 1997-жылдан бери өндүрүштү жетектеп, салык, соцфонд, айлык акы карыздары жок. 1999-жылы Султанов Абдыкапар Маданбековичке «Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер» наамы ыйгарылган.

Учурда көмүр өндүрүүнүн дэңгээли үч эсеге чейин аткарылып, Бишеке ТЭЦи менен келишимдин негизинде көмүр ташуу ишин жүргүзүп, андан тышкары коңшу Өзбекстан менен да көмүр сатууга келишимге жетише алган.

## Курулуп жаткан ГЭСтердин ишканасы

Өлкөбүздүн экономикасын өнүктөрүүнүн негизги приоритеттүү багыттарынын бири- гидроэнергетика тармагы. Эл чарбасынын бардык тармактарын өнүктүрүүдө гидроэнергетиканын ролу чоң. Электр энергиясын пайдаланбаган бир дагы өнөр-жай, айыл чарба, коммуналдык жана башка секторду бүгүн кезиктирүү мүмкүн эмес. Электр энергиясы өндүрүштүк процесстерди механизациялаштыруунун жана калктын турмуш шартын жакшыртуунун негизи болуп калды.



Кыргызстан суверендүү өз алдынча мамлекет болгон биринчи күндөн тартып башка тармактар сыяктуу эле гидроэнергетиканын да социалдык-саясий түзүлүшүн, экономикалык жана геосаясий абалын түп тамырынан өзгөртүүгө туура келди. Тармактын стратегиялык жана тактикалык өнүгүү багытын кайра карап чыгуу зарылчылыгы туулду. Өлкөнүн отун-энергетика комплексинин ичинен гидроэнергетика гана республиканын керектөөсүн толук канааттандырууга жөндөмдүү тармак болуп калды. Гидроэнергетиканы өнүктүрүүнүн эсебинен газ, мазут сыяктуу кымбат импорттук ресурстарды электр энергиясы менен алмаштыруу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Республикабыздын өндүргүч күчтөрүн мындан ары өнүктүрүү, прогрессивдүү технологиялык процесстерди өндүрүшкө киргизүү, айыл чарба ишканаларынын продукцияларын көбөйтүү, коммуналдык-тиричилик тармагында керектөө үчүн электр энергиясынан кеңири пайдалануу зарылчылыгы келип чыкты. Электр энергиясын өндүрүштүк, турмуш тиричилик керектөөлөргө мындай кеңири пайдалануу экономикалык жактан да, экологиялык жактан да өзүнүн пайдалуу жактарын берди.

Кыргыз Республикасынын энергетикалык системасы Борбордук Азиянын бирдиктүү энергетикалык системасынын составдуу бөлүгү болуп эсептелет. Кыргызстанда өндүрүлгөн электрэнергиясынын 80 пайыздан ашыгы Нарын дарыясында курулган гидроэлектростанциялардан өндүрүлөт. Республикада гидроэнергетикалык курулушту өнүктүрүүнүн реалдуу келечеги бар. Нарын дарыясындагы иштеп жаткан беш гидроэлектростанциялардын суммардык белгиленген кубаттуулугу 2870 МВт, мындан башка дагы жети Каскаддан турган суммардык кубаттуулугу 6450 МВт болгон 33 гидроэлектростанцияларын куруу каралган.

Калктын киши башына алганда электрэнергиясына болгон керектөө жыл сайын өсүү көлөмү башка мамлекеттерге салыштырганда кыйла төмөн. Ушундан улам Кыргыз Республикасынын Президенти «Кыргыз Республикас ынын энергетика комплексин приоритеттүү өнүктүрүү жөнүндөгү» Указын чыгарган. Анда мамлекетик энергетика саясатын өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн негизги приоритеттүү багыттарынын бири деп белгиленген.

Ушундан улам курулушу кечеңдеп жаткан Шамалдысай, Ташкөмүр ГЭСтеринин курулуш жумуштарын тездетүү, Ташкөмүр ГЭСинин кубаттуулугун долбоордогу көрсөткүчтөргө жеткирүү, келечекте Камбарата ГЭСтеринин курулушун жандандыруу боюнча кечиктирилгисчаралады коруу муктаждыгын турмуш өзү шарттады.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Өкмөтү «Кыргыз Республикасында гидроэлектростанцияларды курууну уюштуруу боюнча чаралар жөнүндөгү» өзүнүн 14-апрель 1994-жылкы №221 токтомун чыгарган. Бул токтомго ылайык курулуп жаткан Ташкөмүр, Шамалдысай, Камбарата ГЭСтеринин базасында ушул жылдын 18-апрелинде Кыргыз Энергохолдинг компаниясынын Президентинин №116 буйругу менен курулуп жаткан ГЭСтердин ишканасы (ПС ГЭС) түзүлгөн.

Ушул күндөн тартып Кыргызстандын энергетикалык системасында мурда ГЭСтердин бирдиктүү системасын түзүп турган Токтогул ГЭСтеринин Каскады өзүнчө структуралык өндүрүштүк бөлүкчө болуп, жаңы ишкана пайда болду.

Ишкананын түзүлүшүнүн максаты базар экономикасынын шартында энергетикалык объектинин ишинин эффективдүүлүгүн камсыз кылуу ГЭСтерди эксплуатациялоонун ишенимдүүлүгүн арттыруу, Ташкөмүр, Шамалдысай ГЭСтеринин курулушун аяктоо жана долбоордук кубаттуулукка чыгаруу, Камбарата-2 ГЭСинин гидротехникалык курулуштарын баштоо жана каражатка жараша ишин улантуу (өздүк каражаттын, инвестиция тартуунун жана республикалык бюджеттин эсебинен).

Ишкананын биринчи директору болуп тармакта көп жылдык иш тажрыйбага ээ болгон Тыныбеков Аалы Каратаевич

дайындалган. Ал 1975-жылы Фрунзедеги политехникалык институтту аяктагандан кийин, Үч-Коргон ГЭСинде станциянын смена начальниги, 1980-жылдан 1986-жылга чейин Күрпсай ГЭСинин смена начальниги, электрдик цехтин ага мастери болуп иштеп, 1986-жылы Таш-Көмүр ГЭСинин электрдик ага мастерлик кызматына которулган. 1987-жылы коллектив тарабынан Таш-Көмүр ГЭСинин начальниги болуп шайланган. 1993-жылы Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын башкы инженери болуп дайындалган. Курулуп жаткан ГЭСтер ишканасынын директору болуп 1997-жылга чейин эмгектенген. Ушул жылдардын аралыгында ал Күрпсай, Таш-Көмүр, Шамалды-Сай ГЭСтеринин курулушуна жана аларды эксплуатациялоого активдүү катышкан.

Башкы инженер болуп 1994-1997-жылдары Бакиев Осмонбек Керимбаевич иштеген. 1997-жылдын февраль айынан ушул күнгө чейин ишкананын директору болуп эмгектенип келүүдө. Ал эмгек ишмердүүлүгүн 1979-жылы Фрунзедеги политехникалык институтту аяктагандан кийин Токтогул ГЭСинин электр цехинин смена начальниги болуп иштөөдөн баштаган. Андан кийин станциянын смена начальниги, Күрп-Сай ГЭСинин электротехникалык лабораториясынын инженери, ага инженери, Таш-Көмүр ГЭСинин электромашина цехинин начальниги, Күрп-Сай ГЭСинин начальниги, курулуп жаткан ГЭСтердин ишканасынын башкы инженерии кызматтарында иштеп келди.

О.К.Бакиев кандай кызматта иштебесин өзүн техникалык жактан сабаттуу, иш билги жетекчи катары көрсөтө алды. Ал Күрп-Сай ГЭСинин 4 агрегатын, Таш-Көмүр ГЭСинин 3 агрегатын монтаждоого жана ишке киргизүүгө активдүү катышкан. Анын түздөн-түз жетекчилиги менен 1995-жылы коллектив Шамалды-Сай ГЭСинин акыркы 3-агрегатын ишке киргизүүгө, Таш-Көмүр ГЭСинин 2001-жылдын декабрында, Шамалды-Сай ГЭСин 2002-жылдын августунда долбоордогу толук кубаттуулукка чыгарууга жетишкен. Өндүрүштөгү жараткан жогорку ийгиликтери үчүн О.К.Бакиев бир топ сыйлыктарга тартылган. 1997-жылы «Кыргызэнергонун» Ардак Тактасына жазылган. 1998-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына ээ

болгон. 2002-жылы «Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкери» наамын алган. 2000-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты болуп шайланган.

Ишкана түзүлгөндөн бери он жылга жакын мезгил ичинде жетекчи кадрлардын корпусу чыңалып, өндүрүштү башкаруучу тажрыйбалуу, сапаттуу кадрлар өсүп жетилди. 1997-2000-жылдары башкы инженер болуп Назаров Жолдошбек Машырапович, 2003-жылдары Тойгонбаев Адимажит Кушубакович иштешкен. 2003-жылдын май айынан тартып башкы инженер болуп Калыбеков Умарбек Чаргынович да эмгектенген. Ал энергосистемада 1984-жылдан бери эмгектенди. Нөөмөттөгү инженер, станциянын смена жетекчиси, электротехникалык цехтин жетекчиси, материалдык техникалык, жабдуу болүмүнүн жетекчиси болуп Таш-Көмүр, Күрп-Сай, Токтогул ГЭСтеринде, Токтогул ГЭСтеринин Каскадында иштеген. 1990-жылы Кыргызэнергонун Ардак грамотасы менен сыйланган. 1999-жылы Кыргызстандын энергосистемасына сиңирген көп жылдык ак ниеттүү эмгеги үчүн Токтогул ГЭСинин 25 жылдыгына карата юбилейлик медалга татыктуу болгон. Кара-Көл шаарынын Кеңешинин депутатыболгон. Шум ажал арабыздан алып кетти.

1952-жылы Чолпоналиев, андан кийин М.Мусуралиев. А.Баев. С.Аттокуров. В.П.Лагода ар кандай мезгилдерде жетектеп келишкен.1967-1981-жылдары Е.А.Чернова, 1981-1983-жылдары В.Н.Исаева, 1983-1996-жылдары А.А.Полотов, 1996-1999-жылдары А.А.Жолдошбаев, 2000-2001-жылдары А.Д.Баркитова, 2001-2006-жылдары К.Ү.Молдобаев, 2006-жылдан тартып Т.Шабданов жетектеп келе жатат. Негизинен билим берүүбөлүмүндө 5 адис окуу-тарбия иштерин жетектеп, көзөмөлдөп келет. Шаардык билим берүү бөлүмүндө көп жылдар бою эмгектенип келе жаткандар:К.Кенжекулова, Г.Эргешова.

Узак жылдар эмгектенген мугалимдер: Ф.М. Ханова, К.К. Валиева, К. Валиев, С.Хаярова, Б. Кадырова, К.М. Городецкая, Б.К.Акматов, Г.Максутова, А.Истамкулова, М.Бекишова, З.Мусаева, Ы.Кыргызбаева, Ж.Дербишалиева, С.Жусупбекова, Г.Гордиенко, Т.Каюмов, С.Исмаилова, Т.Исманов, Р.К.Риксеева, А.Барпыбаева.

Эмгегинен бааланган мугалимдер:

У.Аргынбаев, Ж.Эргешбаев, С.Токтомамбетова, Р.Турусбеков, С.Фокина, Л.В.Лошковых, С.Караева, А.Момунов, М.Каримов, А.Терегулова, К.Доморбекова, Т.Сарыкова, П.Абдыкалыкова, А.Шабданова, Т.Атантаева, М.Картаева, В.Лукина, Р.У.Андриенко, С.Мырзалиев, У.Айдарбекова, Г.Молдобаева, Н.Сайфитдинова, С.Иметова.

### Шаардагы Н.Островский атындагы №1 мектеп жөнүндө кыскача:

Шаардагы эң биринчи ачылган мектеп, биринчи директор Тургенев болгон. 1941-1945-жылдары мектептин мугалимдери Шамин, Карамзи, Янцев, Чебоненко согушка аттанышып Ата Мекенди коргоодо курман болушту.

1945-жылы Н. С. Янкевич, Е. И. Грин, 1946-жылы В. Ф. Толкунов, 1948-жылы Т. А. Всянкин, 1948-жылы И. Н. Ларина, В. А. Булавина, 1950-1960-жылдары В. П. Логода, Г. Г. Нагорняк, 1960-1970-жылдары Н. Н. Мироененко, Е. Б. Бубарь, 1980-1990-жылдары В. А. Лепедина, Е. И. Конакова, 1990-1995-жылдары А. К. Кадырбеков, 1995-2000-жылдары А. Д. Баркитова жана 2000-жылдан ушул кезге чейин директор болуп Константинова Ирина Петровна жетектеп келет. Долбоор боюнча 450 орундуу мектеп болсо, азыркы учурда 600 окуучу окуйт. Мектепте 30 мугалим иштейт. Алардан «Эл агартуунун отличниги» төш белгисинин ээси - 6. Алдыңкы иштеп кеткен мугалимдер: А. Красиков, А. Р. Мухина, А. И. Пельдервассер, С. Рахимова ж.б.

«Тынчтык» корпусу тарбынан 2 окуучу: А.Арзыбаева, Н.Нурманбетов Америкадан билим алышкан. 2000-жылдан бери көптөгөн долбоорлор ишке ашкан.

## К.Осмонкулов атындагы №2 гимназия класстары бар орто мектеби

Мектеп 1966-жылы курулуп «Кыргызстандын 40-жылдыгы» атындагы №2 орто мектеби аталган жана 630 орунга ээ болгон. Анда 25 кабинет, спорт жана актовый зал, ашкана жайгаштырылган. Мектепте алгач сабактар кыргыз-орус тилдеринде окутулуп, 1987-жылы орус тилинде, 1991-жылдан баштап азыркы убакка чейин кыргыз тилинде окутулуп келе жатат. Мектептин алгачкы мугалимдери:

А.А.Аргымбаев, И.Миңгалиева, Мария Ивановна, М.Х.Полаева, Н.Шарипов, Т.Качкынбаев, Камчыбеков, Л.Төрөканова, Төрөбеков, С.Карабаев, Д.Шамшиева, А.Н.Промченко, Г.Н.Тенишова, Р.М.Станчук, Э.Троменшлегер, В.Н.Троменшлегер, Т.Ф.Туйгунова, А.Таштанбеков, В.Гнатышин, Г.Кулмырзаева, К.Осмонкулов, Р.Осмонкулова, А.Х.Байматов, Т.А.Сарыкова.

2006-жылы мектепте билим берүүдө үзүрлүү эмгеги үч үн, 1994-жылы 2003-жылга чейин мектептин директору болуп эмгектенген эл агартуунун отличниги маркум К.Д.Осмонкуловдун наамы ыйгарылып 5 гимназия класстары ачылган. Азыркы убакта мектепте 60 мугалим иштейт анын ичинен жогорку билимдүүлөр-51, атайын орто-4, бүтпөгөн жогоркулар-5. Отличниктер -16. Азыркы учурда мектеп администрациясы: Директор И.А.Кушбакова, Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ш.К.Бекбаева. Гимназия класстарынын окуу бөлүмүнүн башчысы Н.Ш.Карапашова, башталгыч класстарынын окуу бөлүмүнүн башчысы: С.К.Мейманова, уюштуруучу Х.О.Мырзаева.

Мектепте 36 класс комплект, анда 958 окуучу, 8 гимназия класстары бар. Мектеп 2011-жылы «Мыкты мектеп» конкурсунда област боюнча биринчи, республикада 3-орунду ээлеген жана Билим берүү, илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 2013-жылы Манас залы ачылды.

Мектептин ийгиликтери:

Республикалык олимпиадалардын катышуучулары: 1998-жылы М.Тургунбаева, 2000-жылы Д.Мамашарыпова, 2002ж

Тимурланова А.,1998-ж Сарыкованын 10 «А»кл окуучусу Тургунбаева М. «Мээрим» фонду уюштурган конкурсту жеңип Индиянын Хайдарабад университетинде 1 ай окуп эң жакшы бааланып сертификат алган. Мектептин бүтүрүүчүлөрү Кореяда Д.Надырбекова, Россияда А.Медерканов, Кенияда З.Байматова, Австрияда Б.Байматов эмгектенип жатышат.

Г.С.Доронбекова жетектеген «Шаттык» бий тобу областтык «Жаш талантар - 2004» кароо сынагынын жеңүүчүлөрү, «Назик» бий тобу шаардык «Жаш талантар — 2009» кароо сынагынын жеңүүчүлөрү, баскетбол ийримин жетектеген М.Алооканова жаш спортсмендери менен 2008-ж республикалык курама командада ойноп келишти. «Жаш талантар — 2013» областтык кароо сынагынын жеңүүчүлөрү «Манасчылар» жана «Саринжи бөкөй» бийчилер тобу болушту көркөм жетекчилери: А.С.Рыскулова, Б.Атабаева.

**Жылдын мыкты мугалимдери**

| № | Мугалимдин аты, жөнү | Шаарда алган жылы |
|---|---|---|
| 1 | Сарыкова Т.А | 1995 |
| 2 | Молдобаева М.А. | 1996 |
| 3 | Иминжанова З.А. | 1998 |
| 4 | Кушубакова Ү.А. | 2007 |
| 5 | Урманова Н.К. | 2009 |
| 6 | Дооронбекова Г.С. | 2008 |
| 7 | Кузаева Б.М. | 2012 |
| 8 | Нарбиева А.Т. | 2013 |

| № | Предметтик олимпиаданын жеңүүчүлөрү | жылы | областта | республикада |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Англис тили | 1998 | 2 | 1 |
| 2 | Англис тили | 2000 | 3 | 1 |
| 3 | Англис тили | 2002 | 2 | 1 |
| 4 | Англис тили | 2005 | 2 | - |
| 5 | Англис тили | 2007 | 1 | - |
| 6 | Физика, математика | 2008 | 3 | - |
| 7 | Англис тил, матем, физика | 2009 | 5 | - |
| 8 | Англис тил, матем, физика биология | 2010 | 5 | - |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Англис тил, химия, физика | 2011 | 3 | - |
| 10 | Химия, физика | 2012 | 2 | - |

Өзгөчөлөнгөн күбөлүк жана
аттаестат менен аяктаган окуучулар

| жылы | саны |
|---|---|
| 2005 | 6/4 |
| 2006 | 4/6 |
| 2007 | 4/3 |
| 2008 | 4/5 |
| 2009 | 1/5 |
| 2010 | 5/4 |
| 2011 | 1 |
| 2012 | -/1 |
| 2013 | - |
| | |

Мектептин материалдык базасын чыңдоодо фонддор
менен бирдикте иштешүүсү

| № | жылы | фонд | сумма |
|---|---|---|---|
| 1 | 2002 | Сорос | 950$ |
| 2 | 2006 | АРИС | 339 200сом |
| 3 | 2007 | СТИМ грант | 195 43сом |
| 4 | 2008 | МЭРСИКО | 285 136сом |
| 5 | 2011 | РОСТОК | 47 700сом |
| 6 | 2011 | ЮСАИД | 15 000сом |
| 7 | 2011 | Ата-энелер | 34 000сом |

## Шаардагы Тоголок Молдо атындагы №3 орто мектеби

Мектеп 1958-жылы 320 орунга курулуп пайдаланууга берилген. Кошумча имарат 1977-жылы 320 орунга ылайыкталып курулган. Азыркы учурда мектеп эки кабаттуу, 640 орундуу. Мектептин алгачкы директору Ильяшов болгон. Андан кийинки мектеп директорлору: М.Музуралиев, Д. Абдрасулов, К.Надыров Р.Турусбеков, О.Кузебаев, Ж.Ормонкулова, Н.Бексултанова, Жайылканов, З.Мусаева, Г.Ажыматова, П.Субанкулова, М.Токтогулов, М.Бекишова, А.Дооранбекова,

Д.Рыскулбекова жана учурда Э.Эгизалиева мектеп директору болуп эмгектенип жатат. Мектеп 1970-жылы Ульянов шаарынын Ардак грамотасына татыктуу болгон. Ушул мезгилге чейин 6 окуучу алтын медал менен аяктаган, 9 окуучу өзгөчөлөнгөн күбөлүк алган. Азыркы учурда мектепте 394 окуучу окуйт. Анын ичинен 45 отличник, 100 ударник өздөштүрүү 100 пайызды, билим сапаты 43 пайызды түзөт. Мектепте жалпысынан 22 мугалим эмгектенет. Алардын ичинен: жогорку билимдүүлөр-20. Бүтпөгөн жогорку билимдүүлөр-2. Билим берүүнүн мыктылары-3. Материалдык-техникалык базаны бекемдөө боюнча 2001-жылы АБР тарабынан мектептин башталгыч класс корпусуна капиталдык ремонт иши жүргүзүлүп 118миң сомдук жумуш аткарылган. 2003-2004-окуу жылында Эл аралык МерсиКо уюму тарабынан 45миң сомдук акча каражаты жумшалып бир класс кабинетке эмерек алынган 2005-2006-окуу жылында МерсиКо уюмунан 53миң 700 сомдук долбоордун негизинде бир класс кабинетке жана ашканага эмерек алынган. 2004-2005-окуу жылында ЮСАИД уюму тарабынан китепканага эмерек келген. 2012-2013-окуу жылында Д.Рыскулбекова тарабынан ашкананы толук ремонттон өткөрүү боюнча долбоор жазылып, жергиликтуу бюджет тарабынан 965739.55 сом акча каралып толук ремонт иши аяктап ишке берилди. Мектеп өз тарыхында эл үчүн иштеген мыкты бүтүрүүчүлөрдү тарбиялап чыгарды. Атай кетсек акын Т.Нурманбетов, Эл баатыры А.Кабаев ж.б. да ушул мектептен билим алган.

**Шаардагы Токтогул атындагы №4 орто мектеби**

30-жылдарда Таш- Көмүрдө аралаш кыргыз-орус тилиндеги мектеп болуп, ошол учурда директору Тургенов болгон.

Кыргыз класстары- 1-класс, 2- класс, 3- класска чейин болгон. Ар бириңде 13-15окуучу окуган мектеп 7 жылдык эле.

1938-1939- жылдары мектеп кыргыз жана орус мектептери болуп бөлүнгөн. 7 жылдык кыргыз класстары бар мектеп ачылып директор Калимулин иштеген. Мугалимдерден К.Я.Валиева, Ф.М.Валиева, Умарбеков агай эжекелер иштешкен.

Биринчи бутуруучу окуучулар Ускoнбаева Алимбу, Б.Ахматова, Абдрахмановдор болгон.

1941-жылы Калимулин, Валиев фронтко кетип, директор болуп Ф.М.Валиева иштеген. Мугалимдерден Р.Л.Билич, К.М.Гареева С. Ал эми мугалим жетишпегендиктен ушул мектептен окуган бүтүрүүчүлөр мугалим болуп иштешкен А.Ускoнбаева, Б.Ахматова. мугалимдер: Рулькова, С.Хаярова, К.М.Старыгина, Б.К.Кадырова, Умарбеков.

Ф.М.Валиева 1941-1952-жылдары директор болуп иштеген. Бул учурда 8 жылдык мектеп болуп калган. Шаардагы биринчи кыргыз мектептин бүтүрүүчүлөрү Атабеков, Батыркулов, Кушубаков, Молдобаев, Р.Турусбеков болгон.

Таш-Комур шаарында 1938-39 жылы биринчи кыргыз мектеби уюштурулуп, окуу тарбия иштери башталган. 1943- жылы Таш-Көмүр шаар статусун алганда толук эмес орто мектеп болгон, ал эми 1952- жылы орто мектеп болуп уюштурулган. Ошол мезгилдин кыйынчылыгына карабай мектептин педагогикалык жамааты окуу тарбия ишин жакшыртуунун үстүндө жылдан жылга талбай эмгектенишип, натыйжада мектептин бүтүрүүчүлөрү республиканын өсүп өнүгүшү үчүн өз салымдарын кошкон.

1971-1972- жылы 964 орундуу жаңы мектеп имараты курулуп 1974-1975- окуу жылдары эстетикалык тарбиянын ыкмаларын колдонуп, окуучуларга терең билим берүү менен патриоттук жана интернационалдык духта тарбиялоодо республикадагы бирден-бир негизги таяныч мектептерден болгон.

Ошол учурда келечек муундарына билим берип, тарбиялап, залкар эмгеги менен таанылган, мугалимдер Валиева Фархия Минкановна, Кадырова Батма, Акматова Гуля, Аргынбаев Чолпон, Валиев Карим, Токтомамбетова Сайнаке жана башкалар болгон.

1994-жылы мектеп гимназия мектебинин статусуна ээ болгон. Гимназия мектеби «Сорос-Кыргызстан» фондусуна мүчө, СКФ мектептин таянычы болуу менен бирге окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүүдө, жаш таланттарды тарбиялоодо чоң көмок көрсөткөн. Мектептин америкалык «Тынчтык» корпу-

су менен тыгыз байланышы келечек муундарын англис тилин үйрөнүүсүнө шарт түздү.

«Сорос- Кыргызстан фондусу тарабынан уюштурулган «Мөлтүр булак» конкурсуна, олимпиадаларга жана «Дебат» клубдарынын турнирлерине окуучулар активдүү катышып, байгелүү орундарды алып, шаарыбыздын сыймыгы болушкан.

Мугалимдердин үзүрлүү эмгегинин натыйжасында гимназия мектебин алтын медал менен бүтүп, областтык, республикалык олимпиадаларда байгелүү орундарга ээ болгон окуучуларыбыз арбын. Келечектин мыкты кадрларын даярдоодо №4 гимназия мектеби шаарыбыздын, республикалык маданий, экономикалык жактан өсүп өнүгүүсүнө салым кошкон билим базасы болгон.

**Мектеп жетекчилери болуп эмгектенгендер:**

1. 1981-жылдан баштап 1991-жылга чейин Токтомамбетова С.Ш.
2. 1991-жылдан баштап 1996-жылга чейин Жолдошбаев А. А.
3. 1996-жылдан баштап 2002-жылга чейин Арстанкулов Б. К.
4. 2002-жылдан баштап 2003-жылга чейин Умарбеков К. М.
5. 2003-жылдан баштап 2005-жылга чейин Мулкубатова М. М.
6. 2005-жылдан баштап 2007-жылга чейин Абдылдаев А. А.
7. 2007-жылдан баштап 2009-жылга чейин Токтогулов М. Т.

2008-2009-окуу жылында Токтогулов Маданбек Токтогулович «Мерсико» уюмуна долбоор жазып 4 класс комплект парта, стул жана мугалимдер канаасы жаңы мебелдер менен толукталган.

2009- жылдан тартып мектепти Бокова Сыйнагул Тажымырзаевна жетектеп эмгектенип келе жатат.

2013- окуу жылында стим. гранттан 3250 миң сом жумшалып, мектептин чатырчасы жабылды. Мерсикого долбоор жазылып 91,775 сом өлчөмдөгү акча каражатына 2 класс комплект парта, стул менен камсыз болууда.

### Шаардагы В.И.Ленин атындагы №5 орто мектеби

1963-жылы «Жаңыкурулуш» кичирайонунда курулган. 1970-1971-окуу жылында В.И.Лениндин ысмы ыйгарылган,1984-жылдан орус жана кыргыз тилиндеги мектеп болуп, 2003-жылы мектепке 40 жыл, 2013-жылы 50 жыл толуп отурат.

1963-жылы Боенгуев Илья Николаевич директор болгон, кийин С.В.Болдышева Б.Б.Шаробов, В.А.Вдовична, А.Н.Турчин, В.Н.Исаева, Л.Л.Блохина, Р.Н.Фаткулина, Л.П.Курбатова, С.Т.Белекова, А.Абдылдаев, Г.К.Курманалиева жетекчи болуп иштеп келишти. Азыркы учурда К.Сооронова жетектеп келет. Мектепте «Даңк» медалынын ээси К.Доморбекова иштеген. Алдыңкы чыгармачыл мугалимдер : Т.Атантаева, Ж.Манапова, Н.Одеяненко, Т.Чубанова ж.б. Мектеп 2001-жылы «Мээрим» фондусу уюштурган «Жаш талаанттар» конкурсуна катышып II орунду ээлеп, 2002-жылы I орунга жетишкен. Ошол эле жылы мектептин спорт залын реконструкциялоо боюнча АБРге долбоор жазылып 71 000 сомдук грант утуп, спорт зал реконструкцияланды.

2002-2003-окуу жылында шаардагы предметтик олимпиаданын жыйынтыгы боюнча төмөнкү окуучулар ийигиликтерге жетишкен. Биология предметинен Э.Джокеева III орун. А.Кулуева, У.Утурбаева орус тили предметинен II орунга, кыргыз тили предметинен А.Чокморова III орунга жетишишкен.

2003-2004-жылы шаардык олимпиададан кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты предметинен I орунга, орус тили предметинен А.Кожоярова, К.Осконбаева математикадан II орунду ээлешкен. «Даңк» медалынын ээси Г.Доморбекова «Курманжан датка» наамы менен сыйланган.

2004-2005-окуу жылында Г.Эшматова «Жыл мугалими — 2005» конкурсунан II орунга ээ болгон. Шаардык олимпиададан Ж.Кожобекова кыргыз тили жана адабиятынан II орунду, математикадан Г.Эгембердиева III орунду ээлешкен. 11-класынын бутуруучусу Г.Эгембердиева артыкчылык аттестаты менен аяктаган.

2005-2006-окуу жылында шаардык олимпиададан Н.Акматова математика предметинен I орунга жетишкен. Ушул эле окуучу артыкчылык аттестат менен аяктаган. «Жыл мугалими-2006» сынагынын шаардык турунда Н.Г.Одеяненко I орунга ээ болуп, областан III орунга жетишип мектеп үчүн ийгилик алып келген.

2006-2007-окуу жылында мектептин эмеректерин жаңыртуу

максатында МЕРСИКО уюмуна проект жазып жогорку класстар үчүн 2 класс комплект парта, стул менен камсыз болгон.

2008-2009-окуу жылында шаардык олимпиададан кыргыз тили жана адабияты предметинен А.Кудайкулова, математикадан Кутпирин кызы Асылгул, орус тили жана адабиятынан Э.Максатовалар I орунду, математикадан Камчибеков Аман II орунду ээлешкен. Ушул эле окуучулар артыкчылык аттестаттары менен мектепти аякташкан. МЕРСИКО уюмуна проект жазылып мугалимдер үчүн 11стул, 20 шкаф, 4 стол 2 тумбочкалуу, 14 стол алынып келинген.

2009-2010-окуу жылында шаардык олимпиададан Марат кызы Эльзада III орунга жетишкен. М.Джузукеева артыкчылык күбөлүгү менен 9-классты бүтүргөн.

2010-2011-окуу жылы шаардык олимпиадан ийгиликтүү кайткан окуучулар Б.Асаналиева I орун, А.Омуралиева III орун кыргыз тилинен.

2011-2012-жылы шаардык олимпиададан тарых, математика предметтеринен төмөнкү окуучулар А.Оросбекова, А.Орозбековалар III орунду ээлешкен. Адам жана коом предметинен А.Кушубакова I орунга ээ болду Ушул эле окуу жылында шаардык масштабда «Жаш келсе ишке, кары келсе ашка» аттуу жаш адистердин семинары өткөрүлдү. Спорттук ийгиликтер Уй-було ынтымак, кечиримдүүлүк жылына карата шаардык мэрия, билим берүү бөлүмү, БЧУ уюштурган «Атам, апам жана мен» аттуу эстафетада II орунга жетишкен. «Жыл мугалими - 2012» сынагына А.Наркеева катышып III орунду ээлеген.

2012-2013-окуу жылы 291 окуучу менен ачылган. Март айында шаардык масштабда башталгыч класстардын «Билим башаты башталгыч класс» аттуу семинар өткөрүлдү. А.Чокморова «Жыл мугалими - 2013» сынагына каатышып III орунду ээледи.

### Т.Уметалиев атындагы №6 орто мектеп

1953-жылы Кызыл-Жар шаарчасында 4 жылдык мектеп интернат ачылган. 1962-1963-жылдары 8 жылдык мектеп болуп,

Уметалиев Кимсан 1975-жылга чейин жетектеген. 1975-жылдын ноябрь айында 320 окуучуга ылайыкталган мектеп курулуп орто мектепке айландырылган жана Кулмырзаев Эркин мектеп директору болуп иштеген. 1994-1995-окуу жылында мектепке Т.Уметалиевдин ысмы ыйгарылган, учурда мектепте 672 окуучуга 35 мугалим сабак берет. Мектептин өнүгүүсүнө директорлор К.Умарбеков, С.Озубеков, Э.Турдукулов, А.Дюйшебаев, С.Анатаев, Р.Амирова өз салымдарын кошушту. Азыркы учурда А.Дюйшебаев жетектейт. Азыркы учурда 533 окуучу окуйт. Мектепке 2001-жылы 1,4 млн.сомдук долбоор менен АБР тарабынан 2002-2003-жылы 119 миң сомдук долбоор АБР тарабынан, 2003-2004-жылы 132 миң сомдук долбоор “Мерси-ко” уюмунан, 2005-2006-жылы 157 миң сомдук долбоор “АРИС” уюмунан, 2009-жылы “Мерси-ко” уюмунан 241260 сомдук долбоордун негизинде инвестициялар тартылган.

### Шаардагы К.Кузембаев атындагы №7 гимназия классстары бар орто мектеп

Мектеп шаардын Курулуш кичи районунда жайгашкан. 1982-жылы М.Горький атындагы орто мектеби болуп негизделген жана 1176 окуучуга ылайык курулган. Ал мезгилде мектепте окутуу орус жана кыргыз тилинде жургузулуп 1500дон ашык окуучу билим алган жана 70тен ашык мугалим эмгектенген. 1995-жылы мектепке Кыргызстанда алгачкы аскердик жогорку окуу жайды бүткөн Ленин орденинин ээси Кожобек Кузембаевдин ысымы берилген. Окуу-тарбия ишиндеги ийгиликтери жана окуутунун жаңы ыкмаларын колдонууну киргизүү менен 1999-жылы билим берүү жана илим министрлиги тарабынан гимназия класстары бар орто мектеби статусу берилген.

Мектептин алгачкы директору болуп А.Х.Валиева иштеген. Андан кийин 1989-жылдан 2002-жылга чейин Абдырасулова Умут Абдырасуловна жетектеп келген, 2002-2005-жылдары мектепти Белекова Сурмакан Тилекеевна, 2005-2008-жылдары Ташыкулова Сырга Ташыкуловна, 2008-2012-жылдары Тажибаев Женишбек Тажибаевич, 2012- жылдан бүгүңкү күнгө чейин Тургунбаев Тынаралы Нуркадырович жетектеп келет.

Азыркы мезгилде мектепте 700 ашык окуучу 42 мугалим эмгектенет, анын ичинен 10 мугалим Эл агартуунун отличниги.

Коп жылдар эмгектенип келген мугалимдерден төмөнкүлөрдү атоого болот.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек синирген мугалими Абдырасулова Үмүт. Билим беруу жана илим министрлигинин эл агартуунун олличниктери: Шамшиева Дилбар, Лукина Валентина Анатольиевна, Тажибаев Женишбек, Биримкулова Салима, Кулуева Токтобу, Мурзабекова Турсункан, Жусупбекова Сабира, Ажиева Гулсара жана башкаларды кошууга болот. Мектеп гуманитардык сабактарды тереңдетип окутат, окуучулар шаардык, областтык олимпиада жана конкурстарда байгелүү оруңдарды ээлеп келет 2013-жылы “Жыл мугалими” сынагында биология мугалими Ибраимова Чынара шаарда биринчи орунду ээледи.

## М.В.Фрунзе атындагы №8 орто мектеп

1957-1958-жылдары эки кабаттуу мектеп, спорт зал, өнорканасы менен курулган. 350 окуучу менен ачылып, мектепти томонкүлөр жетектешкен: В.Б.Филипов, В.И.Рудаков, В.Д.Крюкова, Г.А.Хайрединова, Р.Г.Пронченко, Т.Я.Пихталькова, И.А.Кушбакова, Т.С.Качкынбаева, Алыбаев, А.Кулмырзаева, азыркы учурда С.Нуралиева жетектеп келет. 1992-жылдан орус- өзбек тилинде окутуу болуп, 791 бала билим алат.

**Олимпиаданын жеңүүчүлөрү:**

| Жылы | Ф И О | Предмет | Шаардык | Областтык | Республикалык |
|---|---|---|---|---|---|
| 1997 | Лебедев К. | Химия, физика | | Химия, физика | |
| 2000 | Горшков Н.<br>Ажыматова А. | <br>Англис | | 1<br>1 | Англис тили |
| 2003 | Горшко С.<br>Султанова Ж. | Матем<br>Русс . яз | | 1<br>3 | |
| 2006 | Шакирова Р.<br>Умоталиева Н. | Русс.яз<br>история | 3<br>1 | 3 | |
| 2007 | Саламенц Б. | Матем | | Матем | Физика |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2009 | Юлдашев Ж. | Русс.яз | 1 | | |
| 2010 | Ким Е.С. | Матем. | | 2 | |
| 2013 | Бакирова А. | Русс.яз | 1 | Русс.яз | |

**Мектепке киргизилген долбоорлор:**

| жылы | уюмдар | Долбоордун т үр ү | сумма |
|---|---|---|---|
| 2004 | АБР | Ремонт школы | 2 миллион |
| 2006 | АИРС | Спорт товар | 1мил. 200мин |
| 2009 | МЕРСИКО | Мебель | 159 707 мин |

### А.Осмонбеков атындагы № 9 орто мектеби жөнүндө

1927-1928-жылдары башталгыч класс болуп ачылган. Ар бир класста 7-12 бала окуган.Шың-Сай, Чүйүт-Сай, Кудук-Сай айылдардан келип окушкан.

1963-1964-жылдары толук эмес мектепке айланган, 8-класска чейин кыргыз-орус тилдеринде билим берген. Мектеп башчысы Т.Усманов болгон.

1975-1976-жылдары мектептин 320 орундуу жаңы имараты ишке киргизилген. Учурда 630 бала билим алып, 36 мугалим эмгектенет. Мектептен чарба жетекчилери Т.Молдалиев, Токтоназаров, Шамалды-Сайдагы №66 кесиптик лицейдин директору С.Мырзакулов, Ноокен районунун акими Т.Анаркулов, Майлысай шаарынын мэри А.Шерматов, айылдык комитеттин башчысы Т.Эрматов жана башкалар окушкан.

Мектеп директорлору болуп Т.Мусаев, Т.Осмонов, Ж.Садабаев, Т.Эрматов, П.Уразов, Т.Тургунбаев, С.Алыбаев иштеп келишти. Азыркы учурда Ж.Нуралиева жетектөөдө.

### А.Осмонов атындагы №10 орто мектеп жөнүндө

Шамалды-Сай шаарчасында 1987-жылы пайдаланууга берилген. 35 мугалим эмгектенип, 640 окуучу билим алат. Мектептин биринчи директору Сырдыбаев Тариел. 1993-жылы А.Осмоновдун аты ыйгарылган. 1992-жылы А.Сатаров, 1995-жылы С.Айдарбекова, 1999-жылы А.Топчубаев, 2000-жылы И.Абдуллаева, 2007-2010-жылдары А.Байматов мектеп ди-

ректорлору болуп иштешкен. Азыркы учурда Ч.Молдобекова жетектеп келет. Учурда "Эл агартуунун мыктысы"төш белгисинин ээлери 7 мугалим: С.Исмаилова, У.Айдарбекова, И.Абдуллаева, Д.Балбаева, Н.Төрөкулова, А.Алибаева, Ч.Молдобекова.

2002-жылы мектеп директору И.Абдуллаева тарабынан "АРИС" уюмуна долбоор жазылып, мектептин чатырчасы жабылган. 2011-жылы "Мерси-ко"уюмуна 161400 сомдук долбоор өтүп,4 класстык бөлмө мектеп мебели менен камсыз болгон. 2011-жылы мектептин жылуулук системаларын оз алдынча жылытуу үчүн борбордук жылуулук сиситемасынан бөлүп, өзүнчө электр котёлу орнотулган.

### М.Темирбаев атындагы №11 орто мектеп жөнүндө

1988-жылы 19-сентябрда Кызыл-Алма шаарчасында жаңы №11 орто мектеби 1500 окуучуга ылайыкташтырылып ачылып, А.С.Макеренконун ысымы берилген. Биринчи директору Р.А.Латфулин дайындалган. Окуу болум башчысы Н.С.Редька, тарбия иштери боюнча Касымбекова Д.У болгон. Мектепте эң алгач эмгектенген мугалимдер: К.Эсенбаева, Р.Эшиева, Р.Н.Фаткулина, А.Халманбетсва, С.Акматова, А.Н.Жуков, Н.Ю.Орлова, Т.П.Квитко.

1992-жылдын 25-апрелинен баштап И.И.Фокина директор болуп дайындалды.

1993-жылдын 15-ноябрынан У.С.Жолдошева директор болуп эмгектенген.

1995-жылдын 19-октябрынан мектептин аты шаарыбыздын күжүрмөн шахтёру, СССР Жогорку Советинин 3 жолку депутаты Мойдун Темирбаевдин ысымын алып жүрөт.

1996-жылдын апрель айынан мектеп директору Р.Н.Фаткулина жетектеп коллективде көп ийгиликтер жаралды. Учурда 2011-жылдын февраль айынан баштап А.С.Эшболотова директор болуп эмгектенип келе жатат.

Акыркы 3 жыл ичинде химия, география предметтеринен республикалык олимпиадага төмөнкү окуучулар: Э.Таалайбеков, М.Кубаталиева катышып алдыңкы орундарга ээ болушту.

Мектепте ата-энелердин, окуучулардын кадыр баркына ээ болгон сыймыктуу мугалимдер Т.Исманов, Р.Н.Фаткулина, Г.Усубалиева, Г.Молдобаева, А.Эшболотова, А.Мергенбаева, Г.Таштанбекова, Г.Исманова, Н.Жолдошева, М.Султанбекова.

**А.С.Пушкин атындагы №12 орто мектеби жөнүндө**

А.С.Пушкин атындагы №12 орто мектеби 1963-жылы ачылган. Биринчи директор Н.Я.Валиев болгон. 1968-жылы 640 орунга ылайыкташкан 3 кабаттуу имарат курулуп, 1969-жылы пайдаланууга берилген. Мектеп 1990-жылга чейин орус тилинде, кийин орус-кыргыз тилиндеги мектпке айланган. 2001-2002-окуу жылдарына чейин толук эмес орто мектеп болгон. Мектепте Э.А.Мамасадырова, Р.К.Риксеева, С.Т.Белекова, А.А.Жолдошбаев ар кайсы мезгилдерде директор болуп эмгектенишкен. Азыркы учурда Т.Асранова жетектеп келет.

2001-2002-окуу жылында толук орто мектепке айландырылып, 2003-жылы 18 окуучу ушул мектептин бүтүрүүчүсү болушкан. Азыркы учурда 604 бала билим алып жатат. Билим сапаты -40,2 пайызды түздү. Шаардык олимпиаданын жеңүүчүлөрү 4 окуучу болгон. 2010-жылы 1 окуучу, 2011-жылы 2 окуучу, 2012-жылы 1 окуучу артыкчылык аттестатка ээ болгон. 34 мугалим эмгектенет. Анын ичинен "Эл агартуунун мыктысы" төш белгисинин ээлери -7 мугалим. Алар: Т.Асранова,С.Белекова, Н.Мухамедгараева, Р.Риксеева,Н.Сайфитдинова, С.Токтоева, З.Зебарова. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча төмөнкүдөй иштер жүргүзүлгөн: 2003-жылы "Мерси-Ко"уюмунан 125000 сомдук мектеп мебели, 2006-жылы "Мерси-Ко" уюмунан 725000 сомдук мектеп чатырчасы алмашылды, 2009-жылы АБР тарабынан 1450000 сомдук капиталдык ремонт жана лингафондук, компьютердик кабинет кошумча курулду, 2010-жылы Пушкин залы дем өөрчүлөрдүн эсебинен, Апрель революциясынын каарманы Нурсултан Табалдиевдин кабинети ачылды. 2011-жылы Миграция комитети тарабынан 150000 сомдук мектептин тосмосу оңдолду. 2012-2013-окуу жылында ата-энелердин колдоосу менен мектептин алды цементтелди.

## Токтосун Шадыханов атындагы
## №14 гимназия мектеби жөнүндө

1995-1996- окуу жылында Токтогул атындагы №4 орто мектеп гимназия мектеби деген статусту кабыл алган. Мектепте 37 класс болгон. Аныничинен 8и гимназия класстары болуп эсептелген.

2004-жылы 1-сентябрдан баштап өз алдынча №14 гимназия мектеби статусун алды.

Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин 2009-жылы 12-июндагы XV чакырылышынын 6-сессиясынын №9 токтому менен №14 гимназия мектебине ШадыхановТоктосун Мамытбековичтин ысмы ыйгарылган.

Окуучулардын саны - 327

Класс комплекти - 14

Мугалимдердин саны - 25

Кыргыз Республикасынын Эл агартуу отличниги - 11

Жогорку билимдүүлөр - 24

2010-2011-окуу жылында гимназия мектеби «Бир тууган мектеп» аттуу долбоордун негизинде Турция мамлекетинин Стамбул шаарындагыУскударЧенгелкой лицейи менен достук мамиле түзө алды. Түркиялык достор мектепке компьютердик аппаратураларды (Три в одном Canoni-sensysMF 4570 dn; GESTETNER 53008d) белек кылышты. Натыйжада гимназиянынматериалдык-техникалык базасы кошумчаланды.

Предметтик олимпиадаларда жана өздүк көркөм чыгармачылыгыбоюнча шаарыбызда алдыңкы орундарга ээ болуп, областта ийгиликтерди жаратып келүүдө.

Т.Шадыханов атындагы №14 гимназия мектеби жыл сайын кандай форматта, кайсы моделде окуу- тарбия процессин жакшыртуунун үстүндөи иштеп келе жатат.

Гимназия уюшулган мезгилден баштап азыркы күнгө чейин мектепти Эл агартуунун отличниги Жолдошбаев Алыбай Абазбекович жетектеп келүүдө.

## Балдар өспүрүмдөр спорт мектеби жөнүндө

Балдар өспүрүмдөр спорт мектеби 1964-жылы ачылган.

Бул жылдын январь айында спорттун 3 түрү боюнча: бокс, футбол, жеңил атлетика боюнча 180 окуучу катышкан. Спорт мектебинин биринчи директору : Л.И.Самарина болгон, кийин И.Г.Тургин, Б.Жуманазаров, В.Автошенко, Т.Шабданов, Б.Усенов үзүрлүү эмгектеништи. Балдар өспүрүмдөр спорт мектебинин көрүнүктүү чеберлери: В.Медведев, Б.Шамурзаев, А.Калымбаев, Ж.Саидкожоев, С.Акматов, Н.Акматов, Н.Бокоев. Спорт мектебинде "Эл агартуунун отличниги"т өш белгисинин ээлери да эмгектенишет: алар Б.Усенов, К.Музальдиев. 3 "Спорттун мыктысы" бар. Алар: А.Молдомуратов, Б.Усенов, К.Музальдиев. Азыркы учурда мектепти Б.Усенов жетектеп, спорттун 4 т үрү боюнча ийримдер иштейт, бокс, футбол, эркин күрөш, баскетбол. 19 тайпада 300 бала машыгат. Спорт мектепбинин спортсмендери Астана шаарында өткөн дүйнөлүк биринчиликке катышып келген. Ал эми бокс боюнча Э.Исрайилбеков,Т. Колоев Республиканын эки жолку чемпиондору.

## Балдар чыгармачылык үйү

Таш-Көмүр шаардык балдар чыгармачылык үйү совет мезгилинде "Пионерлер үйү"деп аталып, 1995-1996-жылы балдар чыгармачылык үйү деп аталган. Бул жылдары А.Терегулова директор болуп дайындалып, 2000-жылга чейин жетектеген. 2000-2001-жылы Г.Тюлегенова, 2001-2002-жылы С.Мырзалиева, 2002-2003-жылы К.Токоева, 2003-2004-жылы И.Уразова, 2004-2005-жылы А.Абдырахманова, 2005-2006-жылы К.Сарыгулова, 2006-2012-жылы А.Джумабаева жетектеп келишкен. Азыркы учурда А.Алибекова жетектейт. БЧҮ негизделгенден тартып төмөнкү ийримдер болгон: бий, куурчак театры, сүрөт, жыгаччылык, экология, журналистика жана адабият.

2012-жылдан бери 7 ийрим иштеп келет: көркөм окуу, к өркөм өнөр, жаш акын, жаш химик, шахматчы, чебер, тил өнүктүрүү боюнча ийримдерге 150 окуучу катышат. Көркөм өнөр ийриминин жетекчиси Т.Сооронбаев республикада өткөн ар кандай конкурстарга катышып, бир нече Ардак грамоталар менен сыйланган.

## “Мамалак” №1 балдар бакчасы

№ 1 «Мишутка» бала бакчасы 1941-жылы курулган бала бакча 120 орунга ылайыкталган. Алгач бала бакчанын башчылары В.И.Иванова, З.Скопенок болгон. 1982-жылдан бери Г.Кубанаева бала бакчанын башчысы.

Азыркы мезгилде 4 тайпа иштейт. 2004-2006- жылдары «Мерсикого» долбоор жазылып эмеректер алынган.

Тарбиячылар - 4, жогорку билимдүү - 4, бүтпөгөн жогорку билимдүү кызматкерлер - 2.

## №2 “Ак-Кайын” балдар бакчасы

“Ак-Кайын” балдар бакчасы шаарда эң алдыңкы курулган балдар бакча, башкача айтканда 1968-жылдан баштап, иштеп келе жатат.

Бул бакча “Тынчтык” аймактык башкармалыгына караштуу Ш. Сыдыков көчөсүндө жайгашкан. Жалпы аянты -1004,7м квадрат, жердин ээлеген аянты -4752,1 м. Бакчанын ичинде музыка болмөсү, методикалык бөлмө, мээрбан айымдын бөлмөсү, кир жуучу бөлмө, ашкана тайпанын бөлмөлөрү ж.б. бар.

Балдар бакчасы 6 тайпа 170 балага ылайыкталган. Бүгүнкү күндө 6 тайпа 200 дон ашык бала тарбияланып жатат. Башында 23 адам эмгектенет. 7 тарбиячы, методист, 1 мээрбан айым, 1 музыка мугалими, бир жуугуч, 2кароолчу жана тарбиячынын жардамчылары ж.б.

Балдарды жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша уйрөтөбүз, 1,5 жаштан 7 жашка чейин кабыл алынат.

Бала бакча жыл башында бекитилген план боюнча иш алып барат. Ар группанын тарбиячылары өз убагында сабактарын өтүп, балдарды кароо, тарбияоо менен алектенишет. Мектепке барып, башталгыч класстардын сабагына катышып, өз билимдерин өркүндөтүп, метод алмашышат. Майрам күндөрү дайыма утренниктер өтөрүлөт. Бакча ачылган жылдары Сидатова М.С. жетектеген. Кийинчерек Ким О.Г., Темилетова О.Г, 1980-жылдары Летинова Г.А. жетектеген.

1990-жылдары Аблакимова Б, Сансызбаева М, Жунусова К жетектеп келген. 2009-жылдан баштап Соронбаева Э.М. жетектеп келе жатат.

**№4 “Жомок” балдар бакчасынын тарыхы**

№4 “Жомок” балдар бакчасы 1985-жылы курулуп, 1986-жылы ишке киргизилген.

Бала бакча Таш-Көмүр шаарына караштуу Кызыл-Алма шаарчасында жайгашкан. Бала бакчанын имараты эки кабаттуу, 14 группа, 320 орунга ылайыкташтырылган. Ачылган күндөн баштап бул бала бакчада өзгөчө жашына карата мебелдер менен камсыздалган. Балдар аянтчасында балдар ойноо үчүн жакшы шарттар түзүлгөн.

Азыркы учурда эки группа иштеп жатат. Бул группаларды 50-60 мектепке чейинки балдар тарбияланып келүүдө. Мындан ары №4 “Жомок” балдар бакчасы Кызыл-Алма шаарчасынын тургундарына кызмат көрсөтүүгө дайым даяр.

**«Байчечекей» №3 балдар бакчасы**

«Байчечекей» №3 балдар бакчасы 1984-жылы 14-апрелде ишке кирген. Бала бакча 140 орунга эсептелип курулган.1984-жылы «Кристалл» заводунун курулушу кызуу башталгандыгыа байлаыштуу «Куруучулар» кичирайонунда эл көп болгондуктан 200 баланы кабыл алууга туура келген. Бала бакчанын биринчи башчысы Л.Н. Акимова болуп, 12 тарбиячы эмгектенген. 1986-жылы С.Аметова, 1987-жылы 31-августтан баштап Б. Тетишева жетектеп келе жатат. «Эл агартуунун отличниги» төш белгисинин ээлери: Б.Тетишева, З.Мамытова. «Жылдын мыкты тарбиячысы» конкурсунда байгелүү орундарга жеткен мыкты тарбиячылар: У.Курманалиева, О.Сейитбекова. Бала бакча «Жылдын мыкты бала бакчасы» конкурсунда бир топ ийгиликтерге, байгелүү орундарга жетип, областтык, шаардык бир нече ардак грамоталар менен сыйланган. Бала бакчанын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында 2004-жылдан бери эл аралык уюмдар менен иштешип келет. «Мерси-ко» уюмунан 10 стол, 40 стул, 2 китеп шкафы алынган. 2007-жылы «Мерси-ко» уюмунан 7 стол, 28 стул, 4 кийим илгич алынды, 2009-жылы түрткү берүүчү грантка 1млн.509 сомдук долбоор жазылып, бала бакчанын чатырчасы 2011-жылы жабылып бүткөрүлдү. 2011-жылы «Мерси-ко» уюмуна

долбоор өтүп, бир тайпанын полу толугу менен жаңыланды. 2012-жылы Таш-Көмүр шаардык Миграция жана эмгекке орноштуруу бөлүмү аркылуу 75 метр тосмо менен тосмолонду. 2013-жылдын июнь айында жергиликтүү бюджеттин эсебинен бир тайпа толугу менен жаңыланган. 2012-жылдын октябрь айында «Тансу» электр жылыткычы орнотулган.

Азыркы учурда бала бакчада 6 тайпада 200 бала тарбияланат. 6 тарбиячы эмгектенет, алардын ичинен төртөө жогорку билимдүү, экөө атайын орто билимдүү жана 6 тарбиячынын жардамчысы эмгектенет. Бала бакчада мамлекеттик тилди өнүктүрүү, кыргыздын каада-салттарын калыптандыруу боюнча бир топ иштер жүргүзүлүүдө.

### «Чабалекей» №5 балдар бакчасы жөнүндө

Шаардык мэриянын №159 буйругунун негизинде 2012-жылдын июнь айында №5 «Чабалекей» бала бакчасы ачылган. Бала бакчанын имараты 1975-жылы курулган. Алгач бала бакча болуп ачылып, кийин 1996-1998-жылдары гимназия мектеби болгон. 2000-жылдары имараттын бөлүгү бөлүнүп архивге, прокуратурага, балдар чыгармачылык үйүнө берилген. Балдар



чыгармачылык үйүнүн жайгашкан бөлүгүнө бала бакча ачылып, 3 тайпада 90 бала тарбияланат. Азыркы учурда «Мерсико» уюмуна 113589,24 сомдук эмерек үчүн долбоор өттү. Бала бакчанын директору К.Жунусова.

### “Наристе” №6 балдар бакчасы

Шаардык мэриянын №257 буйругунун негизинде 2013-жылдын февраль айында ачылды. Бала бакчанын имараты В.И.Ленин атындагы №5 орто мектебинин кошумча имаратында жайгашкан. Бала бакчада 2 тайпада 60 бала тарбияланат. Бала бакчаны ачуу үчүн шаардык бюджеттен 435,0 миң сом акча каражаты жумшалды. 12 кызматкер эмгектенет. Директору Г.Курманалиева.

### “Ягодка” №12 балдар бакчасы

Бул бала бакча Кызыл-Жар шаарчасында жайгашкан.1951-жылы негизделген. Алгач В.Эсенова,1985-жылдары К.Эсенова, 2006-жылдан баштап М.Жунусалиева жетектешкен.Ушул жылдары тарбиячылар А.Садыкова, Г.Жолдошова, Ж.Боронбаева, Д.Айтмырзаева эмгектенип келе жатышат.1998-жылы бала бакчанын имараты Пушкин көчөсүнө көчүрүлүп, Э.Аттокурова директор болуп, азыркы учурга чейин жетектейт.7 кызматкер эмгектенет. 2011-жылы “Мерси-ко” уюмуна долбоор жазылып, эмерек менен камсыз болгон.

### №13 “Теремок” балдар бакчасы

Бул бала бакча Кызыл-Жар шаарчасында жайгашкан. № 13 «Теремок» балдар бакчасы 1978- жылы ачылган. Эки кабаттуу 140 орундуу. Балдар бакчасы ачылганда Халимова Роза Харасовна жетектеп, 5 тайпа иштеген. Кийинки жылдарда балдардын саны аз болуп 1 тайпа менен иштеген күндөр болду. Азыркы учурда 3 тайпа иштеп жатат. Балдар бакчасында Клёсова Валентина Евдокимовна 32 жылдан бери тарбиячы болуп эмгектенет. 2004- жылы балдар бакчасына долбоор жазып «Мэрсико» тарабынан 10 стол, 40 стул алынган.

2012-2013- окуу жылында балдар бакчасынын чатырчасын

жабуу үчүн АРИСке долбоор жазылып, суммасы 1478405 сомдук долбоор ишке ашып, тендер жарыяланган. Азыркы учурда балдар бакчасынын жетекчиси Жунусалиева Махсудахон Кундузовна эмгектенип келет. Эмгек стажы- 28 жыл.

## №14 “Үмүт” балдар бакчасынын тарыхы

Шамалды-Сай шаарчасындагы жаңы ачылган №14 “Үмүт” балдар бакчасы 1958-жылы “Сказка” деп аталып ачылган бакча эле көп жылдар бала бакча болуп иштеп көп жылдар - бала бакча болуп иштеп, көп деген наристе бөбөктөр тарбияланган. Союз таркаган мезгилде “Сказка” бала бакчасы да шартка байланыштуу коюулуп кеткен. Кийин Фрунзе атындагы №8 орто мектептин карамагында болгон окуучулар окуп жүрүшкөн. Шамалды-Сай шаарчасында бир эле бала бакча калган. Ал бала бакча №11 “Теремок” балдар бакчасы эле. Бала бакчанын жетечиси Мураталиева Салия Момунбековна 19 жылдан бери жетекчи болуп иштеп келгенде бала бакча көптөн бери ремонт болбогон. Долбоор жазуу менен гана каражати табуу керек эле.

Салия ошол эле жылы Мерсикого балдардын тамагы үчүн жазган долбоору өтүп беш жолу каржыланды.

Кийин АБРге жазып чатырын жаңылап сыртын жана ички ремонтун жасады. Мерсико кайрадан колдоо көрсотүп грант менен мебель алышты. Салия Мураталиеванын эмгегин эли баалап 2001-жылы жергиликтүү кеңешке депутат кылып шайлашты. 2008-жылы Таш-Көмүр шаардык кеңешке депутат болуп шайланды. Депутаттыкка өткондөн кийин экинчи балдар бакчасын балдар үчүн, ата-энелердин көйгойүн чечип берүү үчүн шаарчалык өчакырымөткө кирип Фрунзе атындагы №8 мектепке караштуу мурда бала бакча болуп жоюулуп кеткен жайды балдар бакчасына кайтарып берүүсүн сурана. Бул маселе республикалык министрлик аркалуу чеилип аракеттер көрүлө баштады. Бул жайдын бала бакчага айландырылышы оңой-олтоң болгон жок, кыйынчылыктар менен талаш-тартыш менен ишке ашкан. Бакчага “Үмүт” деген ат коюп ачылды. Ата-энелердин үмүтү актарылсын, жаш наристелерди бала бакча-

га үмүт менен келет деп "Үмүт" балдар бакчага жетекчи болуп Таш-Көмүр аардык кеңештин депутаты, шаардык, областтык, республкалык министрликтин Ардак грамотасынын эки, Эл агартуунун отличниги Мураталиева Салияхон Момунбековна шайланды. Салия Момунбековна жана анын эмгек жамаатынын ынтымактуу аракети менен ремонт иштери башталды. Каражат маселеси чечилбей турган. Жетекчи өз каражаты менен ишти баштады. Ата-энелердин демөөрчүлөрдүн, жергиликтүү бийликтин колдоосу менен жакшы Үмүт менен баштаган "Үмүт" балдар бакчасынын жайы толук капиталдык ремонттон чыгарылып наристелер үчүн өз эшигин ачты.

Таш-Көмүр шаарына караштуу Шамалды-Сай шаарчасында ШБББнө караган №14 "Үмүт" балдар бакчасы ачылсын деген Таш-Көмүр ШБББнүн башчысы Т. Шабдановдун буйругунун негизинде 2-май күнү "Үмүт" балдар бакчасы жаш наристелер, бөбөктөр үчүн өз эшигин ачты. Азыр 8 тайпа 250 орундуу 6 тайа иштеп жатат. 180 бала тарбияланып энелердин түйшүгү жеңилдетилди. Ушул тапта чакан эмгек жамааты жагымдуу шарты бар бөбөктөр үчүн камкордук көрүп иштеп жатышат.

Мураталиева Салия Момунбековна калктын ишеничин актап, берген убадасын аткарып жаңы бала бакча ачып бергендиги үчүн эли эмгегин баалап үчүнчү жолу шаардык кеңешке депутаттыкка шайлашты.

## ШААРДЫК ЖАРАНДЫК АКТЫЛАРДЫ КАТТОО БӨЛҮМҮ

Таш-Көмүр шаардык ЖААК -жарандык абалдын актыларын каттоо бөлүмүнүн тарыхына көз салсак бөлүмдүн архивинде сакталып турган документтерге ылайык 1936 -жылдан тартып СССР Ички иштер комиссариаты, Кыргыз АССР, Таш-Комур району, Калинин сельсовети болуп аталган. Андан бери 77 жыл өтсө да калктын табигый кыймылын каттоо эч үзгүлтүккө учурабай тескерисинче өнүп өсүп жаңы техникалык каражаттар менен камсыз болуп өз ишин улантып келе жатат. Ар бир адамдын төрөлгөндөн баштап анын өмүрүнүн акырына чейинки эсте калчу көз ирмемдер мына ушул бөлүмдө катталып

ал документтер 100 жыл бою сакталат. Бөлүмдө шаар тургундары үчүн маанилүү болгон документтерди иреттеп, тыкан жана таза сактоо, бөлүмдүн ишин жетектөө милдети жоопкерчиликтүү жана түйшүктүү ишти шаардын алдынкы лидер айымдары аткарып келишкен. Совет доорунда Дегтарева, өткөөл мезгилде К.Гайнулина, Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан кийин П.Мендибаева, С.Жороева жетектесе, 2006-жылдан бери шаар элине М.Кулмырзаева кызмат кылып келе жатат.

**Кулмырзаева Марипа Асылбековна**

1971-жылы туулган, улуту кыргыз, билими жогорку юридикалык, үй-бүлөлүү, 1кыз, 1 уулдун энеси.

Эмгек жолун 1992-жылы Таш-Көмүр шаардык сотунда соттук заседаниянын катчысы болуп иштөөдөн баштаган. 1995-жылдан баштап жарандык абалдын актыларын каттоо боюнча Жалал-Абад областтынын Кара-Кол шаардык ЖААК бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу болуп, 2002-жылдан баштап Уч-Терек ЖААК бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

Жарандык абалдын актыларын каттоо боюнча өзүнүн жогорку билимдүүлүгүн көрсөтүп тапшырылган милдеттемелерин так жана оз убагында аткарат. Жарандар менен сылык мамиледе болуп алардын ар бир маселелери боюнча жекече жардам берип келе жатат. Өзүнүн эмгек жолунда ишке болгон кызыгуусун, активдүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды. Шаарыбызда өткөрүлүп келе жаткан майрамдарга чоӊ салымын кошуп келет.

Эмгек коллективинде урмат—сыйга татыктуу. Шаарда укукту даӊазалоо иштерин мектеп окуучуларынын арасында жана башка мекемелерде ар дайым өткөрүп келет.

Жогорудагы көрсөтүлгөн артыкчылыктарды эске алынып Кулмырзаева Марипа Асылбековна Таш-Көмүр шаардык мэриясынын Ардак грамотасы, Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

## МААЛЫМАТ

Таш-Көмүр шаардык «Жылуулук камсыздоо» ишканасы Таш-Көмүр шаардык администрациясынын башчысынын 1996-жылдын 17-январындагы №2 токтому жана 1996-жылдын 24-январындагы №15 буйругунун негизинде «Водотеплоснабжение» ишканасынан бөлүнүп «Жылуулук» ишканасы болуп түзүлгөн, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 07.07.2008 жыдагы № 366 жана 02.09.2008 жылдагы № 493 Токтомдорунун негизинде Таш-Көмүр шаардык «Жылуулук камсыздоо» ишканасы болуп 04.11.2009 жылы каттоодон өткөн. Таш-Көмүр шаардык «Жылуулук камсыздоо» ишканасы Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигинин алдындагы «Кыргызтуракжайкоммунсоюз» мамлекеттик ишканасына караштуу мамлекеттик ишкана.



Таш-Көмүр шаардык «Жылуулук камсыздоо» ишканасынын балансасында 4 электро откана, 7 көмүр менен жагылуучу откана бар.

Шамалды-Сай шаарчасы боюнча 2 электро откана жана Таш-Көмүр шаары боюнча 4 көмүр менен жагылуучу отканалар толук кубаттуулукта иштеп, жылына 8764,70 Гкал жылуулук энергиясын өндүрүү менен бирге күз-кыш мезгилинде шаар калкына 3432,56 Гкал, мекеме-ишканаларын 2519,91 Гкал, жылуулук энергиясы менен камсыздайт. Ишканада жалпысынан жылуулук камсыздоо убагында 72 адам эмгектенет, ал эми жаз-жай мезгилинде 33 адам эмгектенет.

Таш-Көмүр шаарында жайгашкан көмүр отуну менен жылуулук энергиясын өндүрүүчү отканалар жана жылуулук өткөрүүчү түтүктөр негизинен 1954-1962 жылдары курулуп пайдаланууга берилген , отканалар жылуулук энергиясы менен негизинен

шаарда жайгашкан мектептерди, бала-бакчаларды жана мекеме ишканаларды күз- кыш мезгилинде үзгүлтүксүз жылуулук энергиясы менен камсыздап келүүдө. Отканалар эксплуатацияга берилген мезгилден бери элүү жылдан ашуун мезгил аралыгында бир да обьект капиталдык оңдоодон өткөн эмес, бирок ошого карабастан ишкана чарбалык эсептин негизинде иш алып баргандыктан акыркы үч жыл аралыгында негизинен отканалардан кеткен жылуулук өткөрүүчү түтүктөрдү Таш-Көмүр шаарынан 395 п/метр «Кыргызтуракжайкоммунсоюз» мамлекеттик ишканасынын көмөгү менен алмаштырылып жаңыланды.

Ал эми Шамалды-Сай шаарчасында жайгашкан электро отканалар 1994 жылы НГЭС ишканасы тарабынан өткөрүлүп берилген, бул электроотканалардын жылуулук өткөрүүчү түтүктөрү 1970- жылы эксплуатацияга берилген 40 жылдан бери капиталдык оңдоодон өткөн эмес. Шамалды-Сай шаарчасынан 1290 п/метр түтүктөр жер астында жайгашкандыктан жана жер кыртышы шагыл болгондуктан, түтүктөрдүн чириген жерлеринен аккан суу билинбей жер астына сиңип кетип ал утечкаларды табуу аябай кыйынчылыктарды жаратып, Шамалды-Сай шаарчасындагы № 2 электроотканынын жылуулук өткөрүүчү түтүктөрүн жаңылоо капиталдык оңдоодон өткөрүү боюнча «Кыргызтуракжайкоммунсоюз» мамлекеттик ишканасынын администрациясына кайрылып, сметалары, иш-пландары түзүлүп, «Кыргызтуракжайкоммунсоюз» мамлекеттик ишканасынын көмөгү менен дээрлик 80 пайыз жылуулук өткөрүүчү түтүктөр алмаштырылып, жер үстү менен тартылып , жаңыланып өткөн жылуулук камсыздоо мезгилинде шаардын калкы жана социалдык-маданий обьекттер үзгүлтүксүз сапаттуу жылуулук энергиясы менен камсыз болду.

2012-2013- жылдардагы жылуулук камсыздоо мезгилинде Таш-Көмүр шаардык жылуулук камсыздоо ишканансы 6366,3 Гкал жылуулук энергиясын өндүрүп, калкка 3072,5 Гкал. 2196,8 млн. сомдук, бюджеттик мекеме-уюмдарга 1481,5 Гкал. 4681,5млн. сомдук жылуулук энергиясы менен камсыздаган. Ошол эле учурда берилген жылуулук энергиясына болгон

төлөмдөрдү жыйноо боюнча ишкананын абоненттик бөлүмү тарабынан калкка дайыма түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. Тактап айтканда 2013-жылдын 7 айлык жыйынтыгында абоненттердин жылуулук энергиясына болгон төлөмдөрүн шаардын калкы- 91,1 пайызга, бюджеттик мекеме-уюмдар — 91.2 пайызга, жалпысынан — 91,15 пайызга аткарылды.

2013-жылдын март айында жылуулук камсыздоо сезону аяктагандан кийин отканаларды 2013-2014 жылкы жылуулук камсыздоо сезонуна даярдыктарды көрүүнү түзүлгөн иш-чаралардын негизинде баштап, 2013-жылдын август айына карата көмүр менен жагылуучу төрт отькананын дээрлик оңдоо иштери аяктап, отканадагы отказандар, боровтор ачылып, тазаланып, колосниктердин жараксыздары жаңысына алмаштырылып, үч отканага жаңы суу туртуучу насостор орнотулуп, резервдик насостор жана кыймылдаткычтар майланып, подшипниктери жаңыга алмаштырылып, электро жабдуулар толугу менен ревизиядан өткөрүлүп, отькананын ичи-тышы акталып, сырдалып жылуулук камсыздоо сезонуна толугу менен даяр. Ондоп- түзөө иштерин ишкананын башкы инженери Ж.Анашовтун жана участка башчысы Т.Төрөкуловдун жетектөөсү менен 6 адамдан турган ремонттук бригада иш алып барууда.

Ошол эле учурда, күз-кыш мезгилинде отканаларга от жагуучу жумушчулардын жетишсиздигинен, эмгек акынын аздыгынан, жумуш графиги сезондук болгондуктан жумушчулардын жумушка тартылуусу кыйынчылыктарды жаратып келет.

Бирок, жумушчуларды жумушка тартуу максатында үй-бүлөлүк подрядды негиз кылып өткөн жылуулук камсыздоо сезонунда Таш-Көмүр шаарындагы № 3 «Новостройка» отканасында Э.Майрыковдун үй-бүлөсү иштеп, сапаттуу жылуулук энергиясы менен № 5 отро мектепти үзгүлтүксүз камсыздап келди, негизинен жылуулук энергиясын алуучу №5 орто мектебинин коллективи ыраазылыгын билдиришип, үй-бүлөлүк подряддын негизинде иштөө жакшы ийгиликтерди жаратты.

Ал эми Шамалды-Сай шаарчасында жайгашкан элкетроотканаларда оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, учурда 65

пайызга оңдоп-түзөө жумуштары аткарылды. Баардык отканаларда электр эсептегичтердин ордуна жаңы электрондук электр эсептегичтер жана бардык отканаларга суу эсептегичтер сатылып алынып азыркы күндө орнотулууда. Таш-Көмүр шаардык «Жылуулук камсыздоо» ишканасы быйылкы 2013-2014-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдык көрүү максатында 2013-жылдын 1-августуна карата жалпысынан оңдоп-түзөө иштерине 1170,0 миң сом сарпталып жалпысынан 75 пайызга даяр.

## ЖАШТАР ЖАНА ӨСПҮРҮМДӨР АРАСЫНДА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ИШ АРАКЕТТЕРИ



Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын 2011-жылдын 13-январында чыгыш № 10-20/88 катында ар бир район шаарларда Жаштар Кеңешин түзүү боюнча долбоор келген. Бул каттын негизинде шаарыбызда Жаштар Кеңешин түзүү боюнча 2011-жылдын 15-февралында №82-токтому кабыл алынып, жобосу иштелип чыгылып, 2011-жылдын 16-февралында шаардык мэриянын кеңешме залында шаардын жаштары катышкан "Жаштардын форуму" болуптөткөн. Ал форумга Жалал-Абад областтык мамлекттик администрациясынын кызматкерлери жана шаардын 130 жаш өкүлдөрү катышып, шаардын жаштарына кайрылуу кабыл алынып, областтык форумга делегаттар шайланган. Март айында Жалал-Абад шаарында "Жаштар өлкөнүн күчү" аттуу Президентин жолугушуусунда областтык форум өтүлүп, шаардын 6 өкүлү катышып калды.

Кыргыз Республикасынын жаштар министрлигинин жардамы жана ЮНИСЕФтин колдоосу менен шаарда Жаштар борборун ачуу үчүн маданият үйүнүн имаратынан 2 бөлмөсү

бөлүнүп, Жаштар иштери министрлигинин Жалал-Абад областынын жаш жарандарын өнүктүрүү коомдук фонду тарабынан керектелүүчү материалдарын алып берип, шаардык эмгек, ишке орноштуруу жана миграция башкармалыгы тарабынан ремонт иштери жасалды.

Жалал-Абад жаш жарандарын онуктүрүү коомдук фонду жана ЮНИСЕФ тарабынан 2 китепче шкафы, 12 стол, 40 стул, 6 компьютер, 1 проектор, 1 фото аппараты жана 1 принтери шаарыбыздын Жаштар борборуна келип, азыркы убакта ар бир ай сайын 20 англис тили жана 20 информатиканы үйрөнүү боюнча курсунда жалпы 40ка жакын жаштар окуп үйрөнүп келишкен.

Таш-Көмүр шаарында бүгүнкү күндө жалпы жаштардын саны 10659 болсо, 5492си эркек, 5167син кыздар түзөт.

Бүгүнкү учур талабы жаштардын башын бириктирип, алардын мамлекетти жана шаардын экономикалык-саясий, социалдык, маданий өнүгүүсүнө тартуу болуп саналат. Жаштарга талаптагыдай көңүл буруу максатында шаарда ар кандай иш чаралар алынып барып жатат. Алсак, шаардык билим берүү мекемелеринде билим жана тарбия алып жаткан жаштардын арасында болуп жаткан терс көрүнүштөрдүн алдын алуу максатында, 2011-жылдын январь, февраль айларында бардык орто мектептерде шаардык мэрия, шаардык ички иштер бөлүмү менен биргеликте мектеп окуучулары менен жолугушуулар өткөрүлүп, окуучулардан түшкөн сунуш-пикирлердин негизинде иш-чара иштелип чыгып жыл боюу иш-чаранын үстүндө иш алып барылуу менен ТИПИ, ТАК, №111-КЛдин студентери жана шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу мектептердин 9-10-11-класстын окуучуларына атайын түзүлгөн жумушчу топ жаштарды ынтымакка жана биримдикке чакыруу максатында жолугушуулар өткөрүлүп турулат.

Жыл сайын 23-февраль Ата-мекенди коргоочулар күнүнө карата жана 8-март Аялдардын эл аралык майрамына карата маданият сарайында шаардык деңгээлде "Аралаш шоу" аттуу жаштар арасында кароо сынактар финалы жана жарым финалынын лигасы өткөрүлүп турулат. Сынакта шаардын жаштары

өзүлөрүнүн  жакшы корсөткүчтөрүн көрсөтүшүп, шаардык мэрия менен шаардык Кеңештин диплому жана "Жаштар" заманы фонду тарабынан демөөрчүлөрдүн  акчалай сыйлыктары менен сыйланыптурушат.

9-май Жеңиш майрамында Жаштар борбору тарабынан Улуу Ата Мекендик согушка катышкан ардагерлерге белектер тапшырылат, ошондой эле спорт бөлүмүнүн кызматкелери менен биргеликте кыз келиндер арасында волейбол оюнун жеңүүчүлөрүнө 1-2-3-орунга баалуу белектери берилип келет. ьШаардык маданият департаменти менен биргеликте "Таш-Көмүр периси" кароо сынактары шаардык деңгээлде уюшкандыкта өткөрүлүп, Жаштар борбору тарабынан жеңүүчүлөргө эстелик белектери берилип турулат. Областтык деңгээлде "Биринчи байлык —ден соолук, экинчи байлык мекеним", аттуу КВНдерге Таш-Көмүр шаарынын курама командасы дайыма катышып, байгелердин ээси болуп келишет.

"Жумушсуздук жалкоолуктун натыйжасы" жана "Миграция жана жумушсуздук"  деген темада шаардык Жаштар борборунда  тегерек стол өткөрүлпүп турулат.

Андан сыртары Жалал-Абад областында семинарлар-тренингдере такай катышып турабыз.

Учурда шаардык жаштар борборун түзүлгөндөн тартып Боронбаев Нурлан Абдираимович жетектеп келет.

## XXI-кылымдын кадрлары даярдалат ТАШ-КӨМҮР ИНЖЕНЕРДИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ИНСТИТУТУ

### Институт жөнүндө маалымат

Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык институту (ТИПИ) ЖАМУнун ректорунун 2007-жылдын 29-августунда №278-буйругунун негизинде материалдык- техникалык базаны чыңдоо жана регионго адистерди камсыз кылуу максатында Таш-Көмүр технологиялык факультетинин (ТТФ) базасында түзүлгөн.

Ал эми Таш-Көмүр шаарында жогорку окуу жайдын ачылышы СССРдин убагында же болбосо 1990-жылга туура келет.



Бул боюнча атайын уюштуруу комиссиясы түзүлүп, алар Таш-Көмүр жарым өткөргүч материалдар заводун, №111-кесиптик техникалык окуу жайын, Таш-Көмүр, Шамалдуу-Сай ГЭСтерин, «Таш-Көмүр курулуш» трестин жана «Таш-Көмүр» шахта башкармалыгынын кадрларга муктаждыгын аныктаган. ФПИнин Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде 1990-жылы 29-марттагы ректордун №30-буйругу менен Майлуу-Суу шаарындагы Окуу-консультативдик борборунун материалдык-техникалык базасын көчүрүү менен ФПИнин Таш-Көмур шаарындагы кечки факультети ачылган. Факультеттин деканы болуп т.и.к., доцент С.Жумагулов дайындалган. С.Жумагуловдун жетекчилиги менен Майлуу-Суу ОКБнын тажрыйбалуу окутуучулары, китепканасы жана материалдык-техникалык базасы Таш-Көмүр шаарына которулган. Биринчилерден болуп факультеттин базасын түзүүдө, студенттерди кабыл алууда жана окуу иштерин уюштурууда А.Каримов, А.Ызабеков, Ы.Кудайназаров, Н.Саралаев, А.Акматкулов жана башк кызматкерлер чоң салымдарын кошушкан.

1993-жылы т.и.к.доцент Шайдылдаев Бусурманкул Анарбекович - Таш-Көмүр технологиялык факультетинин деканы болуп дайындалган. Ага чейин бир жылга жакын декандын милдетин аткаруучу болуп физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Ызабеков Абдували Ызабекович кызмат өтөгөн. А.Ызабековдун жетекчилиги менен алгачкы лабора-

ториялар, кабинеттер түзүлгөн. 1992-жылы факультеттин алгачкы "Жалпы техникалык илимдер" кафедрасы түзулүп, анын башчысы болуп Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен тех.и.к., доцент А.Каримов шайланган. А.Каримовдун демилгеси менен факультетте усулдук, илимий иштер уюштурулуп, окутуунун сапатына чоң көңүл бурулуп, жаңы кафедралар ачылган.

Ал эми, 1995-жылдан ушул кезге чейин т.и.к.,профессор Сооронбаев М.Р. факультеттин деканы болуп, азыркы учурда ТИПИнин директору болуп иштеп келүүдө.

М.Сооронбаевдин жетекчилиги менен факультетте жаңы адистиктер ачылып, окуу имараттары алынып, тиешелүү материалдык-техникалык база түзүлгөн. Көптөгөн алгылыктуу иш-аракеттеринин натыйжасында, факультет үч окуу корпусу, бир кинотеатры, 6 илимий кафедрасы бар алдыңкы факультеттердин бирине айланган.

Сооронбаев М.Р. Таш-Көмүр технологиялык факультетинин, (ТТФнын) деканы болуп дайындалып келген күндөн тартып эле анын өркүндөшү үчүн, өзгөчө кардлар маселесине, окуу процессинин сапатына, илимий жана социалдык иштердин ийгиликтүү болушуна эң жогорку жана чоң талаптарды коюп келет. Мына ушундай обьективдүү талаптар 2007-жылы ТТФнын базасында Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык институту болуп кайра түзүлгөндөн кийин мурдагыдан да катуу күчөтүлүп, убакыт өткөн сайын институттун ийгиликтери арбындаган. Институтка караштуу 3 окуу корпусу оңдолуп-түзөлүп, окуу канаалары, тажрыйбаканалары жасалгаланып, жабдылып, материалдык-техникалык база чыңдалды. Студенттерге терең жана сапаттуу билим берүү үчүн окумуштуу даражага ээ адистер зарылдыгын түшүнгөн жетекчи окутуучулардын илим изилдөөлөрүнө шарт түзүп, колдоо көрсөтүп келүүдө.

2001-2013-жылдардын аралыгында окуу жайдан 11 окутуучу кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү жакташты, учурда 4 окутуучу илимий ишин жыйынтыктап кандидаттык диссертациясын коргоо алдында турат. Илимий иштердин натыйжалуулугу, мындайча айтканда, кандидаттык диссертациялардын

жакталып турушу, жаш окутуучулардын илимий изилдөө иштерине тартылышы окуу жайдагы жетишилген ийгиликтердин эң маанилүүсү десе болот.

Институт башка жогорку окуу жайлардын катарында окутуу-тарбиялоо программасын ишке ашырууда студенттердин терең билим алуусу менен бирге улуттук аң-сезимди көтөрүү, адептүүлүккө, патриоттуулукка жана интернационализмге тарбиялоо, атуулдук мыкты сапаттарды өнүктүрүү иштерин жүргүзөт.

Жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүсү ар тараптуу өнүгүүсү зарыл. Ошондуктан студенттердин окуудан тышкаркы бош убактысында ар кандай конкурстарга, дебаттарга, интеллектуалдуу оюндарга, спорттук мелдештерге катышуусу үчүн институтта бардык шарттар түзүлгөн жана борборлор, ийримдер иштейт. Атап айтсак Көркөм чыгармачылык борбору, Мамлекеттик тил борбору, Тарыхый маданият борбору, “Каныкей”, “Лира”, “Дебат”, “Ден соолук” ийримдери, бий залы, фольклордук ансамбль жана башкалар.

Азыркы учурда институтта 2 факультет жана 5 илимий кафедра бар, жалпысынан 65 кызматкер эмгектенет. Анын ичинен профессордук-окутуучулар курамы- 35, окуу көмөкчү кызматкерлер-13, көмөкчү персоналдар- 17. Жалпы 1000ден ашуун студенттер күндүзгү, сырттан жана дистанттык окуу бөлүмдөрүндө билим алып жатышат. Жалпы аянты 8355 чарчы мтрди түзгөн 3 окуу корпусу, 1 кинотеатр, 40 орундуу окуу залы, 50 орундуу студенттик ашкана, 28000 ден ашык нускадагы китепкана фонду, 48 орундуу компьютердик класс, 1 электрондук китепкана, 1 интернет класс студенттерге кызмат кылат.

**Сооронбаев Манасбек Раишбекович**

1957-жылдын 15-февралында Жаңы-Жол районунун Ак-Суу айылында туулган, улуту кыргыз, үй-бүлөлүү, 2 уулу, 1 кызы, 4 небереси бар. Билими жогорку, ФПИни 1983-жылы бүтүрүп, инженер-куруучу адистигине ээ болгон. Алгачкы эмгек жолун 1963-1973-жылдары А.Осмонбеков атындагы орто

мектебин аяктаган соң, 1973-1974-жылдары Республикалык чыгармачылык үйүнүн окуучусу болгон. Андан кийин 1974-1975-жылдары Ак-Суу орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган.



1975-1977-жылдары ФПИнин Кара-Көлдөгү кечки факультетинде лаборант, студент,

1977-1979-жылдары Москва шаарында В.И.Ленин атындагы саясий академияда аскердик кызмат өтөгөн.

1979-1980-жылдары кайрадан ФПИнин Кара-Көлдөгү кечки факультетинде лаборант, окуу мастери, студент,

1980-1983-жылдары ФПИнин күндүзгү окуу бөлүмүнүн «Өндүрүштүк жана граждандык курулуш» адистигинде студент,

1983-1987-жылдары ФПИнин Кара-Көлдөгү кечки факультетинде окутуучу, ага окутуучу,

1987-1991-жылдары Киевдеги инженердик-курулуш институтунда илимий иштерин жүргүзгөн, илим-изилдөөчү, аспирант,

1991-1994-жылдары Кара-Көл инженердик-факультетинде «Курулуш» кафедрасынын башчысы,

1994-1995-жылдары Кара-Көл инженердик-факультетинде «Курулуш» кафедрасынын башчысы,

1995-2007-жылдары ЖАМУнун Таш-Көмүр технологиялык факультетинин деканы,

2007-жылдан бери ЖАМУнун Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык институтунда директор.

***Жетишкендиктери жана сыйлыктары:***

1991-жылы Техника илимдеринин кандидаты,1997-жылы Доцент болгон,

1996-жылы КРнын билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен,

2000-жылы КРнын билим берүүнүн отличниги, Таш-Көмүр шаардык кеңешинин III чакырылышынын депутаты,

2001-жылы КР окумуштууларынын I сьездинин делегаты,

2002-жылы КР инженерлеринин I сьездинин делегаты,

2004-жылы Таш-Көмүр шаардык кеңешинин IV чакырылышынын депутаты, КРнын инженердик академиясынын академиялык кеңешчиси,

2004-жылы ЖАМУнун эмгек сиңирген ишмери,

2005-жылыЖАМУнун профессору,

2007-жылы Жалал-Абад областтык администрациясынын «Ардак грамотасы», 2008-жылы Таш-Көмүр шаардык кеңешинин V чакырылышынын депутаты болуп, ушул эле жылы Кыргыз Республикасынын «Ардак Грамотасы» менен сыйланган.

2009-жылы Таш-Көмүр шаарынын Ардактуу атуулу,

2010-жылы Таш-Көмүр шаарынын «Жылдын мыкты жетекчиси-2010»,

2012-жылы «Үлгүлүү мекеме-2012» номинациясынын ээси, Таш-Көмүр шаардык кеңешинин VI чакырылыш депутаты болду.

1995-жылдан бери бир нече жолу ЖАМУнун, Таш-Көмүр шаардык мэриясынын жана шаардык Кеңешинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

## №111 Кесиптик лицейдин тарыхы

№111 Кесиптик лицей 1985-жылы "Кристалл" жарым өткөргүч материалдык заводуна жумушчу адистерди даярдоо максатында базалык окуу жай катары "орто кесиптик-техникалык окуу жай" уюшулган.

Окуу жай төмөндөгү кесиптер боюнча "Кристалл" жарым өткөргүчтөр заводуна жумушчу адистерди даярдап, жөнөтүп турган.

1. Химиялык өндүрүштүк кызматкери
2. Автоматика жана текшерип-өлчөө приборлорун оңдоочу слесарь
3. Муздаткыч орноткучтарынын аппаратчиги
4. Жарым өткөргүчтөр материалдарын өндүрүү аппаратчиги

5. Өнөр жай жабдуулары боюнча слесарь-оңдоочу
6. Электр жабдууларын оңдоочу
7. Электр жаасы жана газ менен ширетүүчү

Ошондой эле окуу жай “Таш-Көмүр” шахта башкармалыгына, Үч-Коргон, Таш-Комүр ГЭСине, “Сары алтын”” тамеки фермантациялоочу заводуна, автобаза. Куруулуш иш каналарына жана шаардагы өнөр жай ишканаларына жумушчуларды даярдай турган окуу жай болуп эсептелген.

Союз мезгилинде өлкөбүздүн социалдык-экономикасынын өнүгүшүнө өзүнүн зор салымын кошкон. Алгачкы окуу жайда директор болуп Ураммов Абдумомун Ураммович 1985-жылдан 1986-жылга чейин иштеген. 1986-жылдын окуу жайга Исаев Вера Никалаевна директор болуп дайындалып, 1993-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген. 1993-жылдан 1999-жылга чейин окуу жайды Мамытов Маматарип Мамытович жетектеген. 1999-2002-жылга чейин директор болуп Калматов Токтоналы Кокчоевич иштеген. 2002-жылдан 2008-жылга чейин Арстанкулов Бектур Кулубаевич жетекчи болуп эмгектенген. 2008-жылдан 2013-жылга чейин Джоошбаева Куляра ийгиликтуу жетектеген. 2013-жылдын июнь айынан Тургунбаев Нурлан Анарбекович окуу жайды жетектеп келүүдө.

Учура окуу жайда жалпы 22 инженер-педагогикалык коллектив жаштарды кесиптик-билим жана тарбия берүүдө жергиликтуу эмгектенишүүд. Анын ичинен 19 окутуучу жогорку билимдүү. Кесиптик-техникалык билим берүүнүн отличниктерин сыймыктануу менен атап кетүүгө болот. Алар: Л.И.Бойко, К.Д.Джоошбаева, Б.К.Сатыбалдиева ошондой эле шаардык, областык, республикалык жогорку органдар тарабынан Ардак грамота алган кесиптештерибиз арбын.

Өндүрүштүк окутуунун устаты Булатова Альмакан Бектемировна 2012-жылы областык “Жыл мугалими” сынагына катышып 1 орунду жеңип алып, ошол эле жылы Бишкек шаарында республикалык кесиптик-техникалык окуу жайлар арасында өткөрүлгөн “Жыл мугалими” сынагына катышып байгелүү орун алууга жетишип, Ардак грамота жана баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

Азыркы учурда окуу жай базар экономикасына ылайык адистерди даярдап чыгарууда

1. " Электр жаасы жана газ менен ширетүүчү"
2. "Электр жабдууларын оңдоочу"
3. "Азпозчу"
4. "Тигүүчү"
5. "Жекече компьютерде иштөө оператору"
6. "ВС" категориясындагы айдоочу

Окуу жай Эл аралык донорлору менен тыгыз иш алып барууда.

Мерсико уюму тарабынан 11 даана бир компьютердик класс , 3 даана электр газ ширетүүчү аппарат , Япония гранты аркылуу 6 даана тигүү машиналары алынган.

Алдыда көптөгөн ийгиликтерди жаратуу жана эл аралык донорлор менен иш алып баруу максат , ой тилектери бар.

## ТАШ-КӨМҮР АЙМАКТЫК КОЛЛЕДЖИ

Таш-Көмүр аймактык колледжи 2007-жылдын 5-мартында Таш-Көмүр, Шамалды-Сай, Кара-Көл, Аксы аймактарындагы жаштарга орто кесиптин билим берүү максатында ачылган жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы лицензиялоо жана аккредитациялоо боюнча мамлекеттик инспекциясы тарабынан төмөнкү адистиктерге лицензия алган:

1. Информатика
2. Чет тили (экинчи курстун базасында)
3. Электр тогу менен камсыздандыруу
4. Экономика жана бухгалтердик эсеп
5. Башталгыч класстарды окутуу.
6. Математика

Жаңы ачылгандыгына байланыштуу 2007-2008-окуу жылына төрт адистикке бөлүм боюнча 65 студент жна сырттан окуу бөлүмүнө 28 студент кабыл алынган. 12 мугалим жана 5 административдик башкаруу персоналдары иштеген, төрт кабаттуу үч подъездүү имарат окуу корпусу үчүн сатылып алынган.

Жалал-Абад мамлекеттик университети, Таш-Көмүр инже-

нердик-педагогикалык институту жана Таш-Көмүр аймактык колледжи биригип үч тараптуу, институттун материалдык-техникалык базасын, китепканасын, окуу залын чогуу пайдаланууга келишим түзүлгөн.

Колледждин студенттеринин жашоо тиричилигине, мданияттуу эс алуусуна көңүл бөлүнүп, өзгөчө шарттар түзүлгөн. Окуу менен маданияттуу эс алууну айкалыштырып, ийрим, кече, КВН, диспут, конкурс, жолугушууларды өткөрүп турат. Андан сырткары шаардык маштабдагы иш чараларда активдүү катышат.

Окуу пландары мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлүп, билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген.

Окуу өндүрүштүк практикаларды өткөрүү боюнча шаардын мекеме ишканалары менен келишимдер түзүлгөн. Ошол келишимдердин негизинде ГЭСтерде, подстанцияларда, мектептерде, банктарда ж.б мекеме ишканаларда студенттер практикасын өтүп келүүдө.

Колледждин студенттери облустук масштабда өткөн орто кесиптик окуу жайлардын арасындагы олимпиадаларга катышып, байгелүү орундарга ээ болушат. Спорттук медештерге да активдүү катышып, облустук, республикалык мелдештерге барып келгенстуденттерибиз арбын.

2009-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы аттестациялоо жана аккредитациялоо инспекциясы тарабынан комиссия чакырылып, кошумча үч адистикке лицензия алынды.

1. Укук таануу
2. Финансы
3. Транспорттордожүк ташууну башкаруу жана уюштуруу.

Учурда Таш-Көмүр аймактык колледжине 42 мугалим эмгектенип жатат. Мугалимдердин 100пайыз жогорку билимдүү. Алардын ичинен 3 мугалим-илимдин кандидаттары, 1 Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, 6 мугалим — Агартуунун отличниткери жана 7 административдик башкаруу персоналы үзүрлүү эмгектенип келүүдө.

Колледжде 390 күндүзгү, 297 сырттан окуу бөлүмүндө студенттер билим алууда.

### Шаардык маданият бөлүмү тууралуу маалымат

Шаардык маданият бөлүмүнүн карамагында шаардык маданият сарайы, «Түндүк» аймактык башкармалыгындагы клуб, Кызыл-Жар, Шамалды-Сай шаарча аймактык башкаралыгындагы маданият үйлөрү, борбордук китепкана тармагы жана анын беш филиалы, бир балдар китепканасы, бир балдар музыкалык мектеби, бир балдар искусство мектеби бар. Маданият бөлүмүндө 104 кызматкер эмгектенет

Маданият бөлүмүн Шапикова З. Б., Васильянова Г. Г., Петренко А. С., Акимова Л. Н., Бородина В. В., Карабеков С., Мейманов Б., Жуманов Ж., Кошалиев Р., Усенов М., Сакабаев С. К. жетектешкен.

2010-жылдын июнь айынан бери маданият бөлүмүн Садырбеков Султан Акылович жетектеп келе жатат.

Азыркы мезгилде маданият бөлүмүндө сегиз «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси эмгектенишет. Алар С. Сакабаев, Т.Токоева, С.Садырбеков, С.Каратаев, Г.Рахматуллина, Т.Өмүрканов, С.Шаршеналиев, Г.Жумабекова. Бүгүнкү күндө шаардык маданият сарайын А.Назаров, «Түндүк» аймактык башкармалыгындагы клубду У.Шердалиев, Шмалды-Сай шаарча аймактык башкармалыгындагы Ш.Өтөбаев атындагы маданият үйүн П.Мырзабеков, Кызыл-Жар шаарча аймактык башкармалыгындагы маданият үйүн З.Чакаев жетектесе, ал эми борбордук китепкана тармагын Ч.Добулбекова, балдар искусство мектебин К.Токоева, балдар музыкалык мектебин Н.Сапаралиев жетектеп, үзүрлүү эмгектенип келишүүдө.

Шаардын маданиятын көтөрүүгө барандуу салым кошкон таланттуу инсандар обончу А.Маликеев, С.Сакабаев, Т.Өмүрканов, комузчулар Ж.Токтогулов, Т.Назаркулов, О.Козубеков, К.Токоева, ырчы аткаруучула А.Е.Пилдервассер, А.С.Кадырова, С.Жээнбеков, Г.Каленова, А.Назаров, Н.Сапаралиев, С.Исмаилов, А.Акматов, П.Мырзабеков, У.Смаилов, актер У.Шердалиев жана башкаларды атоого болот.

**Шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы**



Садырбеков Султан Акылович 1974-жылы 21-декабрда Аксы районунун Афлатун айылында туулган. Билими жогорку ЖАМУнун Майлуу-Суу электротехникалык колледжи–инженер-механик, Чүй университети юридикалык факультети–юрист.

**Иш тажрыйбасы:**

1997-1998-ж. Кристалл МАК аппаратчик

1998-1999-ж. Таш-Көмүр технологиялык университети — лаборант

1999-2001-ж. №111 кесиптик лицейи - өндүрүштүк окутуунун мастери

2001-2002-ж. У.э мекемеде директордун орун басары.

2006-2008-жылдары Шаардык мэриянын социалдык маселелер боюнча сектор башчысы.

2008-жылдын 8-январынан сентябрга чейин КР Жогорку Кеңешинин депутатынын жардамчысы

2008-2010-жылдары шаардык мэриянын бөлүм башчысы

2010-жылдан ушул кезге чейин шаардык маданият болүмүнүн башчысы.

Тил билүүсү - мамлекеттик жана расмий.

**Борборлоштурулган китепканалык тармагы**

Борборлоштурулган китепканалык тармагы 1949-жылы негизделген, биринчи китепканачы Калиновская Людмила Сергеевна, андан кийин Котли Валентина Васильевна, Подосиникова Галина Григорьевна жана башкалар жетектеп келишкен. 1977-жылдан баштап борбордук китепкана, балдар китепканасы жана 4филиалда борборлошурулуп бириктирилген. Борбордук китепканада 45721 нуска,балдар китепканасында 19194 нуска, №1 филиалда 28395 нуска, №2филиалда 42221 нуска, №3 филиалда 27342 нуска, №4 филиалда 27063 нуска китеп фондусу бар. 1966-жылды Гайдар атындагы

балдар китепканасы ачылгандан тартып Шумелкина Раиса Ивановна азыркы учурга чейин жетектеп келет.

1993-жылдан шаардын борборлоштурулган китепканалар тармагын Рахматулина Гульсина Закеевна жетектеп, талыкпаган коп жылдык узурлуу эмгеги учун маданият министирлигинин "Ардак"грамотасына татыган. Азыркы учурда ардактуу, кадырман китепканачы катарында №1 филиалдын башчысы кызматын аркалап, акылнасаатын жаш кызматкерлерге жеткирип, айтып келүүдө.

Борбордук китепканада усулдук бөлүмү, библиографалык болүмү, китеп топтоо жана иштеп чыгуу бөлүмү, тейлөө болүмү жана окуу залы иш алып барууда. Борборлоштурулган китепканалык тармагын азыркы учурда Добулбекова Чынара Эргешалиевна жетектеп келет. Азыркы мезгилде бул тармакта 30 адам үзүрлүү эмгектенишүүдө. Алардын арасынан китепкананын сектор башчысы Г.Жумабекова "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгисинин ээси, Х.Халматова, Г.Оролова, Н.Бабанова, М.Эгембердиева көп жылдык эмгектери, шаардын, областын маданиятына салган салымдары үчүн Таш-Көмүр шаардык жана областык мамлекетик администрациясынын ардак грамоталар, дипломдоруна татыктуу болушкан. Борборлоштурулган китепканалар тармагындагы кызматкерлер милдеттерин так аткарып, үзүрлүү эмгектенишүүдө.

## Балдар искусство мектеби

Таш-Көмүр шаардык балдар музыкалык мектеби 1959-жылы түзүлгөн. Алгачкы ачылганда фортопиано, акардон, баян класстары болгон. Андан соң комуз, скрипка, гитара класстары ачылган. 1970-жылдан 2000-жылдарга чейин шаардык, областтык кароо сынактарда жеңүүчү деп табылып, Республикалык кароо конкурстун жеңүүчүсү болгон. Мектеп түзүлгөндөн бери көптөгөн маданият жана искусство эмгеги сиңген инсандар эмгектентип келген, атай кетсек: А.А.Долгов, Е.К.Пфейфер, Г.Б.Алыкулов, Е.А.Герасимова, О.В.Коваленко иштеп келген.

2003-жылдан бери Токоева Канчайым Канатбековна жетектеп келе жатат. 2007-жылы мугалимдердин жетишсиздигинен мектеп балдар искусство мектеби болуп которулган. Азыркы учурда 8 бөлүм иштейт: Комуз классы- класстык мугалими К.К.Токоева, А.С.Сакабаева фортепиано классы- класстык мугалими О.Ш.Гильманова, куурчак театры — класстык мугалими Ж.С.Мамбеталиева, акробатика, бий бөлүмү — класстык мугалими Г. Р.Кадыржанова, баян классы- З.Е.Абдраимова, кол өнөрчүлөр, жумшак оюнчуктар бөлүмү — класстык мугалими А.Д.Тургунбаева, Э.А.Батыркулова, Г.Т.Токторбекова, шаардык, областтык, республикалык кароо сынактарга катышып байгелүү болгон ырчы жана актриса Асанова Гулнур комуз классы боюнча К.К.Токоевадан билим алган, ал эми дагы бир эстрада ырчысы Панарбекова Чынара Т.П.Өмүркановдон билим алган. Келечекте дагы белгилүү инсандар чыгат деген ишеничте жамаат талыкпай эмгектенип келе жатышат.

**Редакция жана басмакана**

1937-жылы шаарда басмакана ачылып иштей баштаган. Басмаканадан «Көмүр үчүн» деген кыргызча гезит жарык көргөн.

1943-жылы «За уголь» аттуу гезит жарыкка чыгарылган. Чыккан гезиттер редколлегия тарабынан, же редактордун милдетин аткаруучулар тарабынан чыгарылып турулган. Эмнегедир редактордук милдет аткаруучулар да тез тез алмашылган. Миссалы, 1953-жылы эле Попов Р.И., Бебан П.И., Ганиев Р.А., кайрадан Бебан П.И., Ганиев Р. А. алмашышкан, кийинчерээк редактордун милдетин аткаруучу болуп В. Т. Таланин иштеген.

Бул ошол кездеги идеологиялык мамиленин өтө катаалдыгынан жана көзөмөлдүн курчтугунан болсо керек.

1954-жылы редколлегия, кийинчерээк жооптуу катчы Н.Д.Пономарев тарабынан жарык көргөн. 1954-жылы «За уголь» гезитинин окурмандары менен конференция өткөрүлүп, анда гезиттин кемчиликтери катары сынматериалдардын аз санда берилиши каралган. Биринчи жолу шаардык гезитти кыргыз тилинде чыгаруу, же тиркеме берүү маселесин 1958-жылы

«Северный» шахтасынын жумушчусу Т. Карабаев көтөргөн.

Алгачкы редакторлор В.Т.Таланин, Лепендина, Еланская М.А. Цукерман жана башкалар.

1990-жылы 12-майда шаардык гезити «Вестник Таш-Кумыра» - «Таш-Көмүр жарчысы» гезити жарыкка чыгарылып, редактору Молорбаев Алымжан Сейитович иштеп, кийин М.АЦукерман редактор болуп иштеген.1992-жылы чөлкөмдүк «Нарын нуру» гезити түптөлүп, Таш-Көмүр, Кара-Көл, шаарларын, Токтогул, Үч-Терек райондорун өзүно камтыган, башкы редактору Жоробек Бекилов болгон.

1993-жылы чөлкөмдүк гезит өз ишин токтотуп, кайрадан «Таш-Көмүр жарчысы» - «Вестник Таш-Кумыра» гезити жарыкка чыгарылып, анын редакторлугуна мурда чөлкөмдүк гезиттин жооптуу катчысы болуп иштеген Каратаев Сатыбай Каратаевич дайындалат.

Учурда гезит 1000 нуска менен жарык көрүп, редакцияны жыйырма жылдан ашуун убактан бери С. К. Каратаев жетектеп келет.

**«Таш-Көмүр жарчысы» – «Вестник Таш-Кумыра» гезитинин башкы редактору**



Каратаев Сатыбай 1957-жылдын 4-сентябрында Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Жаңы-Жол айыл аймагына караштуу Кой-Таш кыштагында туулган. Улуту кыргыз, билими жогорку – Ж. Баласагын атындагы КМУУнун журналистика факультетин бүтүргөн. Кесиби— журналист. Үй бүлөлүү, 6 баланын атасы, 10 неберенин чоң атасы.

Алгачкы эмгек жолун 1975-жылы Жаңы-Жол (азыркы Аксы) районунун «Жаңы-Жол» совхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган.

1976-1978-жылдары Советтик Аскер кызматын өтөгөн.

1978-1979-жылдары Ош шаарындагы бухгалтердик эсеп мектебин бүтүргөн.

1983-жылы РФ Рязань шаарындагы Бүткүлсоюздук жетекчи кадрларды даярдоо институтунан квалификациясын өркүндөтүү курсунан даярдыктан өткөн.

1978-1980-жылдары «Жаңы-Жол» совхозунда экономист;

1980-1985-жылдары эксперимент катары уюштурулган Жаңы Жол райондук чарбалар аралык механизациялаштырылган ишкананын (МХПМ) Жаңы-Жол адистештирилген бөлүмүндө ага экономист;

1985- 1987-жылдары «Жаңы-Жол» совхозунда ага экономист кызматтарында иштеди.

1987-1991-жылдары Жаңы-Жол райондук «Жаңы турмуш» гезитинде адабий кызматкер, кабарчы кызматтарын аркалоого КП Жаңы-Жол райкомунун сунушу менен которулган.

1991-жылдын июнь айынан 1991-жылдын 9-сентябрына чейин Жалал-Абад облустук «Билим» коомунун Жаңы-Жол району боюнча жооптуу катчысы;

1991-жылдын 9-сентябрынан 1992-жылдын февралына чейин Таш-Көмүр шаардык «Вестник Таш-Кумыра»–«Таш-Көмүр жарчысы» гезитинин редакциясында башкы редактордун орун басары болуп иштөө менен бирге, 1994-жылга чейин Жалал-Абад областтык «Билим» коомунун Таш-Көмүр шаары боюнча жооптуу катчысы кызматтарын кошо аркалады.

1992-жылдан 1993-жылдын 19-январына чейин «Нарын нуру» чөлкөмдүк гезитинин редакциясында (Токтогул, Үч-Терек райондору жана Таш-Комүр, Кара-Кол шаарлары боюнча) саясат, экономика жана өнөр жай бөлүмүнүн башчысы, гезиттин жооптуу катчысы кызматтарында иштеди.

1993-жылдын 19-январынан бери кайрадан түзүлгөн «Таш-Көмүр жарчысы» - «Вестник Таш-Кумыра» гезитинин башкы редактору болуп 20 жылдан ашуун убакыттан бери иштеп келе жатат.

1994-жылы Кыргызстан Журналисттер Кошунунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Шаардын саясий, экономикалык, социалдык, маданий өнүгүүсүнө кошкон олуттуу салым кошкондугу жана көп жылдык натыйжалуу эмгеги үчүн бир нече сылыктарга татыктуу болгон.

**Сыйлыктары:**

Жалал-Абад облусттук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен (эки жолу),

Таш-Көмүр шаардык мэриясынын Ардак грамотасы (3жолу),

Кыргызстан Журналисттер Кошунун Ардак грамотасы (2жолу),

Жалал-Абад облустук Журналисттер Кошунунун Ардак грамотасы менен (2жолу) сыйланган.

«Сен ооруба, мен ооруюн Ата журт» республикалык конкурсунун лауреаты.

2007-жылы «Таш-Көмүр шаарынын Ардактуу Атуулу» наамы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнүндө эл алдында салтанаттуу тапшырылган.

2011-жылы «Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы» төш белгисине татыктуу болду.

Таш-Көмүр шаарынын **ураан ырынын** жана **«Мезгил агымы», «Тарыхы тамшанткан издер», «Тарыхы тамшанткан издер»** (экинчи китеп) аттуу тарыхый китептердин автору.

## Басмакана

1937-жылы шаардык басмакана ачылып, өз ишин баштаган.

Шаардык басмакана 1998-жылдан «Акыл» концертинин карамагына өткөрүлүп, акционердик коом катары эсептелет. Басмакананын директорлору : С.Тюлебергенов, В.Г.Лобозный, Т.Ташмырзаев И.М.Жалалов, Т.Камбаралиев, А.Байсубанов, Т.Осмонбеков, А.Чыныбеков болушкан.

Учурда басмакана жоюлуп кеткендигине байланыштуу, аны кайра түптөө өтө кыйынчылыкка туруп жатат.

## Китеп басылмалары — чыгармачылык

Шаардык басмаканадан ондон ашуун жергиликтүү акын, жазуучулардын китептери жарык көрдү. Мисалы: С. Абдукаримов «Кош Данек», Б.Медетова «Ак Шоокум». М.Бейшебеков

«Тебеген Короз», М.Каримов «Махабат баяны», С.Абдукеримов «Бой ткмар», С.Карабековдун «Ыйманыңар сот болсун» жана С.Каратаевдин башкы редакторлугу астында «Нуска» адабий көркөм ийриминин мүчөлөрүнүн «Сезимдеги саптар» аттуу биринчи альманахы жана башка китептер жарык көргөн.

Учурда аталган басмакана жоюлуп, анын ордун кайра түпөө маселеси оор бойдон калып келет.

## КИНО

Шаарда кино искусствосуна өзгөчө көңүл буоулуп 1996-жылга чейин клубдарда киноустановкалар орнотулуп, кино көрсөтүлчү, турмуштун агымына байланыштуу чоң эрандардан кино көрүүгө Караганда, үй-бүлө экрандарына көбүроөк көңүл бурулуп калды.

Ал эми кино тартуу өнөрүн кесип кылган шаар тургундары да жок эмес.

Белгилүү кинорежиссер З.Эралиевдин көптөгөн кыска метраждуу жана сериялуу көркөм тасмалары кино сүйүүчүлөрдүн купулуна толуп келет. «Шайтандын мөөрү» көркөм кинотасмасы көргөндү кайдыгер калтырбайт.

Жергиликтүү кинотартуучу Темираалы Маймашев тарткан «Карагул ботом», «Туңгуюк», «Күзгү жалбырактар» көркөм тасмалары шаарда эле эмес, областтык, республикалык теле экрандар аркылуу калк катмарына сунушталды.

## Спорт

Шаар түптөлгөндөн эле спорт иштери колго алынып келет. Бүгүнкү күнгө чейин шаарда СССР спортунун 13 мастери бар. Алар күрөш боюнча Текеев Дербиш, эркин күрөш боюнча Молдомуротов Асан, Алымкулов Каныбек, бокс боюнча Медведев Владимир, Кошоков Манас, Калымбаев Анаш, Шамырзаев Бекен, Саитходжаев Зуфар жана Альпар, Усенов Бегаалы, Отунчиев Талайнур, Егоров Алексей, оор атлетика боюнча Буянов Сергей, ордо боюнча Шабданов Тынарбек, мындан башка бир нече СССР спортунун жана Кыргыз Республикасынын машыктыруучулары бар.

## Таш-Көмүр шаардык спорт бөлүмү

## Таш-Көмүр шаардык спорт бөлүмүн башкарган инсандар

1. Егоров Алексей Петрович
2. Доценко Тимофей
3. Бадалов Ринат
4. Эшиев Кубаныч
5. Жуманалиев Мамбеталы
6. Сыдыков Мыктыбек
7. Жангиров Жылдыз
8. Молдомуратов Азаналы

## Таш-Көмүр шаарынан чыккан алдыңкы спотчулар

1. Медведев Владимир — бокс боюнча СССРдин спорт чебери. 1966 —жыл.
2. Саитходжаев Джапар — бокс боюнча СССРдин чемпиону, Эл аралык класстагы спорт чебери.1975-жыл.
3. Жуманазаров Бакен — эркин күрөш боюнча СССРдин спорт чебери.1973-жыл.
4. Андрюшенко Василий — бокс боюнча Кыргыз ССРнин чемпиону, СССРдин спорт чебери 1975-жыл.
5. Калымбаев Айтмырза — бокс боюнча Кыргыз ССРнин жана Казак ССРнин чемпиону, СССРдин спорт чебери. 1978-жыл
6. Шабданов Тынарбек — ордо улуттук оюну боюнча Кыргызстандын үч жолку чемпиону. Ордо улуттук оюнунун эрежесин түзүүчүлөрүнүн бири. 1978-1980-жылдар.
7. Саитходжаев Айпар — бокс боюнча Д. Шопоков турниринин чемпиону, СССРдин спорт чебери. 1976-жыл.
8. Коңурбаев Турдалы — бокс боюнча Д. Шопоков турниринин чемпиону, СССРдин спорт чебери. 1979-жыл.
9. Шамурзаев Бейшен - бокс боюнча Д. Шопоков турниринин чемпиону, СССРдин спорт чебери. 1979-жыл.
10. Буянов Сергей — оор атлетика боюнча СССРдин спорт чебери. 1980-жыл.
11. Молдомуратов Азаналы эркин күрөш боюнча СССРдин спорт чебери. 1982-жыл.

12. Алымкулов Каныбек — улуттук күрөш боюнча Кыргыз ССРнин спорт чебери. 1984-жыл.
13. Шабданов Темирбек — эркин күрөш боюнча СССРдин спорт чебери. 1984-жыл.
14. Кыдыралиев Үметалы — бокс боюнча Д. Шопоков турниринин чепиону, СССРдин спорт чебери. 1985-жыл.
15. Саиходжаев Зулфар - бокс боюнча Д. Шопоков турниринин чемпиону, СССРдин спорт чебери. 1988-жыл.
16. Бокоев Анаралы — бокс боюнча Мадумар-Ата турниринин чемпиону, Кыргызстандын спорт чебери. 1997-жыл.
17. Отунчиев Таалайнур - бокс боюнча Мадумар-Ата турниринин чемпиону, Кыргызстандын спорт чебери. 2001-жыл.
18. Кадыркулов Каныбек — эркин күрөш боюнча Москва шаарында өткөрүлгөн "Челидзе" атындагы Эл аралык турниринин чемпиону. 2010-жыл.
19. Раманов Адилет — эркин күрөш боюнча Кыргызстандын спорт чебери. 2011-жыл.
20. Нурланов Артур — эркин күрөш боюнча Венгрия мамлекетинде өткөн Дүйнөлүк чемпионаттын катышуучусу. 2011-жыл.
21. Жуматаев Арген — футбол боюнча Казакстан мамлекетинин жогорку лигада ойногон "Кайрат" футболдук клубунун оюнчусу.
22. Сыдыков Мыктыбек — Кыргызстандын Ысык-Көл областынын Бостери айылында 50 жаштан жогорку спортчулардын арасында өткөн Дүйнөлүк марафондун жеңүүчүсү. 2013- жыл.

Таш-Көмүр шаарынан КРнын дене тарбия жана спорттун отличниктери.

1. Усенов Бегалы
2. Кулдышев Мамидалы
3. Струкова Ирина
4. Музалдиев Канат
5. Алымкулов Каныбек

6. Сыдыков Мыктыбек
7. Чаргынов Анаралы
8. Молдомуратов Азаналы

## САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО

### Шаардык оорукана

1930-жылы фельдшердик пункт, 1932-жылы дарылоо ден-соолук пункту, 1937-жылы 15 орундуу оорукана, 1939-жылы 25 орундуу оорукана, ал эми ушул эл жылы стационардык малярия станциясы, кийин саламаттык актоо бөлүмү, 1940-жылы 50 орундуу оорукана, 1942-жылы 75 орунга жеткен, 1946-жылы 100 орундуу, 1960-жылы 150 орундуу оорукана болгон.

Алгачкы врачтар: терапевт Исаев С. П, хирург Косик А. И, хирург, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы (2001-ж.) Амираев А. А., инфекционит Носирова Г. И., акушер-гинеколог, рентконолог Билич С. И., окулист Филипьева Г. Г., невропотолог Коневская И. И., дермотовенеролог Абдушохметов В., травматолог Кунице В. Д., цехтин врачы Орункуов Ж. О., уролог Сорбоноев К. С., физиотерапевт Умерова С. А. Психиатр Яковенко Е. Е., анастезиолог Нарбиев Т. Н., онколог Нефедова А. А иштешкен. Алардын катарына 23 жылдан бери аталган ооруканада эмгектенип, эл алкышына ээ болгон хирург, “Саламаттыкты сактоо отличниги” төш белгисинин ээси, шаардык Кеңештин депутаты, оорукананын башкы врачынын азыркы орун басары Э. Т. Эрназаровду кошууга болот.

1961-жылы ооруканага 20 орундуу кургак учук оорулуулар үчүн бөлүм ачылган, 1967-жылы койка саны 200гө жеткен. 1977-жылы 250. 1987-жылы 335. 1997-жылы койка саны 35 орунга кыскарган, ал эми 2003-жылы саламаттык сактоо тармагына үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору, медициналык борбор ачылып, жаңы программалар турмушка ашырылып, профилактикалык меджардам көрсөтүүгө көбүрөөк көңүл буруунун натыйжасында болгону 110гана орун калган.

Шаардык оорукананы түптөгөн жетекчи врачтар: Броккер Э. М (1943), Кыргыз ССРине эмгек сиңирген врач Старченко Б. С. (1949), Кобзев В. И (1957), Ленин ордеринин ээси Абукаримов

А. А (1958), Сагынбеков Д. С. (1969), Кочкорбаев Ж. К. (1974), медицина илиминин кандидаты, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы Атабекова Г. А. (1979), Нышанов Т. М. (1991), 2000-жылдан 2005-жылга чейин Б. Т.Темирчиев башкы врач болгон.

Учурда аймактык орууканада А.А.Мырзасапаров жетектеп келе жатат.

## Кызыл-Жар шаарчасындагы Республикалык психиатриялык оорукананын тарыхынын таржымалы

Тарыхтын барагын барактап арт жакка кылчайып карасак Кыргызстандын түштүгүндө эки психиатриялык оорукана иштеп турган: бири «Серный» шаарчасында Сузак району. Экинчиси:Баткен районунун «Канигут шаарчасы»

Кийинчерээк 1961-жылы жогорудагы эки психиатрилык оорукана бириктирилип Ош областык психиатриялык ооруканасы түзүлгөн, ал «Кызыл-Жар - 12» шаарчасында жайгашкан. Оорукана 1125 койкага эсептелинип 16 бөлүмү болгон.

Ошол күндөн, азыркы күнгө дейре, жогорку квалификациялуу кызматкерлер иштеп келет. Алардын кээ бирлери азыркы мезгилде КМШ (СНГ) да жана биздин Республикада иштерин татыктуу улап жатышат.Эки психиатриялык оорукана бириктирилгенден кийин бирини психиатриялык ооруканын башкы дарыгери А. Е. Медиведов 1961-жылдын 1965-жылга чейин. Кийин 1965-жылдын 1978-жылга чейин Б.И Исмаилов. 1978-жылдан 1984-жылга чейин Ж.О Ормонов. 1984–1995-жылга чейин С.Д. Назаркулов. 1995-жылдан 2005–жылга чейин А.К. Бегметов 2005-жылдан 2012-жылга чейин М. О. Курманалиев 2012-жылдан азыркы мезгилде иштеп жаткан башкы дарыгер Г. Т. Миңбаева.

Оорукана түптөлгөндөн бери азыркы учурда да, талыкпай иштеп келе жаткан Мамбетов С.М., Айтмырзаев М.П.

1996-жылы психиатриялык оорукана Кыргызстандын түштүгүндөгү Респубикалык психиатриялык оорукана статусун алган. Азыркы учурда 325 койкалуу 8 бөлүмү бар. 319 кызматкер кызмат өтөп келет.

Республикалык психиатриялык ооруканада жогорку квалификациялуу дарыгерлери Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоонун отличниктери атап айтсак Эргешов Б.О., Маметов А. М., Кошалиева Ү.Т., Бегимкулова С.З., Сарбагышева С.О.

Республикалык психиатриялык ооруканада бөлүмдөрдөн сырткары лаборатория, аптека, кухня, банялар тынымсыз үзгүлтүксүз оорукчандарды тейлейт.

**РПОнун башкы дарыгери**



Миңбаева Гульнурахан Тагайевна 1969-жылы 18-майда туулган. Билими жогорку. 1987-1993-жылдары КММИнин Дарылоо иштери адистигин бүтүргөн. 1993-1994-жылдары Канттагы райондук борборлоштурулган ооруканада терапевт болуп иштөө менен «Ички оорулар» адистиги боюнча бир жылдык интернатурадан өткөн.

Иш тажрыйбасы:

1996-2000-жылдары РПОнун № 6 бөлүүндө врач-психотерапевт, бөлүм башчы

2000-2007-жылдары РПОнун Жалал-Абад шаарындагы №10 бөлүмдө врач-психиатр, бөлүм башчы

2002-2008-жылдары «Диарон» коомдук фондунда психотерапевт, долбоордун жетекчиси

2007-2008-жылдары Жалал-Абад областтык психикалык ден соолук борборунун наркология бөлүмүнүн башчысы

2008-2013-жылдары ушул эле мекемеде психиатриялык аялдар ден соолук бөлүмүндө башчы,

2013-жылдан ушул кезге чейин Республикалык психоневрологиялык ооруканасында башкы врач болуп иштеп келе жатат.

Ал Бишкекте, Өзбекстанда, Казакстанда, Россияда, Польшада, Тажикстанда жана башка шаарларда өз билимин жогорулатууда талыкпай аракеттенип, жыл сайын ар түрдүү өз

кесибин жогорулатуу боюнча окууларга, семинарларга, симпозиумдарга катышкан. Тил билүүсү — расмий жана өзбекче.

### Үй-бүлөлүк медицина борбору (ҮМБ)

Шаардык үй-бүлөлүк медицина борбору (мурдагы шаардык поликлиника) 1982-жылы курулуп, биргелешкен оорукананын карамагына кирген. Поликлиниканын башкы врачы болуп Атабекова Гүлбара Аруновна иштеген. Поликлиника 42000 адамды тейлеген. 4 терапия, 6 балдар участкасы болгон. Рентген, флюорограиия, УЗИ, ЭКГ кошумча бөлмөлөрү, биохимиялык анализдерден текшерүү лабораториясы болгон.

Врачтар Яковенко Е. Е., Абрамов Г. И., Атанаев Э. А., Кулеша Н. Я. мыкты салымдарын кошушту.

Узак мөөнөттүү "Манас" программасына ылайык 2002-жылы 5-мартта Үй-бүлөлүк медицина борбору өз алдынча мекеме болуп бөлүндү. Борбордун директору Урусова Р. К. Дайындалды. 118 кызматкер эмгектенет. 24 врач, 76 медсестра, 18 кенже кызматкерлер. Саламаттык сактоонун 6 отличниги, 19 жогорку категориядагы кызматкер бар. Учурда 6 үй-бүлөлүк врачтар тобу иштеген.

Азыркы үй-бүлөлүк медицина борбору 2002-жылга чейин шаардык борбордук оорукананын курамында шаардык поликлиника болгон. Поликлиника 42-45миңден ашык адамды тейлеген. 4 терапиялык, 6 балдар участкасы болгон. Кошумча кабинеттерден рентген, флюорография, УЗИ, ЭКГ кабинеттери, биохимиялык анализдерди текшерүү лабораториясы иштеген.

«Манас» реформасынын алкагында, саламаттыкты сактоо министирлигинин буйругу менен Үй-бүлөлүк медицина борбору уюштурулуп, 5-март 2002-жылы өзүнчө юридикалык мекеме катары бөлүнүп чыккан, мамлекеттик каттоо №ГР 019361.

Саламаттыкты сактоо тармагында шаар жана шаарчалар калкын алгачкы медициналык, кеңейтилген медициналык жардам менен үй-бүлөлүк медицина борбору тейлейт, курамында 5 үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору, 1 ФАП, дарылоо жана диагнозун аныктоо, тез жардам, тиш дарылоо бөлүмдөрү бар.

Мекемеде 23 дарыгер, 78 медайым, 34 ар кандай кесиптин

ээлери эмгектенет. Алардын ичинен 16 «Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкерлери»:

Р. К. Урусова, Т. К. Тургунбаев, Р. К. Кекеева, Б. А. Алымкулова, С. П. Умарбекова, М. А. Абдипатаев, З. К. Каюмова, У. К. Даминова, А. К. Акматова, У. Т. Курманкулова, Ж. М. Эргешова, А. Н. Алибаева, Б. Р. Гайназаров, А. У. Уразова, К. О. Озубекова, А. Д. Усенов. Иштегендердин 60пайыз - жогорку категориядагы, 30пайыз - биринчи категориядагы адистер.

10 жыл аралыгында мекеменин материалдык техникалык базасы жакшырды, долбоорлор менен тыгыз жумуш алынып барылды, ҮМБнын, ҮДТнын имараттары оңдолду, айлана тегереги тосулду, жабдыктары алынды.

Бүгүнкү күндө жарандар жана кызматкерлер үчүн толук шарт түзүлдү.

-Мекемеге 2013-жылы медициналык аккредитация өтүүдө жогорку категория берилди.

-2010-жылы — «Мыкты мекеме»

-2012-жылы —«Үлгүлүү мекеме» номинациясы ыйгарылды .

ҮМБнүн медициналык кызматкерлери Манас реформасынын негизинде, улуттук, «Ден-Соолук, кургак учук, йод жетишсиздигинен пайда болгон ооруларды азайтуу», мамлекеттик жана улуттук программалар, Кыргыз Республикасынын медициналык санитардык жардамдын кепилдик программасы, ВИЧ/СПИД эпидемиясын алдын алуу жана башка максаттуу программаларды аткаруу боюнча жумуш алынып барылууда.

Медицина кызматкерлеринин максаты: сапаттуу медициналык жардам менен тейлөө болуп саналат.

Жылына 75-95 миңге чейин адамдар медициналык жардамга кайрылышат.

Саламаттыкты сактоонун негизги көрсөткүчтөрү:

-Төрөт өсүүдө.

-Жаш балдардын өлүмү азаюуда.

-Жылдан жылга ичеги карын, ич келте, богок оорулары азаюуда.

-Безгек оорусу токтотулду.

-Кургак учук оорусу боюнча жумуштар күчөтүлдү.

***УМБнун азыркы директору Урусова Рахима Кучуковна***

- «Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери»
- «2006-жылдын мыкты атуулу»
- Шаардык аткаруу комитетинин мүчөсү
- Шаардык кеңештин депутаты
- Шаардык саламаттыкты сактоонун координатору.

## УРУСОВА РАХИМА КҮЧҮКОВНА

Урусова Рахима Күчүковна 1955-жылы Таш-Көмүр шаарында төрөлгөн, улуту кыргыз, билими жогорку. Жогорку категориядагы врач, «Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери», Шаардык саламаттык Сактоонун координатору, «Шаардын мыкты атуулу», шаардык кеңештин депутаты, жогорку категориядагы уюштуруучу. Эмгек стажы -34 жыл.



Урусова Рахима Күчүковна 1979-жылы Кыргыз Мамлекеттик Медицина Институтун аяктагандан кийин Бишкек шаарындагы №5 поликлиникасында врач-педиатр болуп эмгек жолун баштаган. 1981ж-1995-жылга чейин Таш-Көмүр шаардык ооруканасында участкалык врач-педиатр, 1995-1998-жылдары врач иммунолог, 1998-2000 жылдары коп тармактуу поликлиниканын башчысы болуп эмгектенген.

2000-2001-жылдары энеликти жана балалыкты коргоо боюнча башкы врачтын орун басары болуп иштөөдө төрөттүн саны өскөн,балдардын өлүмүнүн көрсөткүчү төмөндөгөн, балдарды эмдөө көрсөткүчү жогорулаган, төрөт жашындагы аялдардын ден-соолугун чыңдоодо активдуу жумуштар аткарылган.

27.12.2001-жылдан тартып азыркы убакытка чейин Таш-Көмүр шаардык ҮМБнын директору болуп жумуш алып келе жатат.

ҮМБнүн, № 2, 3, 4, 6 УДТнын, ФАПтын имаратарын оңдоо,айлана тегерегине тосмо тосуу,жылытуу системаларын орнотуу,алмаштыруу боюнча долбоорлорду (АБР, АРИС, ГФРЭ, глобалдык фонд) жазып өткөрүү, материалдык техникалык базаны жакшыртууда өзгөчө салым кошуп келүүдө. Тактап айтканда 15 обьект оңдоп түзөлүп, жаңыланды. Жогорку категориядагы врач, жогорку категориядагы уюштуруучу катары кесиптик ишине так, кичи пейил, ишке аткаруучулук, жоопкерчилик менен мамиле жасайт, адамгерчиликтүү, медицина кызматкерлерининин жана жарандардын суроо талаптарын, медициналык жардамдын сапатын жакшыртуу маселелерин талкуулап, гөй-гөйлүү жагдайларды чечүүдө оң жагына чече алат, шаар ичинде өткөрүлгөн иш чараларга активдүү катышат.

Жогорку жетишкендиктери жана үзүрлүү эмгектери бааланып саламаттык сактоо министрлигинин, республикалык ФОМС, АГСВ, областтык жана шаардык администрация, шаардык аялдар кеңеши тарабынан ардак грамоталар менен сыйланган. «Саламаттык сактоонун отличниги төш белгисинин ээси, 2006-жылдын мыкты атуулу, 2010-жылы ҮМБна шаарда «Жылдын мыкты коллективи», 2012-жылы «Үлгүлүү мекеме»номинациясы ыйгарылган».

Кесибинин устаты, такшалган уюштуруучу жетекчи 2003-2012-жылдары АГСВнын Жалал-Абад облусунун төрайымы, областтык саламаттык сактоо кеңешинин мүчөсү, шаардык аткаруу комитетинин мүчөсү, шаардык саламаттык сактоо боюнча координатору, аялдар кеңешинин лидери, кызматкерлердин жана эл арасында кадыр-баркка, урмат-сыйга ээ.

Кургак учук оорусунун өтүшүп кеткен түрлөрү азайууда, мамлекеттик жеңилдетилген дары-дармектер менен камсыздоо, ВИЧ/СПИД илдеттеринин алдын алууда тынымсыз түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

Үй-бүлөлүү, жолдошу Кабыланов Нурадин жогорку билимдүү, мамлекеттик жана коомдук кызматтарда эмгектенет. 3 уул, бир кыздын энеси, бир неберенин чоң энеси.

**Шамалды-Сай Жалпы дарыгерлер борбору (ЖДБ)**

Оорукана 1961-жылы 50 орунга ылайыкташтырылып Үч-Коргон ГЭСинин куруучуларын тейлеген.

Учурда Теңдик, Ынтымак, Кызыл-Туу, Үч-Коргон айылдарын, Шамылды-Сай шаарчасын тейлейт.

Азыркы жетекчиси шаардык Кеңештин депутаты Мдерканов Манас.

2001-жылдан бери иштеп келе жатат.

Шамалды-Сай Жалпы дарыгерлер борбору (ЖДБ) 62 койкага ылайыкташкан.

- Хирургия 20 койка, анын ичинде 5 койка гинекология
- Ички оорулар бөлүмү 12 койка,
- Төрөт бөлүмү 10 койка,
- Балдар бөлүмү 10 койка,
- Жугуштуу оорулар бөлүмү 10 койка.

Өзүнчө Үй бүлөлүк дарыгерлер тобу, тез жардам бөлүмү андан сырткары клиникалык, биохимиялык лабораториялары бар.

ЖДБ Шамалды-Сай шаарчасынын тургундары менен катар жакын жайгашкан Ноокен районунун Достук Айыл өкмөтүнүн жана Аксы районунун Үч-Коргон Айыл өкмөттөрүнүн тургундарын кошо тейлеп жалпысынан 30-35 миң калкка медициналык жардам көрсөтөт.

ЖДБ 1999-жылдан бери 1-категориядагы медициналык ишканалардын катарына кирет.

2013-жыл сентябрь айында кайрадан 1-категория даражасына татыктуу болду

2011-жылдын жыйынтыгы менен Таш-Көмүр аймагында «Мыкты ишкана» деген наамды алган болсо, 2012-жылдын жыйынтыгы менен Жалал-Абад облусу боюнча Жалпы Дарыгерлер Борборунун ичинде «Эң мыкты эмгек жамааты» деген наамга татыктуу болгон.

**МЕДЕРКАНОВ МАНАСБЕК МЕДЕРКАНОВИЧ**

Жалал-Абад облусунун Токтогул районуунда1956-жылы туулган. Билими жогорку, 1982-ж. Кыргыз мамлекеттик медицина институтутунун Дарылоо бөлүмүн бүтүргөн.



**Эмгек жолу:**

1982-1983-жж Ош облустук ооруканасы врач-интерн.

1983-1994-жж. Шамалдуу-Сай шаарчалык ооруканасы врач-хирург, хирургия бөлүмүнүн башчысы,

1994-2002-жж Шамалдуу-Сай аймактык ооруканасынын башкы директорунун дарылоо боюнча орун басары

2002-ж. октябрь азыркы мезгилге чейин Шамалдуу-Сай шаарчалык Жалпы дарыгерлер борборунун директору.

**Сыйлыктары:**

2001-ж. «Саламаттыкты сактоонун отличниги»

2010-ж «Таш-Көмүр шаарынын Ардактуу атуулу»

22.10.2012-ж. Ардак грамота Шаардык кеңеш Таш-Комүр шаары.

2013-ж. Республикалык ФОМС Ардак грамота

**Шайлоо органына катышуусу:**

2000-2004-жжТаш-Көмүр шаардык Кеңештин депутаты

2004-2008-жж Таш-Көмүр шаардык Кеңештин депутаты

2008-2012-жж Таш-Көмүр шаардык Кеңештин депутаты

**Дүйнөлүк фонддор менен иштөөсү**

2003-ж. АБР «Аймактык оорукананын хирургия жана балдар бөлүмдөрүн капиталдык ремонттоо» - 1130000с.

2005-ж. АРИС «Аймактык оорукананын жылуулук системасын оңдоо» 110710 сом.

2006-ж. АРИС «Аймактык ооруканага дизелдик генератор жана суугат суу түтүктөрүн орнотуу» - 193400с.

2007-ж. АРИС «ҮДТнын боборун реконструкциялоо» - 85000с.

2010-ж. Стимул Грант Оорукананын ашканасын апиталдык ремонттон өткөрүү — 381480с.

2011-2012-ж. Стимул Грант Оорукананын тез жардам бөлүмүн кап ремонттон өткорүү 567000с.

**Өз билимин өркүндөтүү**

1987-ж. «Экстренная хирургия брюшной и грудной полости» Волгоград шаары РФ

2003-ж. «Саламаттыкты сактоо мекемелерде жетекчи кадрларды даярдоо» курсу Бишкек шаары

2005-ж. «Кадрларды башкарууда актуалдуу маселелер» Бишкек шаары

2009-ж. «Кадрларды башкарууда актуалдуу маселелер» Ош шаары

## Таш-Көмүр шаардык мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору (МСЭКБ)

Шаарда 1940- жылы безгек оорусунан сактоо станциясы түзүлүп, бир врач, лаборант , медайым , жардамчы энтемолог иштеген.

1953- жылы станция биригип , санитардык бөлүмү ачылган. 5 штат бирдиги каралган.

1959-жылы ооруканадан бөлүнүп санитардык эпидемиологиялык станциясы аталып , өзүнчө медициналык мекеме болгон . Биринчи башкы врач Полоскова Любовь Христофоровна 1959-жылдан 1963- жылга чейин иштеген .

1963-1972- жылдары Шапиев Жахан Шапиевич

1972-1978- жылдары Өүрзаков Бектурган Өмүрзакович

1978-1980- жылдары Калпыков Төлөгөн Калпыкович

1980-1986- жылдары Керезов Ормонбек Керезович

1986-1988- жылдары Исаков Ибрагим Исакович

1988-1991- жылдары Умаров Барат Жуматаевич

1991-2005- жылдары Кочкоров Шерикбай Кочкорович,

Ал эми 2005-жылдан бери карай КР "Саламаттыкты сактоо министрлигинин ардактуу кызматкери " Итибаев Бекмурат Сатанович иштеп келе жатат.

2002-жылдан баштап санитардык эпидемиологиялык станция (СЭС) мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык козомолдөө борбору (МСЭКБу) болуп аталып, санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө боюнча жумуш алып барууда. Мында бардыгы болуп 22 адам эмгектенет, санитардык, эпиде-

миологиялык, имунологиялык, залалсыздандыруу бөлүмдөр жана сан.гит лаборатория, бактериологиялык жана паразитологиялык лабораториялар иштейт.

МСЭКБнун аракети менен безгек, кептөөр, кызамык, шал, сибир жарасы, холера, анкилостомидоз (шахта оорусу) жана башка оорулар жоголду.

1960-жылга салыштырганда 2012-жылы ич келте, ич өткөк, ичеги-карын оорусу жана башка жугуштуу оорулар бир канча эсеге азайган. 2001-2002-жылдарга баардык көрсөткүчтөр боюнча областта биринчи орунду ээлеп, областтык МСЭКБнун Ардак грамотасына катары менен татыктуу болгон.

2005-2006-2007-жылдары жок болуп кеткен безгек оорусу катталып, шаардык МСЭКБнун салымы менен 2008-жылдан тартып катталбай калды. Безгектин алдын алууда көлтөгөн иш чараларжүргүзүлүүдө. Ал эми 2014-жылга безгек оорусунан тазаланды деген Кыргызстан боюнча сертификат алганга тийиштүү иш чаралар жүргүзүлүүдө.

## ИТИБАЕВ БЕКМУРАТ САТАНОВИЧ

Итибаев Бекмурат Сатанович 22.04.1960-жылы Жалал-Абад облусунун Ноокен районуна караштуу Ленин-Жол айылында туулган. 1967-1975-жылдары Аксы районунун Тегене сегиз жылдык, 1976-1977-жылдары Жаңы-Жол айылындагы Ленинчил-Жаш орто мектебинде, 1977-1983-жылдары Бишкекте Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунда окуган. КММИун бүтүп келип 1983-жылы жумуш жолун Таш-Көмүр шаардык санитардык врач болуп ишин баштаган. 1987-жылдан 2005-жылга чейин санитардык бөлүмдүн башчысы, 2005-жылдан бери ушул эле мекеменин азыркы атылышы Таш-Көмүр шаардык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун



башкы врачы болуп иштеп келе жатат. Иштеги жетишкендиктери үчүн шаардык мэриянын, областтык мекеменин, саламаттык сактоо министринин ардак грамоталары менен сыйланган жана саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. Келинчеги Турдалиева Сапаргүл кесиби мугалим, азыркы учурда жеке ишкер, 2 уул, 2 кыздардын атасы.

## СОЦИАЛДЫК ТЕЙЛӨӨ ТАРМАГЫ

Социалдык тейлөө тармагы жыл санап кеңейип жатат, айрыкча аар калкынын жакыр катмарын кедейчиликтен алып чыгуу максатында атайын программалык аракеттер көрүлүп, шаардын КОР программасын 2010-жылга чейин турмушка ашыруу аракети колго алынган.

### Социалдык коргоо башкармалыгы

Социалдык коргоо башкармалыгы эң алгач шаардык камсыздоо бөлүмүнүн карыларды тейлөө бөлүмчөсү болуп түзүлгөн. Ал кезде бөлүмчөнү Батыршина С. В. Жетектеген.

1994-жылы шаардык соиалдык коргоо бөлүмү түзүлүп, 4 адам эмгектенген. Мекеменин жетекчиси болуп Шабданов Тагайбек Козубекович дайындалган. Бөлүмдүн ишин жандандыруу аракеттери көрүлүп, калктын социалдык абалын жакшыртуу максатында чет элдик гумманитардык жардамдарды алып келүү иши ж\зөгө ашырылып, көп бүлөлүүлөргө жана кары — картаңдарга Франс-Либерти, майыпьтар үчүн “Каунтерпарт - концорциум” кайрымдуулук корпусу, согуштун майыптар, жалгыз бой энелер үчүн Германиялык “Аграакция” коомдук уюмдарынан жардамдар берилген. Бөлүм он жыл ичинде структуралык жактан бир тп өзгөрүлүп, учурда төрт бөлүмдөн турган башкармалыкта 25 штаттык бирдик бар. Пенсия, посбия бөлүмдөрү, жеңилдик берүү, паспорттоштуруу, даректүү социалдык коргоо бөлүмдөрү иштейт.

2001-жылы 26-апрель башкармалыктын жетекчиси Шерикбаева Чынара Токтомамбетовна дайындалган.

2004-жылы февралдан башкармалыктын башчысы Майрыков Таалай Кожоканович дайындалган.

2006-жылдын 8-майынан баштап Таш-Көмүр шаардык социалдык жактан коргоо башкармалыгынын башчысы Сатыбалдиев Үмөтбек кемелбекович дайындалган. 12 жыл ичинде структуралар өзгөрүлүп, 25 штаттык бирдик менен 4 бөлүм болгон жөлөк чектөө бөлүмү , жеңилдик берүү, даректүү социалдык коргоо, паспорттоштуруу бөлүмдөрү иштейт. 2012-жылдын 16-январынан баштап Таш-Көмүр шаардык социалдык коргоо башкармалыгынын башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Чокоева Гулянда Нурдиновна дайындалган. 19 жыл ичинде структуралар өзгөрүлүп, 28 штаттык бирдик бар 5 бөлүмдөн турат, социалдык гарантияларды чектөө бөлүмү, учет жана отчеттуулук бөлүмү, үй-бүлө жана балдарды колдоо, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды коргоо бөлүмү, социалдык гарантияларды төлөө бөлүмдөрү иштеп жатат.

**Чокоева Гулянда Нурдиновна**

| | |
|---|---|
| Улуту: | Кыргыз |
| Туулган жылы, күнү: | 18-май, 1975-жыл |
| Атуулдугу: | Кыргыз Республикасынын жараны |
| Үй дареги: | Таш-Көмүр ш. Дзержинский 1-4 |
| Үй-бүлөлүк абалы: | Үй бүлөлүү |
| Билими: | Жогорку ЖАГУ ТТФ |
| Адистиги: | Бухгалтер, эсеп жана аудит |

**Иш тажрыйбасы:**

2004-2006-жылдары чектөө бөлүмүнүн сектор башчысы.

2006-2011-жылдары башкармалыктын орун басары болуп эмгектенген.

2011-жылы май айынан баштап социалдык гарантияларды чектөө бөлүмүнүн башчысы ьолуп эмгектенген.

2012-жылы 16-январдан баштап Таш-Көмүр шаардык калкты социалдык коргоо башкармалыгынын башчысынын убактылуу милдетин аткарууу болуп эмгектенген.

2012-жылы 30-октябрдан баштап Таш-Көмүр шаардык социалдык өнүгүү башкармалыгынын башчысы болуп дайындалган.

Билген тилдери: Кыргыз тили, орус тили.



**Калкты ишке жайгаштыруу борбору**

Калкты ишке орноштуруу жана маалымат борбору 1973-жылы 7-августта түзүлүп, анын директору болуп Мамасейитова Б. У. Иштеген.

1977-80-жылы калкты ишке орноштуруу бюросу болгон, жет. Мамасейитова Б. У.

- 1981-85-жылдары Индикеева Бурул
- 1985-88-жылдары Казакова Л. И
- 1989-90-жылдары Шадыканов Т. М
- 1990-93-жылдары калкты ишке жайгаштыруу борбору болуп кайра түзүлүп, жетекчиси Атантаева Бурулай Есенжановна.
- 1993-1995-жылдары Жороева Светлана Есенжановна иштеген.
- 1996-жылдан ушул кезге чейин Мырзатаева Арзыгүл Жакыбалиевна иштеп келе жатат. Борбордо 5 адам эмгектенет.

Акыркы катталган жумушсуздардын саны 1237 адам, жумуш менен камсыз болгондору 465 адам, кайрылгандардан 152 кызматчы жумушчулар, 60 кесипчилик окутууга жөнөтүлдү 352 адам пособия алат, 77 бош орун көрсөтүлгөн 116 учеттон чыккан.

## Социалдык фонддун тарыхы

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 6-июлундагы № УП-217 «Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фонду кыргыз бөлүмүү жөнүндөгү» Жарлыгы менен СССРдин Пенсиялык фондусунун кыргыз бөлүмү Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фонду болуп кайрадан түзүлүп, ал фонд пенсиялык камсыздоонун каржылоосун мамлекеттик башкарууну ишке ашырган жана өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында ишке ашыра турган өз алдынча финансылык — кредиттик система болуп уюштурулган. Пенсиялык фондунун акча каражаттары мамлекеттик жана башка бюджеттердин курамына кирбейт, алууга, салык салууга жана жыйноого болбойт, бирок Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө отчет берет деп белгиленген.

Андан сырткары социалдык камсыздандыруудагы финансылык чыгымдардын системасын өркүндөтүү, каражаттарды туура жана натыйжалуу пайдалануу көзөмөлдүктү камсыз кылуу учун бул максатта Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 1993-жылдын 3-ноябрында № 535 «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун түзүү жөнүндөгү» Токтому менен 1993-жылдын 1-ноябрынан тартып Кыргызстандын Пенсиялык фондунун Профсоюздар Советинин Федерациясынын социалдык касыздандыруу фондусунун жана Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык коргоо министирлигинн бидиктүү аракеттеги мамлекеттик фондусунун базында Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду түзүлгөн.

Ушул токтомго ылайык Социалдык фонд өз алдынча финансылык кредиттик структура болуп Кыргыз Республикасынын калкын социалдык жактан коргоо боюнча мамлекеттик система болуу менен бирге мамлекеттик башкаруунун борбордук бөлөк органдарынын катарына теңештирилип анын акча каражаттары мамлекеттик бюджеттин курамына кирбейт жана анын бюджети менчик формасынын түрүнө карабастан бардык жумуш берүүчүлөрдүн, ишкердик менен иш алып барган жана өз алдынча эмгек ишмердүүлүгү менен алектенген адамдардын милдеттүү түрдө төлөөчү төгүмдөрүнүн Кыргыз

Республикасынын мамлекеттик бюджетинин жана башка түшүүчү каражаттардын эсебинен түзүлөт.

Ошентип 1991-жылдан баштап республикада социалдык камсыздандыруунун жана пенсия менен камсыздоонун мамлекеттик бирдиктүү өзүн-өзү башкарган системасы түзүлүп иштей баштады.

Анын аткаруучу органы Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду болуп эсептелет. Ал мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун жана пенсиялык камсыздоонун макулдашылган мамлекеттик саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу , камсыздандыруучу төлөмдөрдү жыйноо жана жөнгө салуу, пенсияларды жана пособиелерди дайындоо жана төлөө, милдеттүү түрдөгү медициналык , эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо боюнча фондуларына каражаттарды топтоо жана финансылоо функцияларын аткарып келет.

1996-жылы Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду КМШ өлкөлөрүнүн аймагында биринчилерден болуп камсыздоо төлөмдөрүнүн жекече эсебин (персонифицированный учет) алууну ишке ашырган. Бул пенсия менен камсыздоо мурдагы «советтик көнүмүш жалпы бир жерге чогултуу принциби» системасынан четтеп, пенсия иш жүзүндө социалдык пособиеге айланып калган методу жокко чыгаруу менен Кыргызстандын пенсиялык системасында пенсиянын толтолуучу бөлүгүн киргизүү боюнча биринчи стратегиялык планын баштаган.

## Таш-Көмүр шаардык Социалдык фонд башкармалыгы

1943-жылы шаардык социалдык камсыздоо бөлүмү болуп түзүлгөн.

1943-жылдан 1988-жылга чейин төмөнкү инсандар башкарган: Шарафутдинов М.С., Логода М.А., Бешкемпиров А. Б., Козубаев Б., Макуева З., Воропаева Р. В., Кадыршаева К. К.

Аталган бөлүмдү 1988-жылдын март айынан — 1991-жылдын декабрь айына чейин Ороскулова Калима Токтосуновна жетектеген.

1991-жылдан январ айында Социалдык фонд Пенсиялык фонд болуп түзүлүп, Кыдыкбаева Н., Кочорова З.Ю. жетектешкен.

Кыргыз Өкмөтүнүн 1996-жылдын 12-январындагы №14 Токтомунун негизинде шаардык Социалдык камсыздоо бөлүмү жоюлуп, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна биригип, Таш-Көмүр шаардык Социалдык фонд бөлүмү деп аталып жетекчилик кызматка Ороскулова Калима Токтосуновна дайындалып 2003-жылдын 25-декабрга чейин иштеп келген.

2003-жылдын декабрь айынан — 2004- жылдын июль айына чейин Момунов Акат Акынович жетектеген.

2004-жылдын 23-августунда Кыргыз Республикасынын Таш-Комур шаардык Социалдык фонд башкармалыгы болуп аталып жетекчилик кызматта Караев Ырсалы Усенович 2006-жылдын декабрь айына чейин башкарган.

2006-жылдын 30-декабрынан азыркы убакытка чейин Жанабулов Маратбек Собурбекович башкарып келе жатат.

Таш-Көмүр шаардык Социалдык фонд башкармалыгы киреше, жеке эсепке алуу, пенсия чектөө жана кайра эсептөө, пенсия төлөө жана көзөмөлдөө ошондой эле техникалык жактан тейлөө бөлүмдөрүн камтып 15 кызматкер кызмат кылат.

Таш-Көмүр шаардык Социалдык фонд башкармалыгы 787 мекеме ишкананын жана жеке ишкерлер менен иштеп камсыздандыруу төлөмдөрүн көзөмөлдөп, 3308 пенсионердин пенсиясын ай сайын өз убагында төлөп берүүнү жана шаардын тургундарын жеке идентификациялык номер менен камсыз кылат.

# УКУК КОРГОО УЮМДАРЫ

## Таш-Көмүр шаардык прокуратурасы



Кыргыз ССР Борбордук Аткаруу Комитетинин 1935-жылдын 29-октябрындагы Указынын негизинде Таш-Көмүр району менен катар райондук прокуратура түзүлгөн.

Райондун прокурорлору болуп Темиров (аты, жөнү көрсөтүлбөгөн), Свиридоа С., Кишкенбаев иштешкен.

1943-жылы шаар статусу берилгенде райпрокуратура шаар прокуратура болуп кайра түзүлгөн (1941-жылдан 1946-жылга чейинки документтер жок болгондуктан 1977-жылдан бери иштегендерди атай кетели — ред. колл.)

1947-жылы Мансуров;

1949-1950-жылдары Жумабаев А;

1951-1952-жылдары Стутко;

1953-1956-жылдары Кривой Д;

1957-1961-жылдары Өмүралиев З;

1962-1966-жылдары Жирова Н;

1973-1976-жылдары Захарченко Н;

1977-1981-жылдары Нарынов С;

1982-1983-жылдары Өмүралиев Ө;

1983-1990-жылдары Арынов Мырзакмат;

1990-1995-жылдары Өмүркулов Самидин;

1995-2000-жылга чейин Эсенбаев Талантбек

200-2004-жылга чейин Сартбаев Дүйшөналы Бийалиевич

2004-2007-жылга чейин Кадыралиев Артистбек Эргешалиевич

2007-2010-жылга чейин Алымкулов Айдар Бекишович

2010-2011-жылга чейин Акышев Талантбек Акышевич

2011-2012-жылга чейин Алымбеков Марат Эмилбекович

2012-жылдын июль айынан баштап октябрь айына чей-

инки аралыкта прокурордун милдетин аткаруучу Суеркулов Мамыржан Талканбаевич

2012-жылдын октябрь айынан ушул күнгө чейин Сегизбаев Алмаз Ташмаматович

### Таш-Көмүр шаардык соту

Таш-Көмүр шаардык соту 1943-жылдан шаардык эл соту аталып, соттун төрагасы эл тарабынан шайланган.

Мисалы: 1951-1954-жылдарда Буреш Юрий Эл соту болуп шайланган.

Ал эми 1978-1981-жылдары Мураталиев;

1982-1983-жылдары Абдилатов;

1984-1995-жылдары А. Абдыразаков иштешкен.

1995-жылга чейин шаардык соттун имараты азыркы Соц. фонддун имаратында болгон, кийин шаар аткомунун имаратына көчүрүлгөн.

1996-жылдан 2011-жылдын август айына чейин Абдраимов Жармамат Кадырович Таш-Көмүр шаардык сотунун төрагасы болуп иштеди.

Андан кийин 2011-жылдын октябрь айынан 2012-жылдын июнь айына чейин Иманкулов Эркин Тургунович шаардык сотунун төрагасынын милдетин аткаруучу болуп иштеди. 2012-жылдын октябрь айынан ушул күнгө чейин Калмамат уулу Алтынбек шаардык сотунун төрагасынын милдетин аткаруучу болуп итеп келе жатат.

### Таш-Көмүр шаардык сотунун төрагасынын милдетин аткаруучу

Калмамат уулу Алтынбек 1975-жылы Сузак районунун Сузак айылында туулган. Кыргыз Республикасынын жараны, улуту кыргыз, Партияда жок. Билими — жогорку, Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин бүтүргөн (1996-200ж.) Мамлекеттик жана расмий тилди билет, англис, өзбек, казак, тилдерин сөздүк аркылуу тиричиликте колдоно алат.

Алгачкы эмгек жолун 1993-94 жылдары Сузак райондук сотунда сот отурумдарынын катчысы, 1994-1995-жылдары



КР ИИМдин алдындагы Бишкек Жогорку Мектебинин курсанты, 1996-2000-жылдары Ош мамлекеттик университетинин студенти,1996-2002-жылдары Сузак райондук сотунун соттук отурумдарынын катчысы, 2002-2006-жылдары Сузак районунунЧангетайылындагы«ГоризонтӨ1000м» ЖЧКсында юрист,2002-2007-жылдары Сузак районунда жеке адвокат,2007-2010-жылдары Базар-Коргон райондук сотунда 2010-2012-жылдары Ала-Бука райондук сотунда соттун төрагасы, 2012-жылдын 4 октябрынан бери Таш-Көмүр шаардык сотунун төрагасынын милдетин аткаруучу болуп иштеп келе жатат.

## МҮНӨЗДӨМӨ

Жалал-Абад областынын Таш-Көмүр шаардык сотунун кеңсе башчысы Осмонова Уулбүбү Жуматаевна 10-январь 1962-жылы Талас областынын Кара-Буура районунда туулган, билими юридиалык жогорку, үй бүлөлүү. Таш-Комур инженердик-педагогикалык институтун бүтүргөн.

Осмонова Уулбүбү Жуматаевна өзүнүн эмгек жолун 1983-жылы Бишкек шаарындагы тигүү фабрикасында тигүүчү болуп эмгектенүү менен баштаган. 1987-жылы Таш-Көмүр шаардык сотунда сот отурумунун катчысы болуп иштеп, 1988-жылдан 1992-жылга чейин "Таш-Көмүр жарчысы" гезитинин редакциясында бухгалтер болуп иштеген. 1997-жылдан тартып, азыркы убакта Таш-Комүр шаардык сотунда канцелярия башчысы болуп иштеп келе жатат.



Осмонова Уулбүбү шаардык сотто көп жылдан бери ак ниет үзүрлүү эмгеги, адамгерчилиги жогорку сапатта-

ры менен мүнөздөлөт. Коомдук иштерге жана аялдар кеңешинин мүчөсү катарында, мектептерде жаш өспүрүмдөргө укук маселеси боюнча алдын алуу иштерин жүргүзүүдө, шаардагы кары-картаңдарга жана мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга колдон келген жардамдарды берүүдө салым кошууда активдүү катышып, эл менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө зор салымын кошуп келүүдө. Коллективде жана шаар тургундарынын арасында кадыр-баркка ээ, үй-бүлөлүү, эки уул, бтр кыздын энеси, үч уул, бир кыздын чоң энеси, үч кыздын таенеси.

## УКБ

Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугунун шаардык бөлүмү 1982-жылы түзүлгөн Ага чейин мамлекеттик коопсуздук комитети тарабынан тейленген.

Мамлекеттик коопсуздук комитетинин шаардагы бөлүмүнүн 1-жетекчиси Маккамов Мансурбек Маккамович болгон.

1988-жылдан 1994-жылдын сентябрына чейин Шепитько Олег Дмитриевич жетекчилик кылган.

СССРдин Президентинин Указы менен 1991-жылы КГБ-ГКНБ (Государственный комитет национальной безопасноти)--- МУКК болуп аталды.

1994-жылы Жалал-Аба МУККтун шаардагы бөлүмүнүн жетекчиси болуп Темишов Акаталы дайындалып 1996-жылдын октябрына чейин иштеген.

1996-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен МУКК-УКМ (Улуттук коопсуздук министрлиги) болуп кайра түзүлдү, октябрь айынан баштап УКМдин шаардагы бөлүмүнүн жетекчилигине Юсупбаев Канатбек Маматазимович дайындалып, 2000-жылдын майына чейин иштеди.

2000-жылдын май айынан бери Улуттук Коопсуздугунун Министрлигинин шаардагы бөлүмүн бир нече кызматкерлер жетектеген.

Учурда 2011-жылдан бери шаардык Улуттук коопсуздук кызматын Сапаралиев Аманкан Эшмырзаевич жетектейт.

**Улуттук коопсуздук кызматын Сапаралиев Аманкан Эшмырзаевич** 1964-жылы Аксы районунун Кичи-Ак-Жол ай-

ылында туулган. Билими жогорку–ФПИнин инженер-технлог адистигин бүтүргөн.



**Эмгек жолу:**

1990-1992-жылдары Таш-Көмүр ТФЗда инженер технолог,

1992-жылдан ушул кезге чейин КР МУККда аскр кызматкери,

2000-2005-жылдары Таш-Көмүр шаарында,

2005-2006-жылдары Тоутогул районунда,

2006-2009-жылдары Түп районунда,

2011-жылдан ушул кезге чейин Таш-Көмүп шаарында Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин жетекчиси.

Тил билүүсү: Мамлекеттик, расмий жана англис.

Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

### Таш-Көмүр шаардык мамлекеттик нотариусу

Юлдашева Гульбарахон Нугайкуловна 1965-жылы 4-октябрда Таш-Көмүр шаарында туулган.1982-жылы орто мектепти аяктагандан кийин Фрунзе политехникалык институнун «Жарандык жана өнөр жай курулушу» факультетине кирип 1989жылы «инженер куруучу»адистигине ээ болгон. Курулуш 1989-1994-жылдары «Таш-Көмүр курулуш» трестинде комсомол уюмунун катчысы, 1994-1999-жылдары Таш-Көмүр аймактык казына бөлүмүндө 1999-2001-жылдары КМУУнун «Юриспруденция» адистигин артыкчылык диплому менен бүтүргөн.



2002-жылдан бери Таш-Комүр шаарында мамлекеттик нотариус болуп

эмгектенет. Үй бүлөлүү, 2 уул, 1 кыздын энеси. 2004-2008-жылдары Таш-Көмүр шаардык Кеңешине депутат. 2008-2012-жылдары Таш-Көмүр шаардык Кеңешке депутат болгон.

**Сыйлыктары:**

Юстиция министрлиги 2012-жыл 14.07. №124 «Сиңирген эмгеги үчүн»

ЮМ — 2011-жыл «Железная Леди»

2011-жыл «Жылдын мыкты атуулу»

2010-жыл «Жылдын мыкты нотариусу»

2010-жыл ЮМ «Ардак грамотасы»

2009жыл Жалал-Абад Юстиция башкармалыгынын «Ардак грамотасы»

2008-жыл Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын «Ардак грамотасы»

2002-2003-2005-жылдары Таш-Көмүр шаардык мэриясынын «Ардак грамотасы» менен сыйланган.

## Таш-Көмүр шаардык Адвокатурасынын башчысы Умуралиева Анипанын өздүк архивинен

Таш-Көмүр шаардык Адвокатурага 1984-жылы 10-октябрда №88 приказдын негизинде Юрист-консультант болуп ишке орноштум. Мен келгенде Адвокатуранын башчысы Акыев Арзыбек ишке кабыл алды.



А.Акыевден кийин Юлдашев Азимжан, Канаев Жанарбек, Аттокуров Садыкжан, Кырбашева Кымбат андан кийин 1993-жылдан баштап адвокат Шекеев Нурбек менен иштешип жатам.

Мен 1973-1974-жылдарда Таш-Көмүр шаарына караштуу №9 орто мектепти ийгиликтүү аяктап, озүмдүн айылым Теңдик айылында фермада саанчы кесипти тандап иштеп калдым. Саанчылык кесипте 2 жыл иштеп, 2 жылдык стаж менен Кыргыз

мамлекеттик университеттин Юридикалык факультетине 1 курска кабыл алындым. Иштеп жүрүп Коммунисттик партияга мүчөлүккө талапкер болдум, 1 курстан Коммунисттик партияга мүчө болдум. Ал убакта эки балалуу болуп калганмын, кызым Астрагул, уулум Аскарбек ошентип 1982-жылы Кыргыз мамлекеттик университеттин юридикалык факультетин бүтүп, Ош шаардык юридикалык консультациясына 2 жылга адвокаттык стажировкага болүндүм. Стажировка бүтүп, 1984-жылы октябрь айынан баштап Таш-Көмүр шаардык ЮКга адвокат болуп иштедим.

1982-жылы туулган Айганыш аттуу кызым Ош шаардык мамлекеттик университеттин юридикалык факультетин бүтүп учурда Россиянын Сахалин шаарында иштейт. Андан кийинки кызым 1987-жылы туулган Жибек Туркиянын Анталия шаарында жашайт. Кичине кызым Жаңыл-Мырза Кыргыз мамлекеттик университеттин МУКтун ангилис тили боюнча адистигин бүтүрдү. Азыркы учурда мен бактылуу чоң эне жана таенемин.

## ШИИБ

Таш-Көмүр 1943-жылга чейин Майуу-Суудагы ички иштер кызматы тарабынан тейленип, бир гана участкалык милиционер болгон.



Шаар статусу алынгандан кийин ички иштер кызматы Алямов В.В., Меньшиков В. В, Лагода В. В., Баазарбаев Ч. Б., Труңев А. А., Абсатаров Б. А., Сулайманов Р. М., Мурасатов А. М., Допонбаев С. Б., Кайыпов М. К. Кланбаев А.Т., М.Ж.Шералиев, З.К.Масиров иштеп келишкен.

Мурда партиянын шааркомунун биринчи катчысы болуп иштеген Мырзаалы Абдырахманов Ички Иштер кызматында иштеп генерал-лейтенант болсо, Габидуллин мур-

да шаардын Ички иштер кызматында иштеп, кийин Министр кызматына чейин жеткен.

1950- жылдары 12 кызматкер, 1960-жылдары 37, 1990-жылдары 110 кызматкер иштеген.

**ШИИБнын ЖЕТЕКЧИСИ, полковник Шайбеков Маратбек Рысбекович** 1975-жылы Талас областынын Талас районунун Орто-Арык айылында туулган. Билими юридикалык жогорку. КР ИИМинин Бишкек жогорку мектебин (1996-ж) жана ИИМдин Э.Алиев атындагы академиясынын Биринч факультетинин башкаруу кадрларын даярдоо бөлүмүн аяктаган (2004).

Милициянын мыкты кызматкери.

**Эмгек жолу:**

1992-1996-жылдары ИИМдин жогоку мектебинде курсант,

1996-1999-жылдары Талас шаардык ИИБнын оперөкүлү,

1999-2001-жылдары Талас ШИИбнын банги заттарга каршы күрөшүү бөлүмчөсүнүн ага оперөкүлү,

2001-2002-жылы Талас КИБнын башчысы,

2002-2004-жылдары ИИМ Э.Алиев атындагы академиясынын 1-факультетинин угуучусу,

2004-2008-жылдары Жалал-Абад ОИИБнын Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары,

2008-2010-жылдары Талас областынын Манас РИИБнын башчысы,

2010.04.05-2010.06.07.- ИИИдин карамагында убактылуу бош. ИИМдин карамагында убактылуу бош туруп 2010-жыдын 11-июнунан 29-июнуна чейин Жалал-Абад шаарындагы июнь окуясында коомдук коопсуздукту сактоого катышкан.

2010.06.07.-2010.23.07 — Жалал-Абад ОИИБнын Ноокен РИИБнын башчысы,

2010-жылдын 23-июлунан баштап азыркы кезге чейин Таш-Комүр ШИИБнын башчысы болуп иштеп келе жатат.

## ТАШ-КӨМҮР ШААРЫНЫН АСКЕР КОМИССАРИАТЫ

1939-жылы 21-ноябрда СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Таш-Көмүр райондук аскер комиссариаты түзүлгөн.

Таш-Көмүр райондук аскер комиссариатынын Улуу Ата Мекендик согушка кошкон салымы чоң. Анткени жакынкы райондордон келген, согушка чакыруучулардын баары Таш-Көмүр райондук аскер комиссариаты аркылуу жөнөтүлүп турган. 1941-1942-жылдары 2837, 1943-жылы 2066, 1944-жылы 620, 1945-жылы 97, баары биригип 5620 жоокер кеткен.

Биринчи асркер комиссары болуп политрук Шлапаков Александр Иванович 1939-жылдан 1941-жылга чейин иштеген. 1994-2000-ылдары полковник Темирбаев Атырбек Мойдунович, 2000-2002-жылга чейин полковник Керималиев Арстанбек Калканович, 2002-2005-жылдары майор Бодобаев Сыргак Асагкулович, 2008-2009-жылдары подполковник Юсупов Медербек, 2009-2011-жылдары полковник Калдаров Акылбек Акимович жетектеп келишкен.

2009-жылы 30-апрельде Кыргыз Респбуликасынын Коргоо министринин №130 буйругунун негизинде Таш-Көмүр шаардык аскер комиссариаты жоюлуп, бириккен Аксы райондук аскер комиссариаты болуп түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы Штабынын башчысы Коргоо Министринин биринчи орун ба-



сарынын 2011-жылы 1-апрелиндеги №14/348 штаттын негизинде "Таш-Көмүр шаардык аскер комиссариаты" болуп кайра түзүлгөн. Ал убакта полковник Абдыллаев Жаныбек Эргешович шаардык комиссар болуп эмгектенген.

Азыркы учурда шаардык аскер комиссариаты майор Чолдонбаев Азамат Балтабаевич жетектеп келет.

**Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлиги**

Таш-Көмүр шаарынын аймагында КР ӨКМнин беш түзүмдүк бөлүкчөсү жайгашкан. Алар :

1. КР ӨКМнин Таш-Көмүр шаардык бөлүмү;
2. КР ӨКМнин 2-өзүнчө издөө-куткаруу отряды;
3. КР ӨКМнин 6-өзүнчө мобилдештирилген тоо-кен кырсыгынан куткаруу бөлүкчөсү;
4. КР ӨКМнин Таш-Көмүр шаардык өрткө каршы мамлекеттик кызмат бөлүмү;
5. КР ӨКМнин Таш-Көмүр шаардык мобилдештирилген инженердик тобу;

**КР ӨКМнин Таш-Көмүр шаардык бөлүмү**

Азыркы учурда КР ӨКМнин Таш-Көмүр шаардык бөлүмүнүн башчысы, шаардык Жарандык коргонуу башчысынын орун басары болуп лейтенант Медетбеков Нурканбек Медетбекович эмгектенип келүүдө.

Таш-Көмүр шаардык өзгөчө кырдаалдар бөлүмү шаардын аймагындагы (Шамалды-Сай, Кызыл-Жар) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууда, кесепеттерин жоюуда жана калктын коопсуздугун камсыздоо максатында кооптуу обьектерде, участкаларда жана турак үйлөрдө мониторинг жүргүзүү менен жээк бекемдөө, сел сайларын тазалоо, кооптуу турак үйдө жашаган жарандарды коопсуз жайларга көчүрүү жана аталган жарандарга мамлекет тарабынан жардам иретинде берилүүчү узак мөөнөттүү үстоксүз ссуда алууда өзгөчө бир топ иш чараларды аткарып келүүдө. Ошондой эле жыл сайын бекитилүүчү даярдык планынын негизинде шаардык Жарандык коргонуу кызматтары жана шаар эли менен биргеликте өзгөчө кырда-

ал учурунда  сактануунун жана коргонуунун жөндөмдүүлүгүн күчөтүү максатында  практикалык түрүндөгү окууларды өткөрүп турат.

Жыйынтыктап айтканда аталган бөлүм Жарандык коргонуу жаатындагы мамлекеттин бирдиктүү саясаттын жүргүзүлүшүн камсыз кылат.

**КР ӨКМнин 2-өзүнчө издөө-куткаруу отряды (аскер бөлүгү)**

2003-жылдын 27-майында Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Таш-Көмүр шаарына караштуу 82212 аскер бөлүгү (Экинчи өзүнчө издөө-куткаруу отряды) ачылган.

Бүгүнкү күндө 2-өзүнчө издөө-куткаруу отряддын командири капитан Абдураимов Азатбек Мамасадыкавич жетектеп келүүдө.

82212 аскер бөлүгү ачылып, кызматтык милдеттерин аткарууга киришкен күндөн баштап, бүгүнкү күнгө чейин Жалал-Абад облусунун аймактарында катталган озгочө  кырдаалдардын баардыгын жөнгө салуу үчүн тиешелүү салымдарын кошуп келүүдө.

Атап айтканда;

- Ош-Бишкек жолундагы жана Жалал-Абад облусунун аймагынын ички жол кырсыктарын жоюуда.
- Нарын дарыясындагы суу кырсыгына кабылгандарды куткарууда.
- сел, суу ташкындарын жана кар көчкүлөрдөн куткарууда.
- жер көчкүдөгү жабыркаган элдерди сактоодо алгылыктуу иштерди корсотүп, дайыма жардамдарын көрсөтүү менен өз милдеттерин ак ниеттен аткарып жатышат.

Андан сырткары, жыл сайын кары-картаңдарга, жетим-жесирлерге материалдык, моралдык жана колдон келген эмгектерин көрсөтүп, жардам берип келишет.

**КР ӨКМнин 6-өзүнчө мобилдештирилген тоо-кен кырсыгынан куткаруу бөлүкчөсү**

Тоо-кен кырсыгынан куткаруу кызматы өзүнүн тарыхын 1924-жылы Кызыл-Кия көмүр кендеринде Орто Азиядагы биринчи

тоо-кен кырсыгынан куткаруу станциясы болуп баштаган .

Кийинчээрек башка тоо-кен кырсыгынан куткаруу станциялары Таш-Көмүр, Сүлүктү шаарларында түзүлүп баштаган .

Советтер Союзунан бөлүнүп, Кыргызстан өзүнчө мамлекет болгондон кийин 1993-жылы Кыргыз Республикасынын аскерлештирилген тоо-кен кырсыгынан куткаруу бөлүкчөсүнүн штабы Кызыл-Кия шаарында жайгашылган. АТКККнын башкармалыгын башчысы полковник Маматов Т.Б. дайындалган. 1993-жылы Таш-Көмүр шаарында жайгашылган 7-аскерлештирилген тоо-кен кырсыгынан куткаруу бөлүмү Кызыл-Кия шаарындагы АТКККнын штабынын карамагына кабыл алынган жана командири болуп Ульмасов М дайындалган.

Кыргыз Республикасынын окмотунун 1997-жылдын 11-апрелиндеги №207 токтомунун негизинде АТККБ өзгөчө кырдаалдар жана жарандык коргоо министирлигине кошулган. ӨК жана ЖК министиринин 1997-ж. 13-августундагы №243 жана 1997-ж. 2-декабрындагы №358 буйруктарынын негизинде 81497 аскер бөлүгүнүн Тоо-кен кырсыгынан куткаруу кызматы болуп аталган.

1998-жылы 6-өзүнчө мобилдештирилген тоо-кен кырсыгынан куткаруу бөлүкчөсүнүн командири Шатманов Эркиналы Токтоназарович дайындалган. 6-өзүнчо мобилдештирилген тоо-кен кырсыгынан куткаруу бөлүкчөсүндө 25 адам жумушчу ордун түзгөн.

6-Өзүнчө мобилдештиридген тоо-кен кырсыгынан куткаруу бөлүкчөсү Республика боюнча көмүр жана рудалык кен-байлыктары бар жерлерде жайгашкан . Алардын негизги тапшырмасы болуп жер астында түзүлгөн ар турдуу кырдаалдарда адам өмүрүн атайын аппараттарды колдонуу менен сактап калуу болуп эсептелет. Жер астындагы куткаруу иштеринен башка 6-ӨМТККБсы өздөрү жайгашкан жерлерде элдерге ар турдуу кырсыктардан (сел,көчкү,өрт ж.б) куткарууга жардам беришет.

6-ӨМТККБ Таш-Көмүр шаарынын айланасында жайгашкан көмүр казуучу ишканаларын жана жакын жайгашкан эл жашоочу аймактарын тейлейт.

6-ӨМТККБнын кызматкерлери 2001-жылдан тартып Ош-Бишкек жолунун 600- чакырымындагы Төө-Ашуудагы тоннелде келишимдин негизинде күзөттө турушат. Ошондой эле Чаткал районундагы «Кыргызалтын» ААК жана «Иштамберди» ишканалары менен тейлөө боюнча келишим түзүлгөн.

2009-жылдын декабрында 6-ӨМТККБнын өздүк курамы Тоо-кен кырсыгынан куткаруу кызматынын башчысы майор Э.Шатманов баш болуп «Камбар-Ата» ГЭСиндеги жардырууда катышкан.

2011-жылдын сентябрь айынан 6-ӨМТККБнын командири болуп улук лейтенант Наржигитов Сүйүналы Сатаевич дайындалган.

1947-жылы курулган имараттын эскилиги жеткендигине байланыштуу Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан жаңы имаратты куруу үчүн бөлүнүп берилген акча каражатынын негизинде 6-ӨМТККБнын имараты 2011-жылдын сентябрь айында башталып, 2012-жылдын июнь айында 6-ӨМТККБнын административдик имараты өздүк курамдын күчү менен курулуп бүткөрүлдү.

Азыркы учурда 6-ӨМТККБнын имараты колдонууга тапшырылып жана өздүк курам өз жумуштарын аткарып жатат.

### КР ӨКМнин Таш-Көмүр шаардык өрткө каршы мамлекеттик кызмат бөлүмү

1926-жылдын 15-июнунда биринчи болуп биздин мамлекетибизде өрт өчүрүүчү кошуну түзүлгөн. Таш-Көмүр шаарынын алгачкы №57 өрт өчүрүү бөлүгү 1929-жылы курулган. Алгачкы өрт өчүрүү бөлүгү курулган мезгилде Таш-Көмүр районунда Өрт өчүрүүчү техниканын жетишсизигинен өрт өчүрүү кызматкерлери 200 литрлик бочка менен суу ташып, өрт өчүрүп кызмат көрсөтүшккөн.

Алгач №57 өрт өчүрүү бөлүгүнө начальник 1951-жылдан 1960-жылга чейин Воробойдин А. Жеткчи болгон.

Начальник 1960-1965-жылга чейин Киреев;

Начальник 1965-1968-жылга чейин Чикиев;

Начальник 1968-1974-жылда чейин Сайдуллаев Ш;

Начальник 1974-1978-жылдарда А. Жангиров;
Начальник 1978-1994- жылдарда Т. Бакиев;
Начальник 1994-1995- жылдарда Акматов Р;
Начальник 1995-1996- жылдарда Жумаев С;
Начальник 1996-1997- жылдарда Тураев Б;
Начальник 1997-1998- жылдарда Кожобеков Т;
Начальник 1999-2000- жылдарда Амиршаев А;
Начальник 2000-2002- жылдарда Кожобеков Т ;
Начальник 2002-2003- жылдарда Жуманов А ;
Начальник 2003-жылдары А. Орунбаев жетектеген.

Кыргыз Республикасынын окмотүнүн 1994-жылдын 28-октябрь №795 токтомунун менен 15-июнь өрт өчүрүүчү кызматкерлердин кесиптик күнү деп белгиленген.

Таш-Көмүр шаарында «Кристалл» заводун жана мамлекетик өзгөчө мааниге ээ обьектилеринде, социялдык жана онор жай ишканаларда, жеке менчик мекеме-уюмдарда жана атуулдардын турак үйлөрүдө өрт коопсуздугун сактоо максатында 1988-жылы 4-этажду 5-гараждуу өрт очүрүүчү бөлүк заводун көзөмөлүндө курулган. Азыркы учурда Таш-Көмүр шаардык өрткө каршы мамлекетик кызмат бөлүгүнүн жетекчиси болуп улук лейтенант Чопоев Мирлан Жолдошмаматович жетектеп эмгектенип келүүдө.

Аталган бөлүкчодо 44 штаттуу кызматкер иштейт жана 4 даана орт өчүрүүчү автоунасы менен камсыз кылынган.

## КР ӨКМнин Таш-Көмүр шаардык мобилдештирилген инженердик тобу

Таш-Көмүр шаарындагы КР ӨКМнин мобилдештирилген инженердик тобу 2007-жылы жергиликтүү бийликтин демилгеси менен сунушталып, 2008-жылы Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министри Камчыбек Ташиевдин жардамы менен ачылган. Аталган ишкананын жетекчис болуп Конкобаев Таалайбек Тажимырзаевич дайындалган.

КР ӨКМнин мобилдештирилген инженердик тобу ишканасы атайын техникалар менен камсыз болуп, жалал-Абад областынын аймагындагы өзгөчө кырдаалдын алдын алуудагы жана

кесепеттерин жоюуда  иш чараларды аткарып келет. Учурда аталган ишкананы Мырзатаев Аркытбек Мырзабекович жетектеп келүүдо.

## ӨМҮР БАЯН

**Медетбеков Нурканбек Медетбекович** 1987-жылы 14-февралда Жалал-Абад областына караштуу Таш-Көмүр шаарында туулган. Үй- бүлөдө беш бир тууугандын экинчиси. Улуту кыргыз.

1993-жылы Токтогул атындагы №4-орто мектебине биринчи класска барып,  2004-жылы Токтогул атындагы №4-гимназия мектебин бүтүргөн.

2004-жылы Ош шаарындагы Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясы жогорку окуу жайына тапшырган. 2006-2008-жылдары жогорку окуу жайы менен кошо Ош Мамлекеттик Технологиялык Университетине караштуу аскердик факультетинде окуп, 2009-жылы Ош Мамлекеттик Юридикалык Институтун аяктаган жана юрист адистигине ээ болгон.

Учурда 2011-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын озгочо кырдаалдар Министирлигинин Таш-Көмүр шаардык бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет.

Үй- бүлөлүү.

## Шаардааагы Аскердик бөлүк

2003-жылдын 20-майында Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин №287-РС буйругунун негизинде жана Өзгочо кырдаалдар жана Экология министринин 27-сентябрь 2003-жылдагы № С-396-буйругуг менен Таш-Көмүр шаарына 27-майда 82212-Аскердик бөлүк жайгаштырылды.

Аскердик бөлүктүн негизги максаты түштүкто озгочө кырдаалдар учурунда калктын коопсуздугун ыкчамдык менен камсыз кылуу, кырсыкты жоюуну колго алуу.

Аскердик болүк түзүлгөн кезден тартып 11-августка чейин майор Сатылганов Нурбек Салаватович батальонго командалык кылды.

Учурда Аскердик бөлүктүн командиринин милдетин аткаруучу капитан Орозбаев Досмамбет Разылканович.

## ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРИ

### Финансы бөлүмүнүн тарыхы

Кыргыз ССринин Жогорку Советинин Президиумунун 1943-жылдын 15-апрелиндеги Указына ылайык Жалал-Абад областынын Жаңы-Жол районундагы Таш-Көмүр жумушчулар шаарчасы Жалал-Абад областына баш ийген шаар болуп кайра түзүлгөндөн кийин Таш-Көмүр шаардык финансы бөлүмү уюштурулган.

Жогорудагы фактлардын негизинде шаардык финансы бөлүмүнүн уюшулгандыгына быйыл 70 жыл толгондугу анык.

Таш-Көмүр шаардык финансы бөлүмүнүн 70 жылдык тарыхында төмөнкү инсандар эмгектенип жетектеп келишкен.

1943-1944-жылдары Соколов,

1944-1946-жылдары Полянов,

1946-1949-жылдары Прокорнеко,

1949-1954-жылдары Радионов М. П,

1954-1956-жылдары Коджобеков А.,

1956-1957-жылдары Адьянов Ж.,

1957-1959-жылдары Акимжанов З.,

1959-1972-жылдары Бикбаева М. Е.,3

1972-1979-жылдары Бешкемпиров А.,

1979-1987-жылдары Игамбердиева А. Ю.,

1987-1990-жылдары Койчуманов Т.Д.,

1990-1994-жылдары Ормонов А. К.,

1994-2000-жылдары Абдурашидов А.,

2000-2007-жылдары Музуралиев Б. М.,

2007-жылдын сентябрь айынан баштап Байыскулов Жекшенбек Малабекович жетектеп келе жатат.

1990-жылы шаардык финансы бөлүмүнүн карамагынан Кыргыз Республикасында салык кызматы өзүнчө орган катары түзүлгөндүгүнө байланыштуу шаардык салык кызматы бөлүнүп чыккан.

1994-жылдын 1-июнунан баштап Кыргыз Республикасында

казыналык системасы киргизилгендиктен шаарда регионалдык казына бөлүмү уюштурулуп, финансы бөлүмүндө өзүнчө тармак катары киргизилген.



Азыркы мезгилде шаардык финансы бөлүмүндө жана регионалдык казына бөлүмүндө 8 кызматкер эмгектенет:

Бюджет бөлүмүнүн башчысы (начальниктин орун басары) Уркунова Нуржамал,

Башкы адистер Абышев эссен жана Майлиев Бекзат,

Жетектөөчү адистер Кочокеева Тотукыз, Ажиева Айнагул жана Колбаева Фатима, адис Качыбекова Асель иштейт

Шаардык финансы бөлүмүнүн жетекчиси Байыскулов Жекшенбек Малабекович 1968-жылы 20-декабрда Аксы районунун Ак-Жол айылында туулган. Жогорку билимдүү. ЖАМУнун «бухгалтердик эсеп жана аудит» адистигин бүтүргөн.

**Эмгек стажы:**

1988-1991-ж. Ак-Жол орто мектебинде лаборант,

1991-1993-ж. ушул эле мектепте жарандык коргонуу боюнча жетекчи,

1993-1996-ж. жаштарды аскерге чейин даярдоо мугалими,

1996-1997-ж. Ак-Жол айыл өкмөтүнүн эсепчи — кассири,

1997-2002-ж. Ак-Жол айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси,

2002-2007-ж. Аксы райондук финансы башкармалыгынын бюджет бөлүмүнүн жетекчиси,

2007-жылдан ушул кезге чейин Таш-Көмүр шаардык финансы бөлүмүнүн жетекчиси болуп иштеп келе жатат.

Үй бүлөлүү: 4 баланын атасы.

**Таш-Көмүр шаардык регионалдык Казына бөлүмү**

1994-жылы 1-июндан баштап негизделген. Биринчи жетекчиси Т.Ж.Жээнбеков дайындалган. 1996-жылдан 1999-жыл-

га чейин Г.Насирдинова жетектеген, ал эми 1999-жылдан 2005-жылга чейин Э. Нурманбетов эмгектенген.

2005-жылдан 2008-жылга чейин Т.Ж.Курбанбеков иштеген.

2009-жылдан 2012-жылга чейин Мамсыдыков Шекербек иштеп;

2012-жылдын август айынан тарта Досалиева Алымкан Атамырзаевна шаардык казына болумун жетектеп келе жатат.

### Шаардык казына бөлүмүнүн жетекчиси



Досалиева Алымкан Атамырзаевна 1961-жылы туулган, билими жогорку– Бишкек финансы-экномикалык техникум, Жалал-Абаддагы Ишкерлик жана экономиканы университетинин бухгатердик эсеп жана аудит адистигин бүтүргөн.

**Эмгек стажысы:**

1980-1992-жылдары Ала-Бука районундагы турмуш тиричилик комбинатында кадрлар бөлүмүнүн башчысы;

1992-1998-жылдары Ала-Бука айылдык Кеңшинин эсепчиси;

1998-жылдан 2012-жылга чейин Таш-Көмүр шаардык финансы бөлүмүнүн башкы адиси;

2012-жылдан ушул кезге чейин шаардык казына болүмүнүн жетекчиси болуп иштеп келе жатат.

Кыргыз жана орус тилдеринде эркин сүйлөйт.

### "Кыргызстан" АКБсынын филиалы

1988-жылы шаарда СССР Жилсоцбанкынын Кыргыз кеңсесинин өкүлчүлүк пункту ачылган. Анын негиздөөчүсү азыркы аталган банктын башкаруучусунун орун басары Мостовая Мариям Абдуловна болгон. Эмгек стажысы 18 жыл.

Тейленүүчү кадрлардын жана банк кызматынын түрлөрүнүн көбөйүшү менен 1989-жылы ЖСБ бөлүмү болуп кайра түзүлгөн.

1990-жылы 15-мартта шаардык ЖСБ эң мурунку банктардын бири, Кыргызстан банктарынын ичинде жападан жалгыз баалуу металлдарга операция жүргүзүүгө лицензиясы бар "Кыргызстан" Акционердик Коммерциялык Банкынын филиалы болуп түзүлгөн. "Кыргызстан" АКБнын башкармачылыгынын төрайымы белгилүү меценат, Кыргыз Республикасынын ЖК Эл экс депутаты Садыбакасова Шарипа Садыбакасовна.

"Таш-Көмүр" АКБнын филиалынын биринчи башкаруучусу Шайбеков Ултанбай иштеген, азыр шаарда жашайт.

1992-жылдан 2001-жылга чейин Молдокеев Жанышбек Пайызбекович, ал эми 2001-жылдан ушул жерге чейин Нурманбетов Эсенбай Асанкулович башкаруучу болуп иштеп келе жатат.

### Мамлекеттик салык инспекциясы

Мамлекеттик салык инспекциясы Таш-Көмүр шаарында 1990-жылы ачылган.

Бул салык инспекциясында биринчи болуп Койчуманов Т. К. жетектеген. Ал эми 1991-1996-жылдары Ахунбаева П. А

1996-1997-жылдары Сарманов И.

1997-1999-жылдары Музуралиев Б.

1999-2003-жылдары Эгембердиев К. жетектеп келишкен.

Ал эми 2003-жылдын декабрь айынан бери Суранбаев Токтоналы Жусупбекович жетектеп келе жатат.

Салык инспекциясы түзүлгөндөн бери М. Жоробеков, Р. Асаналиев, З. Талибаева, Т. Ысабаев үзүрлүү эмгектенишүүдө.

Узак мөөнөт иштегендиги жана мамлекеттик салык инспекциясын түзүүдөгү салымы үчүн Ахунбаева П. А. "Финансы-экономика кызматынын отличниги" наамына, ошондой эле Т.Суранбаев, Р.Асаналиевдер салык кызматынын отличниги наамына жетишкен.

Азыркы убакта салык кызматында 1 кызматкер эмгектенет жана бул кызматкерлердин мамлекеттик казынаны толтурууда жана берилген тапшырманы ашыгы менен аткарууда эмгектери зор. Ошондой эле 2012-жылдын жарым жылдыгына салыштырмалуу 2013-жылдын жарым жылдыгында мамлекеттик

казынага 5172,6 миң сом ашыкча топтоо менен осүү темпи 15,7 миң сомду түзгөн.

### Таш-Көмүр шаары боюнча мамлекеттик салык инспекциясынын жетекчиси



Суранбаев Токтоналы Жусупбекович 1956-жылы 29-ноябрда туулган, билими жогорку — Фрунзе политехникалык институту. Кесиби инженер-экономист. Үй-бүлөлүү: 4 баланын атасы.

**Иш тажрыйбасы :**

1978-1990-жылдар , Таш-Көмүр ПМКсында финансист, башкы эсепчи,

1990-1983-жылдар "Ак-Суу" совхозунда расчеттук эсепчи,

1990-1996-жылдар Таш-Көмүр тамеки ферменттоочү заводдо башкы эсепчи,

1996-1999-жылдары Таш-Көмүр шаары боюнча салык инспекциясынын жетекчисинин орун басары,

1999-2002-жылдары "Сары-Алтын" АКнын башкармалыгынын төрагасынын орун басары, 2003-жылдан ушул кезге чейин Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгынын Таш-Көмүр шаары боюнча жетекчиси.

Кызыкчылыгы: спорт, шахмат, китеп окуу.

## ТЕЙЛӨӨ МЕКЕМЕЛЕРИ

### Госрегистр

Таш-Көмүр шаардык жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды катоо бөлүму 1999-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн буйругунун негизинде Мамкаттоо деп аталып, ишкана ачылганда жетекчиси болуп Шералиев Жоробек Шералиевич дайындалган., 1999-2003-жылга чейин жетектеген. 2003-2004-жылга чейин Калилов Абдыманап жетектеген, 2004-2005-жылга чейин Раев Азамат жетектеген, 2005-жылдан башап бүгүнкү күнгө чейин ишкананы Канибеков Калдарбек



Каныбекович жетектейт. 2011-жылы Отличник наамын алган. Ишканада азыркы күндө 13 адам иштейт. Калкка кызмат көрсөтүү.

**Земрегистр**

Таш-Көмүр шаардык жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо бөлүму 1999 — жылы Кыргыз Өчакырыметүнүн буйругунун негизинде Госрегистр деп аталып ишкана ачылган жетекчиси болуп Шералиев Жоробек Шералиевич дайындалган, 1999-2003-жылга чейин жетектеген. 2003-2004-жылга чейин Калилов Абдыманап жетектеген, 2004-2005-жылга чейин Раев Азамат жетектеген, 2005-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин бул ишкананы Каныбеков Калдарбек Каныбекович жетектейт. 2011-жылы Отличник наамын алган. Ишканада азыркы күндө 13 адам иштейт. Калкка кызмат көрсөтүү.

**Кыймылсыз мүлктөргө тактама берүү;**

**Кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоо, күрөөгө коюу;**

**Кыймылсыз мүлктөр менен болгон сатып алуу-сатуу, белекке берүү, алмаштыруу жана менчиктештирүү Келишимдерди даярдоо;**

**Жерге болгон мамлекеттик актыларды, убактылуу күбөлүктөрдү жана техникалык паспортторду даярдоо;**

**Каныбеков Калдарбек Каныбекович** 1975-жылы 26-апрелде Аксы районунун Ак-Суу айылында жумушчунунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1992-жылы Таш-Комүр шаарындагы Кыргыз техникалык университетине химик-технолог факультетине кечки бөлүмүнө тапшырган.

1998-жылы ЖАМУ ТТФны ийгииктүү аяктап, инженер химик технолог квалификациясы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү, 3 балалуу, 1 кыз, 2 уулу бар.

2005-жылы Таш-Көмүр шаардык жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо бөлүмүнө башчысы болуп дайындалган.

2011-жылы Кыргыз Республикасынын өчакырыметүнө караштуу мамлекеттик каттоо кызматы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаменти тараьынан Отличник наамын алган.

### "Кыргыз почтасы"" мамлекеттик ишканасынын Таш-Көмүр шаардык филиалы

Таш-Көмур шаардык "Кыргыз почтасынын филиалы алгачкы малекеттик кат алуу датасы 15.07.1994-жылы юридикалык жактан филиалдын эсептин кайра каттоо жөнүндө күбөлүк берилген.

Бүгүнкү күндө "Кыргыз почтасы" МИ Таш-Көмүр шаардын филиалы деп аталат. Филиалдын карамагында 9 бөлүм бар. Шамалды-Сай, Кызыл-Жар, Теңдик аймактарын камтыйт.

Таш-Көмүр шаардык "Кыргыз почтасы" 1994-жылдан баштап өз алдынча иштей баштаган. Алгачкы жетекчилер:

1994-2003-жылы Садырова Анара Осконова

2003-2006-жылы Шабданов Тагайбек Козубекович

2006 жылдан баштап Кадырылиев Калдар Качкынович

### Өмүр баян

Кыдыралиев Калдар Качкынович 1960-жылы 10-апрелде Жалал-Абад областы Аксы району Кош-Дөбө айылыда туулган. 1977 -жылы Жаңы-Жол айылындагы Ж.Мамытбеков атындагы орто мектепти аяктап, 1977-жылы Фрунзедеги политехникалык институттун технологиялык факультетин 1982-жылы бүтүрүп,1982-1984-жылдары армияда кызмат өтөгөн.

1984-2001-жылдары Таш-Көмүр эт комбинатында,

2001-2003-жылдары арак заводунда ,

2003-2006-жылдары "Кыгыз почтасы" ишканасында,

2006-жылдын август айынан баштап жетекчиси болуп иштеп келе жатам. Үй-бүлөлүү 3 уулдун 1 кыздын атасы.

"Кыргыз почтасы" ишканасы бүгүнкү күндө элге кызмат корсөтүү жагынан төмөнкүдөй кызматтарды аткарат:

-Жөнөкөй, буйрутма, баалуу каттарды кабыл алуу жана багыты боюнча жеткирүү

-Пасылкаларды кабыл алуу жана жеткирүү

- Акча котормолорун кабыл алуу жана жеткирүү

- Газета журналдарга жазылуусун кабыл алуу жана сатууга чыгаруу

- Пенсияга, пособия төлөмдөрүн жүргүзүү

- Эл аралык акча которууларын ишке ашыруу (Контакт, Золотой Корона ) -Авия, ТЖ, Автобусдук билеттерди эл аралык багыттары боюнча сатуу.

-Бирдиктерди салуу

- Электроэнергиянын төлөмдөрүн кабыл алуу.

- Эл аралык тездетилген почта

- Телеграммаларды жеткирүү.

**Муниципалдык менчик департаметинин аннотациясы**

Муниципалдык менчик департаменти, Эл депутаттарынын Та-Көмүр шаардык Кеңешинин XXIII чакырылышынын кезектеги XXI сессиясынын 2002-жылдын 5-июлундагы “Таш-Көмүр шаардык коммуналдык мүлктү башкаруу комитетинин жобосун бекитүү жөнүндөгү” № 13- токтому менен бекитилип, Жалал-Абад областтык юстиция башкармасы тарабынан 2002-жылдын 3-сентябрында катталып, каттоо номери 3927-3303 У-е, оз ишкердүүлүк чөйрөсүн коммуналдык менчиктеги мүлктөрдү башкаруу, бөлүштүрүү жана пайдаланууга берүү, ошондой эле жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органынын турак-жай маселелери боюнча иш жүргүзгон.

Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин IV чакырылышынын IX сессиясынын 2005-жылдын 23-сентябрындагы “Таш-Көмүр шаардык Муниципалдык менчик департаментинин уставына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү” №5/9-токтомунун негизинде, Жалал-Абад областтык Адилет башкармасы тарабынан 2005-жылдын 12-октябрында катталып, каттоо номери 3927-3303 У-е, шаардык муниципалдык менчикти башкаруу, колдонуу жана ээлик кылуу укуктарына ээ болуу менен, шаардык мэриянын турак-жай саясатын ишке ашырууда.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 8-октябрындагы №608-токтомунун негизинде Таш-Көмүр шаары-

нын мэриясынын муниципалдык менчиги болгон 58 обьект өткөрүлүп берилген. Ал эми Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 16-октябрындагы № 580-токтомунун негизинде 40 обьект өткөрүлүп берилди. 2010-жылдын 1-январына толук такталгандагы жыйынтыгы менен шаардын муниципалдык менчигиндеги обьектилердин саны 88 обьект. Азыркы мезгилде муниципалдык менчиктеги обьектилердин реестри түзүлүп, паспорттоштурулду.

Муниципалдык менчик департаменти, шаардык мэрия тарабынан түзүлгөн адистештирилген кызматы болуп эсептелет. Негизги функцияларына шаардык мэрия ага делегирленген Муниципалдык мүлктүн менчик ээсинин функциясын аткаруу кирет, анын ичине турак-жай коммуналдык тейлөөнүн комплекстик иштери жана шаарды көрктөндүрүү, жашылдандыруу, түнкү жарык менен камсыздоо, санитардык абалын жакшыртуу жана шаардагы канализациялык түтүктордү тазалап жөнгө салуу иштери кошулду.

Бүгүнкү күндө мекемеде иштеп жатышкан кызматкерлердин жана жумушчулардын саны 71 кишиге жетти. Бул көрсөткүч 2009-2013-жылдарга салыштырмалуу үч эсеге өскөнүн айгинелейт.

Шаардын тазалыгын сактоодо таштандыларды өз убагында тазалап алуу үчүн 2011-жылы июнь айында ММД ишканасына АРИС программасынын негизинде 3 даана атайын таштанды таштоочу автоунаа жана 1 даана эксковатор бөлүнүп берилген. 2012-жылы жергиликтүү бюджеттин акча каражатынан 1 даана фронтальный автопогрузчик сатылып алынды. Шаар ичине 16 даана таштанды таштоочу жай курулду.

Мындан сырткары 2013-жылы жергиликтүү бюджеттен шаар ичиндеги жолдордун чуңкурларын жамоо үчүн атайын минитехникалар, тратуарларга брусчатка басуу үчүн станоктхникалар сатылып алынды. Шаардын ичиндеги борбордук "Ирсалиев" атындагы эс алуу багынын ичиндеги белгисиз жоокердин эстелиги реконструцияланып, жаңыланды. Жолдордун жана аялдамалардын жанына таштанжды таштоочу 25 даана урналар орнотулду.

Шаарыбыздын муниципалдык менчигин башкарууда, колдонууда ошондой эле шаарыбызды көрктөндүрүүдө, жашылдандырууда, түнкү жарык менен камсыздоодо, санитардык абалын жакшыртууда жана канализациялык түтүктөрүн үзгүлтүсүз иштөөсүн жөнгө салууда алгылыктуу ийгиликтерди жаратып келүүдө.

## "Акбашат" суу ишканасы

1994-жылы суу жана жылуулук ишканасы болуп уюшулган, жетекчиси Абдыкадыров Эргешбай, 1997-жылы аталган ишкана "Суубулак" деп аталып, суу менен камсыздоочу ишкананын жетекчиси Калматов Т. К. Иштеп, кийин 2000-жылдан ЖКХ Департаменти аталып, шаардык ККП, "Суубулак" ишканалары бириктирилип, жетекчиси Кубатбеков Ж.М. 2002-жылы "Акбашат" ишканасы өзүнчө ишкана аталып, жетекчиси Чуванов В. А. Болгон, азыркы учурда бул ишкананы Бочкарев Владимир Михайлович жетектеп жатат. Шаарда 1998-жылы өзү агымы менен келүүчү 2000 метрге жакын суу түтүкчөсү жеткирилип, шаар калкын суу менен камсыз кылуу жакшыртылган.

Аталган мекеме жоюлуп, 2005-жылдан тарта "Суу чарба" мекемеси иштеп жатат.

## Суу чарба

2005-жылдын 6-апрелиндеги Таш-Көмүр шаардык мэриянын №64 буйругу менен Таш-Көмүр шаарынын жашоочуларын жана мекеме-ишканаларын ичүүчү таза суу жана сугат суу менен камсыз кылуу максатында чарбалык эсептеги "Суу чарба" мекемеси түзүлгөн. Мекеменин жетекчиси болуп Кулуев Эмильбек Молдобекович дайындалган. Ошол убактан азыркы күнгө чейин "Су чарба" мекемесинин жетекчиси болуп эмгектенип келүүдө.

Мекемеде 50 адам эмгектенет. Ишканага караштуу 1 башкы суу алуучу жай (ВОС) жана суу жээгинде 3 насостук станциялар бар. Ар кандай диаметрдеги 161 чакырым суу түтүктөрү бар. 14 миңден ашуун адамды таза суу менен камсыздайт

жана 35 гектар сугат жерге суу берет. Жылына шаар калкына жана ишкана-мекемелерге 650000-700000 метр куб өлчөмдө суу берилет.

2009-жылы 22-январда Таш-Көмүр шаардык мэриянын №3 буйругунун негизинде, 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча шаардын тургундарын тынымсыз таза суу менен камсыз кылуудагы жетишкен ийгиликтери, алдыңкы өндүрүштүк-экономикалык көрсөткүчтөргө ээ болгондугу жана шаардын мыкты коллективи катары таанылгандыгы үчүн шаардык мэриянын 2-даражадагы диплому менен сыйланган.

2010-жылды жыйынтыктоо менен, Таш-Көмүр шаардык мэриянын 2011-жылы 22-январдагы №11 буйругу менен "Жылдын мыкиы коллективи" наамына ээ болгон.

Таш-Көмүр шаардык мэриянын 2011-жылы 29-августундагы №222 буйругу менен "Шаардык айлана-чөйрөнү архитектуралык талаптарга ылайык көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана санитардык абалын жакшыртуу" конкурсунун жыйынтыгы боюнча "Үлгүлүү мекеме" наамын алган.

Ушундай ийгиликтерди жаратууда көп жылдан бери эмгектенген жарандардын салымы чоң. Алар: Ызакулов Калдар, Атакулова Анаркан, Крикунова Хайрахан, Кулукеева Мейликан, Анарбаева Канышай, Садыров Темиркул жана башка жумушчулар үзүрлүү эмгектенип жатышат.

## КУЛУЕВ ЭМИЛЬБЕК МОЛДОБЕКОВИЧ

1961-жылы 12-августта Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Ак-Суу айылында туулаган. Улуту: кыргыз, үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы. :"Замандаш-Современник"партиясынын мүчөсү. Жогорку билимдүү, Жалал-Абад мамлекеттик университетин бүтүргөн.

**Сыйлыктары:**

2001-жылы 16-мартта "Коммуналдык чарба кызматкерлеринин майрамына" карата Жалал-Абад облустук администрациясынын Ардак грамотасы менен,

2006-жылы Таш-Көмүр шаардык мэриясынын "Шаардын мыкты атуулу" наамынын ээси,

2007-жылы 16-мартта "Коммуналдык чарба кызматкерлеринин майрамына" карата Таш-Көмүр шаардык мэриясынын Ардак грамотасы менен,



2010-жылы 19-январда Таш-Көмүр шаардык мэриясынын "Жылдын мыкты жетекчиси" наамынын ээси,

2011-жылы 31-августта "Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына"карата Таш-Көмүр шаардык мэриясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Тил билүүсү: Кыргыз, орус тилдеринде эркин сүйлөйт.

Эмгек стажы: 1978-жылдан 2013-жылга чейин 35 жыл.

Коомдук иштери: 2008-жылы Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин XXV чакырылышынын депутаты.

2012-жылы Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин XXV чакырылышынын депутаты.

## "Соодагер" АК

1943-жылы шаардык соода уюму ачылып, шаар калкын керектүү товарлар, азык-түлүктөр менен камсыздоо, тейлөө иштери камсыз кылынган.

Ишкананын алгачкы жетекчилери:Новиков В.Т, Назаров А. Б., Грек М.П, Полякова Э., ИсраиловА., Сурбаев О., Кадыржанов Ш., Шалмурзаев С., Султанов Х., Ысманов Т., Осмонов Ж..

1993-жылы шаардык соода уюму "Соодагер" акционердик коомуна биригишкен, уставдык капиталы 137909 сом 70 тыйын. Төрагасы Эркин Тетишев болгон, 1994-жылы 14-сентябрдагы акционердик чогулушта төрага шайлоо маселеси көтөрүлүп, "Соодагер" АК торагалыгына Калмырзаев Каныбек шайланып, иштеп келген.

**Шаардык керек-жарак кооперативи**

XIX кылымдын биринчи жарымында Францияда кол өнөрчүлөр жана жер иштетүүчүлөр, соодагерлер биригип өздөрүнүн иштерин өркүндөтүү үчүн керек-жарак кооперативин уюштурушкан, андан кийин башка жактарга кеңири тараган.

1943-жылы шаардык керек-жарак кооперативин уюштурулуп, шаарда базасы болбогондуктан Ноокен районунун ККК филиалы болуп даярдап сатуу мекемеси ачылган. Анткени Таш-Көмүр шаарында темир жол болбогондуктан Кетмен-Төбө, Аксы, Чаткал аймактарынын дыйкандары өндүргөн айыл чарба азык-түлүктөрүн, пахта, картошка, пияз ж.б түшүмдөрүн жана малчарбасынын эт, жүн , тери, башка жайнап, керектүү жерлерге сатып өткөрүшкөн.

1956-жылы Ош областтык керек-жарак коомдор бирикмесинин чечими менен өз алдынча Даярдап сатуу мекемеси болуп түзүлгөн.

1963-жылы кеңейтилип, кайрадан Соода сатык бирикмеси түзүлгөн, 1976-жылы бул мекеме шаардык Соода өндүрүштүк бирикмеси болуп аталган.

1993-жылы Жалал-Абад облкерекжарак союзунун чечими менен шаардык керек-жарак коому болуп түзүлгөн.

2000-жылы шаардык керек-жарак кооперативи болуп кайрадан түзүлгөн.

Аталган мекеменин аракети менен шаардын борбордук базары, кичирайондогу "Нарын" соода комплексинин курулушу башталып, 1989-жылы ишке берилген.

Таш-Көмүр шаардык керек-жарак кооперативи биринчилерден болуп 1988-1989-жылдары дүйнөлүк рынокко өз алдынча чыгып. Кытай Эл Республикасы менен соода-сатык байланыштарын түзүп, союздук маанидеги сыйлыктарды алууга жетишкен. Ал кезде Центросоюздун уруксатысыз тышкы соодага мүмкүн эмес болгон.

1992-жылы Токтогулда, 1991-жылы Ноокенде болуп өткөн катуу жер титирөөлөрдө жапа чеккендерди курулуш материалдары, тамак азыктары, турмуш-тиричилик керектөөлөрү менен камсыз кылган.

Керек-жарак коомунун жетекчилери:

1943-1956-жылдары Жолдошалиев Темирбек;

1956-1964-жылдары Жээнбаев Карыпбай;

1964-1970-жылдары Тентимишов Эркинбай;

1970-1976-жылдары Сүйүнбаев Эркиналы;

1976-1982-жылдары Сыдыков Кутбидин;

1982-1986-жылдары Молдалиев Тажибай;

1986-1991-жылдары Тургунов Сулайман;

1991-1993-жылдары Абдыкадыров Марат;

1993-1995-жылдары Жолдошалиев Азиз;

1996-1997-жылдары Айтмырзаев Ибраим;

1997-2003-жылдары Берикбаев Жоомарт;

2003-жылдын апрель айынан августка чейин Исаков Каныбек иштеген;

2003-жылдын октябрь айынан бери Үметалиев Аваз иштеп келишти.

**Таш-Көмүр шаардык борбордук базары**

Шаар жетекчилиги тарабынан шаардын борборуна жаңы типтеги (ошол кездеги) стандарттуу базар куруу маселеси көтөрүлүп, 1989-жылы шаардык даярдап сатуу мекемесинин директору Тургунов Сулаймандын жетекчилиги астында курулган.

Базардын биринчи жетекчиси болуп Шадиев Маматкул иштеген. Кийин Мавлянов Кыргызалы, Якубакунов Кадыр, Мамасейитов Садырбек, Берикбаев Жоомарт (шаардык керек-жарак коомуна бириктирилген), азыркы учурда шаардык базарда 20-30 адам соода-сатык иштерин жүргүзүшкөн.

Базардын азыркы жетекчиси Султан Умарбеков.

Учурда базарда жүзгө жакын адам соода-сатык менен алектенет.

## Ветеринардык башкармалык

Шаар калкына ветеринардык кызмат көрсотүү үчүн 1943-жылы Таш-Көмүр шаардык ветеринардык санитарык станция уюшулуп, башкы ветеринардык врач болуп Чолпонбаев С. Дайындалган.

1958-1978-жылдары Халматов Хайдар жетектеген.

1978-1986-жылдары Максыталиев

1986-жылы Боталиев Ч.

1986-жылдан 2012-чейин мамлекеттик ветеринардык врач болуп С. М. Чойбеков иштеп ардактуу эс алууга чыкты.

Ветстанция 1986-жылы Малдардын оорусуна каршы күрөшүү станциясы, 1991-жылы Мамлекеттик ветеринардык башкармасы болуп түзүлгөн, үч ветеринардык пункт иштеген. Алар Шамалды-Сай, Кызыл-Жар айыл өкмөтторүндө жана Теңдик коомдук комитетинде жайгашып, мындан сырткары Шамалды-Сай, Таш-Көмүр базарларында ветеринардык санитардык экспертиза иштеп турган.

2012-жылдын 16-апрелинде Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик ветеринария Департаментинин №86 буйругунун негизинде шаардык ветеринардык башкарма жоюлуп, Аксы райондук ветеринардык башкармасынын Таш-Көмүр шаардык болүмү болуп кайра түзүлдү. Таш-Комүр шаардык ветеринардык болүмүнө Курманалиев Нурболот Ташболотович башкы ветеринардык адис болуп дайындалды.

# ТАШТЫ КАЙРА ИШТЕТҮҮЧҮ ИШКАНАЛАР ЖӨНҮНДӨ

## ЖАНДУУ ТАШ ЖАНА ИШКАНАНЫН АРКЕТТЕРИ



Кийинки кездери ташты кайра иштетүү күч алып, курулушка кеңири пайдаланыла баштады. Имараттарды көркүнө чыгаруучу касиеттин бири ушул травертин таштары экендиги мындан миңдеген жылдар мурун аныкталып, кооздук катары иштетилип келген.

Шаардагы **«Гранит- Юг» компаниясы** 2009-жылы негизделип, мрамор, травертин — жаратылыш таштарын казуу жана кайра иштетүүгө багытталган.

Ишкана алгач өтө оор кыйынчылыктарды баштан өткөргөн болсо, учурда Италиялык белгилүү **«PEDRINI»** компаниясы тарабынан ташты кайра ишетүүчү заманбап жабдуулар менен камсыз болгон. Келген заманбап техникаларды, жабдууларды монтаждоо жана адистерди окутуп- үйрөтүүнү «PEDRINI» компаниясы колго алып, учурда ишкана заман талабына төп келген техникаларды колдонуу менен ондүрүштү өркүндөтүүгө жетишкен.

Таш иштетүүгө комапиянын Ак-Таш, Сары-Таш, Бозбу- Ата, Шакафтар, Сары-Кыя, Чагырташ аймактарынан өздүк казуулар аркылуу таза травертин(жандуу таш) жана сарыташ кендери казылат.

Булардын ичинен эң баалуусу жана Кыргызстандагы эң белгилүүсү деңиз деңгээлинен 2000 метр бийиктикте жайгашкан Сары-Таш кени, мында 100 гектар аянтта 16 миллион куб метр кору бар.

Иштелип чыккан продукция жогорку декоративдик, архитектуралык- көркөм таш кара күрөң, агыш түстөгү жаңак уюлунун

кесиндисине окшогон майда оймо-чиймелери бар, уникалдуу техникалык жана технологиялык мүнөзгө ээ. Ал имараттардын, жайлардын ички жана тышкы жасалгаларына колдонулат. Айрыкча стандарттык дизайн жана кооздукту жаратат. Травертин «жандуу» таш.

Учурда архитектуралык курулуштарга кодонулуп жаткан жаратылыштык материал, травертин - «жандуу» таш мындан эки миң жыл илгери эле архитектуралык кооздук катары кандай пайдланылып келсе, ошол эле калыбында модадан чыккан жок, тескерисинче, улам барган сайын ага болгон талап, керектөө күчөп жатат.



Таш-Комүр шаарынын Шамалды-Сай шаарчасында жайгашкан «Гранит-Юг» жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору Турганбаев Абабакир Кыштакбаевич.

«Гранит-Юг» жоопкерчилиги чектеген коомунун директору, «Тех-Стоун групп ЛТД» ЖЧКнын башкы директору Турганбаев Эркинбек Кыштакович 1967- жылы 26-январда Ош областынын Кара-Кулжа районунун Лай-Талаа айылында туулган. Бишкектеги башкаруу жана ишкерлик инсититутун бүтүргөн, 2009-жылдан 2012-жылга чейин «Гранит- Юг» ЖЧКсында директор, ал эми 2012-жылдан бери «Тех-Стоун- групп ЛТД» жоопкерчилиги чектелген коомдо башкы директор болуп эмгектенип келе жатат. Аталган эки ишкана тең шаарчада жайгашкан. Биз жетекчи менен маектештик:

-Эркинбек Кыштакович, эки бакыйган ишкананын биринде директор, биринде башкы директор болуп иштөө Сиз үчүн оор эмеспи?

- Албетте оор, бирок экөөнүн чыгарган продукциясы, аткар-

ган кызматы бирдей , экинчиден экөөнүн тең түптөлүшүндө башында турганбыз, ошондуктан алардын андан ары өнүгүүсүнө да озүбүз көз салбасак болбойт.

- Ишти жаңыдан түптөодогү кыйынчылыктар, жетишпестиктер азыр эске түшобү?

- О-ой, аны кантип унута алабыз, эми мындай да, азыр машинада жүрсөк эле оңой турбайбы, тез эле оңолуп кетишти деп айтышып калат. Убагында аябай кыйынчылыктар болду. Заводду уюштуруу, техникалык жана сырьелук камсыздоо иштерин жонгө салуу, даярдалган материалдарды ашып жеткирүү жана башка иштерди кызматтарды аткарууда күн тыным, түн уйку көрбөдүк. Техникалык жактан абалыбыз начар болгондуктан ар кайсы ишканага жалдырап, техникалык көз карандылыктын сазына батып, кымбат баада ижарага алчубуз.

- Кыйынчылыктан кантип кутулдуңуздар?

- Биздин багыбызга италиялык «PEDRINI» компаниясы менен байланыш түзүлүп, ал жактан эң жаңы үлгүдөгү техникаларды, станокторду сатып алгандан баштап ишибиз жүрүштү десек болот. Продукциялар сапаттуу чыгып, кардарларды көбөйтө алдык, түшкон каражаттарга транспорттук техникаларды сатып алуу мүмкүнчүлүгүнө жетиштик. Анан акырындап кызматтык машинага да ээ болдук.

- Учурда өндүрүш кандай жүрүп жатат, мисалы көп жерлерге барсаң машиналар, башка техникалар токтоп турган болот. Ошондуктан, ишти алга жылдыруунун кандай ыкмаларын колдоно аласыздар?

- Өткөн жылы «Гранит-Юг» ишканасы 40 миң чарчы метр курулушка керектелүүчү таш плиталарын чыгарсак, быйыл айына 10 миң чарчы метрден, же башкача айтканда былтыркыга салыштырганде эмгек өндүрүмдүүлүгүн 2,5-3 эсеге ашык аткарылып жатат. Алыда дагы 3-4 ай бар, темпти күчөтөбүз деп турабыз. Мындай ийгиликтерге жетүү үчүн күйүүчү жана майлоочу майларды толук камдап алганбыз, суу да үзгүлтүксүз берилип турат. Негизи, бардык технологияларды так сактоого аракет жасайбыз. Айрыкча абаны экологиялык жактан таза кармоо максатында суу көп колдонулат. Суу жалаң эле ага

эмес өндүрүштө да керектелет. Анан, техникалык жактан өксүк болбошу шарт.

- Ар бир иштин аркасында мамлекетке салык төлөө жагы бар эмеспи, бул багытта кандай аткарылып жатат?

- Биз жрегиликтүү салык кызматында катталганбыз, шаарда. Ай сайын 200 миң сомго чейин салык төлөп келебиз. Учурда карыз жок.

- Эркинбек Кыштакович, эки ишкананын биринде директор, экинчисинде башкы директорсуз да…

- «Гранит- Юг» компаниясынын башкы директору Турганбаев Абабакир Кыштакбаевич, ал эми башкы директордун өндүрүш иштери боюнча орун басары болуп мен эмгектенем. Башкы инженер катары Турганбаев Азамат. Ал эми «Тех-стоун групп ЛТД» ЖЧКсында башкы директормун, себеби ушундай эле ондүрүштүк база, ушундай эле техникалык цикл иштейт. Ал жакта башкы директордун орун басары болуп Добулбеков Айбек Байгазиевич деген жигит иштеп, өндүрүштүк иштерди алып барат.

- Мунун өзү, туугандашууга жатпайбы?

- Биз, чынында ишти баштаганда жапа тырмак чуркап, ысык-суукка бирдей чыдап келдик, анан экинчи жагы өндүрүлгөн материалдар жана колдонулуп жаткан техникалык жабдуулар өтө кымбат баалуу болгондуктан, бири-бирибизге ишеним менен иштоо максатын көздөдүк. Үчөобүз бир туугандар болгон менен биз менен аралаша иштеген дагы он бештен адам бар. Айлык акылары жаман эмес, аткарган ишине жараша 20 миң сомго чейин акы алышат, иш албетте оор.

-Үй-бүлөңүз тууралуу да айта кетсеңиз?

- Үй-бүлөлүүмүн, келинчегим, бир балам бар.

- «Гранит- Юг» жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору Турганбаев Абабакир Кыштакбаевич жөнүндө?..

- Ал киши менин бир тууган агам, жогорку билимдүү, Фрунзе политехникалык инстутитутунун ПГС факультетин аяктаган. Бул ишканада 2009-жылдан баштап башкы директор, үй-бүлөлүү, беш баланын атасы. Көбүнчөсү Бишекете турат. Анткени азыркы учурда продукция чыгарардан мурда кардар

табыш керек эмеспи, мына ошондой кардарлар жана партнерлер менен иштешип, биздин абал менен дайыма, тез-тез кабар алып келип-кетип турат. Италиялык компанияны да ушул адамдын аракети менен иштешүүгө чакырып, иштин алга жылуусуна чоң салым кошту.

«Зылдын кара ташындай» деген таштар ушул болсо керек, оңой менен ордунан жылбачудай туюлган таштар автокрандын жардамы менен станокко коюлуп, кесилип, андан «PEDRINI» компаниясынын таш иштетүү боюнча бүтүндөй конвейерине түшүп формалоочу жана жылмалоочу ири станоктордон өткөн соң көздү уялткан сонун мрамор тактайчасына айланып, сыйдамдалып чыга келет.

Ооба, адам колунан келбес нерсе барбы, баарын алтын колдуу, колу сындуу инсандар жасап жатышпайбы. Анан кантип суктанбайсың!

Ошондуктан, суктандырган ушул заводдун курулуш материалдары заңгыраган имараттарды кооздоп жатканына терең ыраазы болосуң!



## «БАЛАЛЫГЫНАН МАЙЫП БАЛДАРДЫ КОЛДОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮ БОРБОРУ» КООМДУК ФОНДУ

Аталган фонд 2001-жылдан бери иштеп келе жатат. Борбор майып жана коомчулук менен социалдык жактан көнүкпөгөн балдар үчүн. Мында ар түрдүү себептерден улам мектепке окууга барбаган, үй-бүлөлүк шарты оор жана балалыгынан майып балдар окушат жана тарбияланышат.

Аларды окууга, жазууга, эсепке үйрөтүү менен бирге сөзсүз түрдө дене тарбияны чыңдоого үйрөтүлөт. Себеби, дене тарбия — бул, ден соолуктун булагы.

2010-жылдан тарта Борбор жаңы кызмат көрсөтүүгө багыт алып, майып балдарды үйүндө окутуу колго алына баштады. Шаардагы, Шамалды-Сай, Кызыл-Жар, Базыл-Ата айылдарындагы майып балдардын ар бири үйүндө окууга мүмкүнчүлүк алышты.

Шериктеш уюмдар катары шаардык билим берүү бөлүмү, шаардык социалдык өнүгүү мекемеси. Ал эми борбор уюшулгандан бери 15тен ашуун долбоор жазылып, турмушка ашырылды. Алар:

МерсиКо: Окуу классы үчүн эмеректер, ашкана эмеректери,

«Кыргызстан- Сорос» фонду: Майып балдарды колдоо Борборун уюштуруу,

«Кыргызстан- Сорос» фонду: Социалдык шартка көнүкпөгөн жана ата-энесинин кароосунан сырта калган балдарды кайра тарбиялоо Борборун колдоо,

Социалдык өнүгүү жана эмгек министрлиги «Социалдык жетимдик жана балдар эмгегин пайдаланууга каршы» профилактика.

«Тынчтык» корпусу: Майып балдарды колдоо Борборуна колдоо көрсөтүү,

Социалдык өнүгүү жана эмгек министрлиги мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды социалдык көнүктүрүү - «Өз алдынча мектеп»,

Социалдык өнүгүү жана эмгек министрлиги: Социалдык жетимдик жана балдардын эмгегин пайдаланууга каршы «Сообща» профилактикасы,

Социалдык онүгүү жана эмгек министрлиги: «Биз ар түркүн — биз бирдейбиз» мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды реабилитациялоо,

КР Социалдык өнүктүрүү министрлиги: «Күн баарына жарык чачат» Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга реабилитациялык кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү жана башка долбоордук колдоолорду Борбор толук пайдаланып келди.

Он эки жалдык тажрыйбасы бар Борбордун эң сонун натыйжаларга жетишкендигин белгилөөгө болот. Бул борбордон тарбиялануучуларынын айрымдары кечиптик лицейлерде окушса, айрымдары окууларын аякташып, тигүүчү, ширетүүчү болуп иштеп жаткандары да жок эмес.

«Балалыгынан майыптарды колдоо жана өнүктүрүү Борборунун директору К.Валиева коп жылдардан бери коомдук фонду жетектеп, ар түрдүү долбоорлорду жүзөгө ашырып келе жатат.

## «КЫРГЫЗГИДРОСТАЛЬКОНСТРУКЦИЯ» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ

«Кыргызгидростальконструкция» ишканасы Төмөнкү Нарын каскадынын суутүйүндөрү курулушунун базасында «Гидромонтаж» трестинин Токтогул монтаждоо участкасы тарабынан 1972-жылы курулуп пайдаланууга берилген.





«Гидромонтаж» трестининин Токтогул монтаждоо участкасынын 1977-жылдын 4-апрелиндеги № 36 буйругунун негизинде Шамалды-Сай шаарчасындагыТоктогул монтаждоо участогу Таш-Көмүр «Гидростальконструкция» заводу болуп кайра түзүлгөн.

Жалал-Абад областтык мүлк фондусунун 1995-жылдын 28-августундагы токтому менен Таш-Көмүр «Гидросталь-конструкция» заводу «Кыргызгидростальконструкция» мамлекеттик акционердик кому болуп түзүлгөн («КГСК МАКтын 1995-жылдын 16-октябрындагы буйругу).

Ал эми, 1997-жылы мамлекеттик акционердик коомдон «Кыргызгидростальконструкция» акционердик коому болуп Жалал-Абад областтык Юстиция башкармалыгынан 1997-жылдын 13-октябрында №368-3303-АО катар саны менен каттоодон өткөн. 2006-жылдын 16-июлунда «Кыргызгидростальконструкция» ачык акционердик коому болуп түзүлгөн.

2008-2011-жылдары «Кыргызгидростальконструкция» ААКы Камбар-Ата ГЭС — 2 курулушуна активдүү катышкан.

2010-2011-жылдары «Кыргызпетролеум» компаниясынын 2000 метр кубдук көлөмдөгү эки резервуарын жасоого буйрутма алышып, бөткөрүп тапшырышкан.

Азыркы учурда «КГСК» ААКы «Электростанциялар» ААКынын курулуш жана оңдоо иштеринин буйрутмаларын аткарууда.

«Кыргызгидростальконструкция» ачык акционердик коомунун башкы директору болуп Т.Курбанкулов иштеп жатат. Азыркы мезгилде башкы директордун милдетин М.Суранбаев аткарып жатат.

## ТАЗА АДАМ КООМДУ ДА ТАЗАРТАТ

Адамзат тарыхында чыныгы дили, ниети эл үчүн күйгөн инсандар качан да болсо күзгүдөй жанып чыга келет. Андай адамдар эч качан унутулбайт, дайыма элдин эскерүүсүндө кала берет.

Кыргызга өзүнүн тазалыгы, адамдык асыл сапаты менен белгилүү инсан Абсамат Масалиев 1933-жылы 10-апрелде Ош областынын Кадамжай районуна караштуу Алыш айылында туулган. Ал Үч-Коргон кыштагындагы сегиз жылдык мектепти аяктап, Кызыл-Кыядагы тоо-кен техникумун артыкчылык диплому менен аяктаган. Кийин Москвадагы тоо-кен институтунун атайын орто биимдүү адистерди тездетилген программа менен инженердик кесипке даярдоочу курсунда окуп, «Кызыл-Кыя көмүр» бакармалыгынын «Комсомольская» көмүр өндүрүү участкасынын жетекчисинин жардамчысы, тоо-кен мастери, участканын жетекчиси, «Комсомольская» кенинин башкы инденери, «Кыргыз көмүр» трестинин башкы инженеринин жардамчысы болуп эмгектенген.

Эмгектеги мыкты сапаттары, ишке болгон такшалуусу, партиялык ишмердиги анын ордун катардагы кенчиден млекеттик деңгээлдеги адиске чейин тез эле котөрдү.

1961-жылы Кыргызстан компартиясынын Ош областтык комитетинин өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн инспекору, Кыргызстан КП БК менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин партиялык мамлекеттик контролдоо комитетинин өнөр жай, транспорт жана байланыш болүмүнүн инспектору, Ош облаттык элдик көзөмөлдөө комитетинин төрагасынын орун басары кызматтарын аркалады.

1966-жылы партиянын Ош областтык комитетинин өнөржай жана транспорт бөлүмүнүн башчысы;

1969-1971-жылдары партиянын Таш-Көмүр шааркомунун биринчи катчысы болуп иштеп, иштеги өзгөчөлүгү, тазалыгы менен такшалган кадрдык аярдыгы анын Кыргызстан КП БКнын өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштөөсүн шарттады.

1972- 1974- жылдары Фрунзе шаардык аткаруу комитетинин төрагасы;

1974- 1979- жылдары Кыргызстан КП БКнын катчысы, кийин 1975-жылдын январ айынан 1985-жылдын июн айларына чейин партиянын Ысык-Көл областтык комитетинин биринчи катчысы болуп иштеген.

1985-жылы КПСС БКнын инспектору, 1985-жылдын ноябрынан 1991-жылдын апрелине чейин Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы жана 1990-жылдын апрель- декабрь айларында Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин төрагасы;

1991-жылдын апрел-август айлары КПСС БКнын идеология бөлүмүнүн кеңешчиси;

1995-жылкы Кыргыз Республикасынын Президенттигине шайлоодо Аскар Акаев менен атаандаш ат салышкан.

СССР Жогорку Советинин 10-11-чакырылышынын депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин беш жолку чакырылышынын депутаты жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин биринчи чакырылышынын депутаты, кыргыз Республикасынын Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты болуп шайланган.

## Турак-жай пайдалануу ишканасы

1989-жылдын 12-мартында түзүлгөн. Алгачкы жетекчиси болуп Сыргабаев дайындалган. Андан кийин Кудайбердиев Райкан Рахманалиевич, Гавхаров Курманалы 1997-жылы Турак жай коммуналдык чарба департаментине биригип жетекчиси Кубатбеков Жалгашбай Момуналиевич болгон.

2000-жылдан кайрадан ЖЭП түзүлүп, жетекчилигине Жакыпбеков Нишарат дайындалган.

2001-жылы Кошалиев Разылбек

2002-жылы августта Кулманбетов Абдилазим

2003-жылдын августунан ишкана ММД ишканасына өткөрүлгөнгө чейин Кудайбердиев Райхан жетекчи болуп иштеген.

Учурда бул ишкана жоюлуп анын аткаруу функциялары шаардык ММД ишканасына берилген.

### “Мээнет” акционердик коому

Шаардык коммуналдык чарба ишканасынын жетекчилери: Томецкий, М. Коңурбаев, М. Ирсалиев, М. Агачев, Ж. Асанбае, В. Поддунный, Т. Акатаев, Р. Кошалиев, Ж. Кубатбеков, Б. Момукулов, Т. Көлчүкбаев.

“Мээнет” АК азыркы жетекчиси Кулманбетов Абдилазим.

ККПнын айдоочулары Ботобаев А., Сартбаев А. шаардык Кеңешке депутат болушкан.

Бул ишкана менчиктештирилген. Анын аткаруу функциялары шаардык ММД ишканасына өткөрүлүп берилген.

### “Дүйшөн” мэнчик базары

Шаарда ачылган “Космос” фирмасы 1990-жылы Чикиева Уулкан тарабынан ачылып, 1996-жылы фирманын “Дүйшөн” базары курулушун баштаган, 1998-жылы пайдаланууга берилген.

“Космос” фирмасынын аткаруучу директору Чикиев Дүйшөн Чикиевич, “Дүйшөн” базарынын жетекчиси Кошалиев Разилбек.

Учурда менчик базарда 500гө жакын жеке ишкерлер, базарчылар соода-сатык кылышат.

## ШААРДЫН КӨРҮНҮКТҮҮ АДАМДАРЫ

**Чыныбаев Кудайберген** — (1930-1997) Токтогул районунун Белалды айылында төрөлгөн, шахтачы, Социалисттик Эмгектин Баатыры, 1955-жылдан КПССтин мүчөсү, эмгек жолун 1950-жылы “Капитальный” шахтасында өткөөлчүлөр бригадасында бригадир болуп иштеген. Ленин, “Эмгек Кызыл Туу”, “Ардак белгиси” ордендери жана медалдар менен сыйланган. Экинчи даражадагы Манас орденинин ээси. Ардактуу шахтачы, шаардын ардактуу атуулу болгон.

**Кабаев Акбаралы Саринжиевич** - 1951-жылы Аксы (мурдакы Жаңы-Жол) районунун Жолборсту айылында туулган. 1973-жылдан бери “Нарынгидроэнергострой” ишканасында бир кесипте үзүрлүү эмгектенип, учурда ардактуу эс алууда. 1975-жылы М. Сабиров жетектеген аскага чыгуучулар бригадасында иштеген, 1983-жылдан баштап ошол эле кесипти

аркалап, монтаждоочу аталып, бригаданы жетектеп келген. Ал 1985-жылы "Эмгек даңкы" ордени, 1986-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 2000-жылы "Кыргыз ССРине эмгек сиңирген куруучу" наамы, 2000-жылы "Ак Шумкар" тагынып, "Кыргыз Эл Баатыры" наамы ыйгарылган.

Анын бул бийик даражага жетүүсүнө 20-30 жылдап чогуу иштешкен А. Шабралиев, С. Ибрагимов, С. Сансызбаев жана башкалардын кошкон салымы бар.

"Кыргыз Эл Баатыры" А. Кабаев Таш-Комүр шаарында жашайт, 4 уулу, 2 кызы, 6 небереси жана эли-журту менен сыймыктанат.

**Шарипов Жусупбек Шарипович** — 1955-жылы туулган. Кесиби инженер-куруучу. Саясий ишмердигин Таш-Көмүр шаардык Аткаруу комитетинин төрагасынын орун басарлыгынан баштап (1986-1989-жыл), Саратов шаарындагы Жогорку партиялык мектептен такшалуудан өткөн, кийин Ош шаарында (1990-1997-ж.) акимдин орун басары жана 1999-2000-жылдары Бишкек шаарынын Октябрь районунда, Ош шаарында аким, болуп иштеген.

Кыргыз Республикасынын Президенттик Администрациясынын инпектору, бөлүм башчысы, орун басары (1997-1999-ж.), 2000-2002-жылдары Ысык-Көл облосттык администрациясынын башчысы — губернатору.

Ал эми 2002-2005-жылдары Жалал-Абад областынын губернатору болуп иштегн. Көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси.

**Атабекова Гульбара Аруновна** — 1936-жылы Кемин районунун Жаңы-Алыш айылында туулган. 1954-жылы Фрунзедеги (Бишкек) А. С. Пушкин атындагы №5-мектепти бүтүргөн.1960-жылы КММИнин дарылоо бөлүмүн аяктагандан баштап Таш-Көмүр шаардык ооруканада участкалык терапевт, бөлүм башчы, башкы врачтын дарылоо иштери боюнча орун басары болгон. 1979-жылдан 1991-жылга чейин шаардык оорукананын башкы врачы болуп иштеген. "Ардак белгиси" ордени, СССР саламаттык сактоонун отличниги төш белгиси, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы.

**Боobеков Абдыкадыр** — 1931-жылы Токтогул районунда туулган. 1952-1955-жылдары Советтик Армияда кызмат өтөгөн. 1955-жылы шахта башкармалыгына ишке кирген. 1957-жылы март айынан баштап Кара-Суу разрезинде бургулоо участогунун машинисти болуп өмүрүнүн акырына чейин иштеген. 1981-жылы “Ардак Белгиси” ордени, 1971-жылы Ленин ордени, 1984-жылы “Эмгек Кызыл Туу” ордени менен сыйланган. Шаардын ардактуу атуулу, шаардык Кеңештин бир нече жолку депутаты.

**Мырзакеев Маша** — 1926-жылы Аксы районунун Ак-Суу айылында туулган. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу.

1950-жылы Таш-Көмүр кен башкармалыгынан эмгек жолун баштаган.

1960-жылдан пенсияга чейин шаардык автобазада шофер болуп 40 жылдан ашуун иштеген.

**Сыйлыктары:**

1971-жылы Ленин ордени менен сыйланган.

1970-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин Ардак грамотасы менен, ушул эле жылы Кыргызстан КП БКнын Ардак грамотасы менен,

1974-жылы жана 1985-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен эки жолу, автотранспортунун министрлиги Ардак грамотасы менен,

1993-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Мындан башка областтык, шаардык көптогөн сыйлыктардын ээси, бир нече жолу шаардык Кеңешке депутат болгон. “Таш-Көмүр шаарынын Ардактуу атуулу”, персоналдык пенсионер болгон.

**Меңдигулов Жолдошбек** — 1936-жылы 15-майда Токтогул районунун Куйбышев колхозунда туулган.

1957-жылы Таш-Көмүр кен башкармалыгына жумушчу болуп ишке кирген, 1958-жылы кол менен көмүр казуу боюнча звено башчы болуп иштеп, 1969-жылы “Донбас” көмүр бассейнинен комплекстүү механизацияны үйрөнүп, шахтадагы биринчи механизациялык комплекске звено башчысы болуп пенсияга чейин иштеген.

Ал "Ардактуу шахтер", "Ардактуу механизатор", "Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген шахтеру" наамдарынын, "Ардак белгиси орденинин", "Шахтердук Даңк" белгисинин үч баскычынын ээси, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган, Кыргыз ССРинин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. Эл депутаттарынын областык Кеңешинин депутаты болгон.

**Кадырова Батма** — 1922-жылы туулган. 1937-жылдан 1988-жылга чейин №4-орто мектепте 40 жылдан ашуун баштапгыч класстардын мугалими болгон.

1964-жылы "Элге билим берүүнүн отличниги"

1968-жылы "Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими" деген наамга татыктуу болгон.

**Кулдышев Мамидалы Сагинбекович** — 1958-жылы Таш-Көмүр шаарында туулган. №7 ПТУ да окуп, электрослесарь адистигине ээ болгон. 1995-жылы ЖАМУнун Кара-Көл шаарындагы технологиялык факультетин аяктап, инженер-куруучу адистигин алган.

Эмгек жолун 1979-жылы Таш-Көмүр шахта башкармалыгында электрослесарь, андан кийин Токтогул ГЭС каскадында, №370-ПМКда электрослесарь, звено башчысы, жаштар бригадасынын бригадири болуп иштөө менен баштаган. 1989-жылы СССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. 1992-жылдан "Таш-Көмүр курулуш" трестинде торагасынын орун басары, кийин аталган мекеме "Курулуш" холдинг компаниясы болуп түзүлгөндө вице-президент. 1996-жылдан бери "Күч" акционердик коомунун төрагасы. Эл депутаттарынын Жалал-Абад областтык Кеңешинин депутаты. 2003-жылдан шаардын Ардактуу атуулу.

Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин төрагасы.

**Темирбаев Мойдун** 1934-жылы Таш-Көмүр шаарындагы Паиз-Булак айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Эмгек жолун 1950-жылы жогорку чыңалуу линияны оңдоо боюнча баштаган.

1953-жылы май айында «Капитальная» шахтасына которулган. Ушул эле жылдын сентябрь айынан 1956-жылдын де-

кабрына чейин Советтик Армияда кызмат өтөгөн. Аскердик кызматын өтөп келгенден кийин өз коллективине кайтып келген. 1958-жылы «Северная» шахтасында бригадир болуп эмгектенген.

1963-жылы Советтер Союзунун Коммунистик Партиясынын мүчөсүнө кирген.

Советтер Союзунун жана Кыргыз Республикасынын очакырымөтүнүн бир нече сыйлыктарынын ээси болгон. «Ленин», «Октябрь Революциясынын», «Эмгек Кызыл Туу» жана I, II, III даражадагы «Шахтер даңкы» ордендердин ээси. В.И.Лениндин 100 жылдыгына арналган майрамда эмгектин мыктысы медалы менен сыйланган. «Эмгектин ардагери», 1976-1979-жылдардагы «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» белгиси менен сыйланган, IX-X-XI беш жылдыктын Коммунисттик Эмгектин отличниги жана ударниги, « СССРдин ардактуу шахтеру» жана «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген шахтеру» ошондой эле Союздук деңгээлдеги эмгеги сиңген персоналдык пенсионер. СССРдин Жогорку Советинин VII-VIII-IX чакырылыштарынын депутаты, областтык жана шаардык Кеңештин бир нече жолку жепутаты, Кыргызстан борбордук Комитетинин,областтык, шаардык коммунисттик партиясынын бюросунун мүчөсү, Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясынын XXIV сьездинин, Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын XV-XVI сьездинин делегаты жана СССРдин Космонавттар кеңешинин мүчөсү.

Жети баланын атасы.

1994-жылы 2-августта дүйнөдөн кайткан.

**Токтомамбетова Сайнаке** — 1934-жылы Чүй облусунда төрөлгөн. 1957-жылы КМУнун география факультетин бүтүргөн. 1957-жылы Аксы районунун Ак-Суу орто мектебинде иштеп, ошол эле жылы Таш-Көмүр шаарындагы №4 — орто мектепте иштейт. 1961-1963-окуу жылдары мектептин окуу бөлүмүн жетектеп, 1963-жылдан 1991-жылга чейин, 28 жыл бир мектептин директору болуп иштеди. 1964-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, 1970-жылы "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы, 1996-жылы "Эмгек Кызыл Туу" ордени ме-

нен сыйланган. 1995-жыылы "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими" наамына ээ болгон. 1997-жылдан персионалдык пенсионер. Шаардын Ардактуу атуулу.

2003-жылы "Мээрим" эл аралык кайрымдуулук фондусу тарабынан "Кутман эне" эл аралык сыйлыгына татыган.

**Арыков Курманбек Жороевич** — 1949-жылы Аксы районунун Кызыл-Туу айылында туулган.

1977-жылдардан кийин Таш-Көмүр, Шамалды-Сай ГЭСтеринде бетон куюучу болуп иштеген.

КР ЖС Президиумунун эки Ардак Грамотасына татыктуу болгон.

1991-жылы "СССР энергетикасынын жана электрофикациясынын отличниги" наамын алган. 1995-жылы "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу" наамы берилген.

2003-жылы "Кыргыз Эл Баатыры" наамы ыйгарылган.

**Рыскулбеков Сонунбек** — 1947-жылы туулган. Кесиби боюнча иштегенден кийин, партиялык, Советтик кызматтарда эмгек өтөгөн.

1991-1992-жылдары шаардык Аткаруу комитетинин төрагасы.

1992-1994-жылдары шаардык мамлекеттик администрация башчысы болгон.

Азыркы убакта "Таш-Көмүр" АК директорлор Кеңешинин төрагасы.

**Ахмеджанов Якубжан -** өзбек, 1926-жылы Жалал-Абад шаарында туулган.

Таш-Көмүр шаарында эт комбинатынын директору болуп иштеген.

"Ардак Белгиси" орденинин ээси.

**Казакбаев Калдар** — кыргыз 1947-жылы Сузак районунун Жергетал айылында туулган.

Эл депутаттарынын Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин төрагасынын орун басары болуп иштеген. Шаардык автобазада директор болгон.

**Молдобаев Дайырбек** — 1936-жылы туулган. 1961-жылы ФПИни окуп бүтүргөн.

1962-1967-жылдары Таш-Көмүр кен башкармалыгында, кийин автобазада иштеген.

1968-1977-жылдары Таш-Көмүр автобазасында жетекчи,

1977-1984-жылдары Кызыл-Кыя жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазада жетекчи,

1984-1992-жылдары Жалал-Абад жүргүнчү ташуу автобазасында жетекчи болуп иштеген.

1992-1996-жылдары Таш-Көмүр автобазасында иштеп, пенсияга чыккан. "Даңк" медалынын жана Лениндин 70 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган.

**Мырзакматов Абдыманап** — 1949-жылы Ленин (Ноокен) районунун Кыла айылында туулган.

1976-жылы шаардык поликлиниканын башкы дарыгери болуп, 1980-1984-жылдары шаардык борборлоштурулган оорукананын башкы дарыгеринин дарылоо боюнча орун басары, кийин Шамалды-Сай участкалык ооруканасынын башкы дарыгери болуп иштеген.

Учурда "Жалал-Абад" курортунун башкы дарыгери.

"Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тармагынын отличниги", "КР эмгек сиңирген врачы".

**Жаналы уулу Назар** — 1915-жылы Аксы районунун Пачата айыл өкмөтүндө туулган.

1953-1954-жылдары партиянын Таш-Көмүр шааркомунун 2-катчысы болуп иштеген.

"Ардак белгиси", Улуу Ата Мекендик согуштун 1 даражадагы, "Кызыл Жылдыз" ордендери жана каармандыгы үчүн медалдары менен сыйланган.

**Сыдыков Шералы** — (1950-1999). Аксы районунун Жаңы-Жол кыштагында туулган.

1996-жылдары Таш-Көмүр шаардык мамлекеттик администрация башчысы.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болгон.

**Исмаилов Бекмырза** — 1937-жылы Базаркоргон районунун Акман айылында туулган.

Ал биринчи эмгек жолун 1962-жылы Майлы-Сай шаарчасындагы ооруканада башкы врачтын орун басары жана баш-

кы врачы болуп 1977-жылга чейин эмгектенген. 1977-жылдан 1982-жылга чейин Республикалык пихоневрологиялык диспансердин башкы врачы болгон.

1983-1987-жылдары Саламаттык сактоо министринин орун басары, министри болуп иштеген.

Учурда ардактуу эс алууда.

"Эмгек Кызыл Туу" ордени жана медалдар менен сыйланган. "Саламаттык сактоонун отличниги".

1980-жылы "Медицина илиминин кандидаты" деген илимий даражага ээ болгон.

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы.

**Осмонов Шермамат** — 1944-жылы Базар-Коргон районунун Базар-Коргон кыштагында туулган.

Таш-Көмүр шаарында 1993-жылы мамлекеттик администрация башчысынын орун басары болуп иштеген.

**Анаркулов Тургунбай** — 1948-жылы Ноокен районунун Үчкоргон айылында туулган.

Эмгек жолун "Таш-Көмүр" совхозунда жумушчу болуп иштеп баштаган. 1971-1978-жылдары шаарда кооперативдик союда мекемесинде сатуучу, ага товар жүргүзүүчү, директордун орун басары болуп иштеген.

Учурда Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы.

КР ЖК эки жолку жепутаты.

**Бөкөшов Жамгырбек** — 1954-жылы Токтогул районунун Үчтерек айылында туулган. Философия илиминин доктору. Учурда ЖАМУнун ректору.

1996-жылы шаардык шайлоочулар тарабынан КР ЖК депутат болуп шайланган.

**Токтосунов Турусбек** — 1948-жылы Аксы районунун Аксуу айылында туулган.

1991-жылдан 1997-жылга чейин Эл депутаттарынын шаардык Кеңешинин төрагасы болуп иштеген. Учурда областтык темир жол башкармасына жетекчи.

**Юлдашев Газыбек** — 1921-жылы Ноокат районунун Караван кыштагында туулган.

1953-1955-жылдары партиянын шааркомунун экинчи катчысы болуп иштеген.

Кыргыз ССРинин ЖС депутаты.

Учурда Майлуу-Суу шаарында жашайт.

**Соурбаев Оңолбек** — 1933-жылы Аксы районунда туулган. Жаш кезинен уран шахтасында иштеп, кийинчерек соода тармагында жетекчилик кызматтарда иштеген. Уюштуруучу катары шаардын аймагында коп курулуштарды бүткөрүп, эмгеги сиңген.

Кыргызстан Жазуучулар Кошунунун мүчөсү, 5 китептин автору. Ардактуу эс алууга чыкканына карабастан Шамалды-Сай асфальт-бетон заводунун директору болуп иштеген.

**Маматов Абдымуктар** — 1950-жылы Өзгөн районунун Жалпак-Таш айылында туулган.



1991-жылы Таш-Көмүр нетебазасында директор болуп иштеген. “Кыргыз Петрелиум Компани” биргелешкен ишканасында директор.

**Жоро Саскеев — Ардактуу шахтер.** Ал учурда өтө катал кырдаалдар баштан өтүп «Капитальный» шахтасы жумушчуларга өтө таңсык болуп, шахтагша өз ыктыяры менен ккиргендерди Стохановчулар деп коюшчу. Дал ошондой кыйын кезде шахтага биринчилерден болуп жумушка киргендердин катарында Жоро Саскеев да бар эле. Ал иштеген жылдардын эң оор учуру. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарына туура келген. Аскерге чакырылбаган менен тылда иштеп казанын кайнатып күнүнө 12-14 сааттан иштешкен.

Анын эл үчүн, мекен үчүн кылган эмгеги жогору бааланды. Жоро Саскеев 1946-жылдын мартында «Эмгек Кызыл Туу» ордени, 1947-жылы 22-февралда «Эмгектеги күжүрмөндүгү үчүн», 1948-жылы 4-сентябрда «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», 1951-жылы 12 январда «Эмгектеги каармандыгы үчүн»

медалдар менен жана бир катар грамоталар менен сыйланган.

1950-жылы 7-августта Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаардык эл депутаттыгына №3 Таш-Көмүр шайлоо округунан депутат болуп шайланган. Депутаттык билет №13.

Жоро Саскеевдин элге кылган ак кызматы акыйкат бааланып шаардагы көчөлөрдүн бирине анын ысымы ыйгарылган. Жоро Саскеев 1907-жылы туулган, 1992-жылы көзү өткөн.



*С.Токтогулов биринчи катар оң жакта*

**Токтогулов Самарбек**-1969-жылдан баштап «Таш-Көмүр» шахта башкармалыгында жер астында иштөөчү шахтер болуп эмгек жолун баштаган.

1986-жылдан жер казуу иштери боюнча мастер болуп иштеген Ошол эле жылдан тарта 1992-жылга чейин кесиптик кошундар комитетинин төрагасы болуп иштеген.

1992-жылдан Таш-Көмүр шаарынын көмүр-отун сатуу базасынын башчысы болгон.

С.Токтогулов «Кесиптик топто активдүү иш үчүн» төш белгиси, Ош областтык Кесиптик кошундарынын Ардак грамотасы жана Ош областтык Аткаруу комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланган. КП БКнын Кыргыз ССР Министрлер советинин, Кыргыз совпрофтун жана Кыргызстан ЛКЖС БКнын Ардак грамотасынын ээси.

Көмүр өнөр жайчыларынын кесиптик кошундарынын 1990-жылы Москвада өткөн 15- курултайынын делегаты болгон.

### "Таш-Көмүр шаарынын Ардактуу атуулу" наамына ээ болгондор

Таш-Көмүр шаардык мамлекеттик администрациясы менен Эл депутаттарынын шаардык Кеңешинин биргелешкен токтомунун негизинде шаардын өсүп-онүгүшүнө кошкон салымы үчүн төмөнкү атуулдарга "Таш-Көмүр шаарынын Ардактуу атуулу" наамы 1993-жылы ыйгарылган:

1. Чыныбаев Кудайберген;
2. Плотников Борис Иванович;
3. Баймурзаев Жаныбек;
4. Темирбаев Мойдун;
5. Трупчанинова Соломея Яковлевна;
6. Бообеков Абдыкадыр;
7. Кадырова Батма;
8. Эргешбаев Жайлообай;
9. Мырзакеев Маша;
10. Ирсалиев Мейман;
11. Рудченко Василий Хрисанович.

Ал эми 2003-жылы:

1. Кошалиев Анаш;
2. Кулдышев Мамидалы Сагимбекович;
3. Терегулова Алла Ахмедовна;
4. Тюпко Николай Афанасьевич;
5. Яковенко Евгения Егоровна.

### 2003-2011-ж.ж. Таш-Көмүр шаарынын «Ардактуу Атуул» наамы ыйгарылган жарандардын тизмеси:

**1. Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин 23-чакырылышынын кезектеги 25-сессиясынын 2003-жылдын 25-мартындагы №4/2 токтомунун негизинде:**

- Кошалиев Анаш — «Аргымак» АКунун айдоочусу

- Кулдышев Мамидалы Сагимбекович — «Күч» АКунун төрагасы

- Тюлко Николай Афанасьевич — Таш-Көмүр шахта башкармалыгынын участка башчысы.

- Терегулова Алла Ахмедовна — шаардагы балдарга билим берүү боборунда методист.

-Яковенко Евгения Егоровна- шаардык борбордук ооруканада врач.

**2. Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин 13-июнь 2008-жылдагы 24-чакырылышынын кезектеги 25-сессиясынын №9 токтомунун негизинде:**

- Токтосунов Максим Токтосунович — шаардык депутаттар Кеңешинин төрагасы

-Ыбраимов Надырбай — шаардагы «Жылуулук» ишканасынын директору.

**3. Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин 18-декабры 2009-жылдагы 25-чакырылышынын кезектеги 9-сессиясынын №8 токтомунун негизинде:**

-Кошалиев Разылбек Атамурзаевич — шаардык маданият департаментинин директору

-Мамасалиев Дүйшөналы Мамасалиевич — шаардын мэри

-Сооронбаев Манасбек Раишбекович — Таш-көмүр инженердик — педогогикалык институтунун диретору.

-Жусубалиев Ильяс — Ош шаардык Ардагерлер Кеңешинин төрагасы

**4. Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин 5- июль 2010-жылдагы 25-чакырылышынын кезектеги 8-сессиясынын №10 токтомунун негизинде**:

- Медерканов Манасбек Медерканович — Шамалды-Сай шаарчалык жалпы дарыгелер боборунун директору

**5. Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин XXV чакырылышынын кезектеги 8-сессиясынын 2010-жылдын 3-сентябрындагы №13 токтомунун негизинде:**

- Суранбаев Токтоналы Жусупбекович-мамлекеттик салык кызматынын Таш-көмүр шаары боюнча башкармалыгынын башчысы.

-Рыскулбеков Сонунбек Рыскулбекович — «Таш-Көмүр» МАКунун директорлор Кеңешинин торагасы

-Ибраев Маркил Ибраевич — Ардактуу пенсионер

**6. Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин XXV чакырылышынын кезектеги 22-сессиясынын 2011-жылдын 30-сентябрындагы №9 токтомунун негизинде:**

- Чойбеков Сабыркул — шаардык мамлекеттик ветеринардык башкармасынын башкы врачы

-Бабатаев Өмүржан Самарбекович — шаардык мэриянын алдындагы Муниципалдык менчик департаментинин директору.

-Конкобаев Таалайбек Тажиматович — шаардык Кеңештин депутаты.

## Шаарыбыздын негизги окуялары

1. 1992-жылы 4-сентябрда Шамалды-Сай ГЭСнин биринчи агрегаты ишке берилген.
2. 1993-жылы 31-август — Шаардын 50 жылдык маарекеси белгиленген.
3. 1994-жылы 26-январь — Шамалды-Сай ГЭСнин экинчи агрегаты ишке берилген.
4. 1997-жылы 8-сентябрь — "Кристалл" МАКында биринчи кремний чыгарылган.
5. 2001-жылы 26-декабрь — Таш-Көмүр ГЭСни толук кубаттуулукта ишке берилген.
6. 2002-жылы 27-август — Шамалды-Сай ГЭСнин толук кубаттуулукта пайдаланууга киргизилген.

## ШААР КАЛКЫ СЫЙМЫКТАНГАН АТУУЛДАР
(ИМИ ГОРДЯТСЯ ТАШ-КУМЫРЦЫ)

**АБДРАХМАНОВ МЫРЗАЛИ АБДРАХМАНОВИЧ**
**АЙТИКЕЕВ АКПАРАЛЫ ИСРАИЛОВИЧ**
**АЛЫБАЕВ КУРМАНБЕК**
**АМАНБЕКОВ ЖОЛДОШ**
**АНАРБАЕВ БУСУРМАНКУЛ**
**АНАРКУЛОВ ТУРГУНБАЙ**
**АРТЫКБАЕВ ОСМОНБЕК МАМБЕТЖАНОВИЧ**
**АТАБЕКОВА ГУЛЬБАРА АРУНОВНА**
**АТАШЕВ КУРМАНБЕК КАЗИЕВИЧ**
**БАКИЕВ ОСМОН КЕРИМБАЕВИЧ**
**БАРКИТОВА АСИЯТ ДОСЖАНОВНА**
**БАТЫРКАНОВ АБДРАИМ САТЫБАЛДИЕВИЧ**
**БӨКӨШОВ ЖАМГЫРБЕК БӨКӨШОВИЧ**
**БОЛОТАКУНОВ ЖОЛДОШБЕК**
**БООБЕКОВ АБДЫКАДЫР**
**ДАНОВ ПЕТР АРСЕНТЬЕВИЧ**
**ДОСБАЕВ ЫМАНБЕРДИ ЫРАЙЫМБЕРДИЕВИЧ**
**ЕГОРОВ АЛЕКСЕЙ ПЕТРОВИЧ**
**ЕЛЬНИК ЛЕВ САМОЙЛОВИЧ**
**ЖАКЫПБАЕВ МАМАТНАЗАР АБДЫКАЛЫКОВИЧ**
**ЖУМАГУЛОВ САГЫНБЕК ЖУМАГУЛОВИЧ**
**ЖУСУБАЛИЕВ ИЛЬЯС**
**ИБРАЕВ МАРКЕЛ ИБРАЕВИЧ**
**ИСМАИЛОВ БЕКМЫРЗА ИМАИЛОВИЧ**
**КАБАЕВ АКБАРАЛЫ САРИНЖИЕВИЧ**
**КАДЫРОВА БАТМА КАДЫРОВНА**
**КАЗАКБАЕВ КАЛДАР**
**КАЗАКОВ ВЛАДИМИР ИВАНОВИЧ**
**КАСЫМАЛИЕВ БАЙЫШ КАСЫМАЛИЕВИЧ**
**КОЖОМАТОВ НАРЫНБЕК ТЕМИРБАЕВИЧ**
**КУЛДЫШЕВ МАМИДАЛЫ САГИНБЕКОВИЧ**
**ЛАГОДА В.В**
**МАМАСЕЙИТОВ САДЫРБЕК МОЛДОДОСОВИЧ**
**МАМАСЕЙИТОВА БУМАЙРАМ УТАШЕВНА**
**МАМАТОВ АБДЫМУКТАР МАМАТОВИЧ**
**МАМЫРОВ АБДУМАНАП МАМЫРОВИЧ**

МАСАИТОВ ИСМАИЛ ИСАКОВИЧ
МАСАЛИЕВ АБСАМАТ МАСАЛИЕВИЧ
МАСИРОВ КОШБАЙ МАСИРОВИЧ
МАХКАМОВ МАНСУРБЕК МАХКАМОВИЧ
МЕДВЕДЕВ ИВАН АНДРЕЕВИЧ
МЕҢДИГУЛОВ ЖОЛДОШБЕК
МУКАМБЕТОВ КАРТАЙБЕК
МЫРЗАКЕЕВ МАША МЫРЗАКЕЕВИЧ
МИҢБАЕВ БЕКБОЛОТ БЕКНАЗАРОВИЧ
НАЗАРКУЛОВ СҮЙҮТБЕК ДӨӨЛӨТОВИЧ
НУРМАМБЕТОВ ТЫНЧТЫКБЕК
НЫШАНОВ ТУРГУНАЛЫ МАТИЕВИЧ
ОКОМБАЕВ ТИЛЕК БУРКАНОВИЧ
ӨМҮРКУЛОВ САМИДИН ИСАТОВИЧ
ОНИШЕНКО ГЕННАДИЙ
ОСМОНОВ ШЕРМАМАТ ОСМОНОВИЧ
ПАПУЛИН ВАСИЛИЙ МИХАЙЛОВИЧ
РЫСКУЛБЕКОВ СОНУНБЕК РЫСКУЛБЕКОВИЧ
САРКУЛОВ ТУРАР САРКУЛОВИЧ
САРПАШЕВ ТАИРБЕК ДҮЙШЕКЕЕВИЧ
СООРОНБАЕВ МАНАСБЕК РАИЩБЕКОВИЧ
СЫДЫКОВ ШЕРАЛЫ МАТЕНОВИЧ
ТЕМИРБАЕВ АШИРБЕК МОЙДУНОВИЧ
ТЕМИРБАЕВ МОЙДУН ТЕМИРБАЕВИЧ
ТОКТОМАМБЕТОВА САЙНЕКЕ
ТОКТОСУНОВ ТУРУСБЕК ТОКТОСУНОВИЧ
ТОКТОСУНОВ МАКСИМ ТОКТОМУНОВИЧ
ТУРДУМАМБЕТОВ ЖОЛДОШБЕК ТУРДУМАМБЕТОВИЧ
ТЫНЫБЕКОВ ААЛЫ КАРАТАЕВИЧ
УМБЕТАЛИЕВ АКМАТ АСКАРОВИЧ
УМБЕТАЛИЕВА КАДИЧА АКМАТОВНА
ЧЫНЫБАЕВ КУДАЙБЕРГЕН ЧЫНЫБАЕВИЧ
ЧИКИЕВ ДҮЙШӨН ЧИКИЕВИЧ
ШАДЫКАНОВ КАЛЫСБЕК ТОКТОСУНОВИЧ
ШАДЫКАНОВ ТОКТОСУН
ШАРИПОВ ЖУСУПБЕК ШАРИПОВИЧ
ЭРАЛИЕВ ЗАМИР
ЮЛДАШЕВ ГАЗЫБЕК жана башкалар.

Сатыбай КАРАТАЕВ

**ТАРЫХЫ ТАМШАНТКАН ИЗДЕР**

*Экинчи китеп*

Башкы редактору: *Б.Б.Миңбаев*
Жооптуу редактору: *А. М. Темирбаева*
Компьютердик калыпка салган: *О. Э. Гданова*

Басууга 01.11.2013-ж. кол коюлду.
Форматы 60 x 84 $^1/_{16}$. Кагаз офсеттик.
Колому 14,0 б.т. + 0,75 вкл.
Нускасы 300

Басмакана «Нур-Ас»

